**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИУНИВЕРСИТЕТИ**

**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д.13.16.527 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда

УДК

**ТАЖИБАЕВА ЖАРКЫН КАДЫРКУЛОВНА**

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ИНСАНДЫ КАЛЫПТАНДЫРУУ ИДЕЯЛАРЫ ЖАНА АЛАРДЫ АДАБИЯТ САБАГЫНДА ОКУТУП-ҮЙРӨТҮҮНҮН ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы

(кыргыз адабияты)

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

**АВТОРЕРАТЫ**

Бишкек-2017

Диссертациялык иш Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасында аткарылды..

**Илимий жетекчи**: педагогика илимдеринин доктору, профессор **Рысбаев С. К**

**Расмий оппоненттер**: педагогика илимдеринин доктору, профессор Батаканова С.Т

педагогика илимдеринин доктору, профессор М.Абдыкадырова.

**Жетектөөчү мекеме**: Х.Карасаев атындагы Бишкек Гуманитардык университети( Кыргыз тили жана адабияты кафедрасы)

Диссертациялык иш 2017...-жылдын 19.01...саат 13.00 до И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж.Баласагын атындагы улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 13.16.527 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот.
Дареги:720023, Бишкек ш., 10-кичи району, Т.Саманчин көчөсү, 10а.

Диссертациялык иш менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Илимий китепканасынан таанышууга болот.

Дареги: 720040. Бишкек шаары, Раззаков көчөсү,51.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Омурбаева Д.К**

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө ишинин актуалдуулугу**: Мектептин адабият программасынан туруктуу орун алган Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын негизги мазмуну жана анын чыгармаларындагы каармандардын образдарында чагылдырылган инсандык сапаттар аркылуу жаш муундарды ар тараптан тарбиялоо келечек муундарын инсандык мыкты сапаттарга калыптандыруунун негизги үлгүлөрү болуп эсептелет. Ч.Айтматовдун чыгармалары кыргыз адабиятында эле эмес дүйнөлүк адабиятта да кызыгууларды жаратуу менен бирге нравалык, моралдык сапаттарга тарбиялоочу каражат катары таанылган. Негизинен, Ч.Айтматовдун дүйнөлүк деңгээлдеги чыгармаларындагы инсандык сапаттардын берилиши – улуттук рухубуздун бир тирөөчү жана улуттук аң-сезимдин, адамгерчилик сапаттардын, патриотуулуктун негизи болуу менен, өспүрүм жана жаш балдарга жалпы эле адамга таалим – тарбия берип, калыптандыруучулук жана үйрөтүүчүлүк мааниси боюнча мектептеги тарбиялык иштердин да мазмунун байытууга салым кошмокчу. Ч.Айтматовдун чыгармаларынын ичине камтылган негиздер улуттук аң сезимдүүлүккө, гумандуулукка, патриоттуулукка, сабырдуулукка, адамгерчиликтин баалуу каражаттарына, сезимталдуулукка, боорукердикке тарбиялайт. Изилдөө багытында бүгүнкү күндө дүйнөлүк окумуштуулардын, адабиятчылардын изилдөөлөрүнөн сырткары, кыргыздын адабият таануучу окумуштулары менен методисттердин чөйрөсүндө К.Асаналиев, А.Акматалиев, К.Иманалиев, Б.Алымов, Н.Ишекеев, С.О.Байгазиев, А.Муратов, М.Р.Рахимова, С.Рысбаев сыяктуу көптөгөн окумуштуулар Ч.Айтматовдун чыгармаларын изилдөө менен илимий чөйрөгө көптөгөн өзөктүү сунуштарды киргизишүүдө. Атап айтканда, булардын ичинен К.Асаналиев Ч.Айтматовдун чыгармаларын ар тараптан изилдөөгө алып, анын жалпы адамзаттык маани-маңызын кеңири ачып берсе, окумуштуу-педагог С.Байгазиев Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы педагогикалык идеяларды дээрлик системалаштырып,

андагы экологиялык проблемаларды алып чыкса, методист К.Иманалиев Б.Алымов жана А.Муратовдор жузуучунун мекиеп программасына кирген повесть-романдарынын тарбиялык маанисин ачып, образдарын ар тараптан изилдеп, алардагы жаш муундарды адамкерчилик, патриоттук мыкты сапаттарга үндөгөн сапаттарын иргеп алып, аларды сабакта окуучуларга кантип жеткирүүнүн, ал аркылуу тарбия берүүнүн жол-жоболорун сунушташкан.

Ал эми биз сөз кылган маселени методикалык жактан чечүүдө профессорлор И.Бекбоевдин, Э.Мамбетакуновдун эмгектеринде инсанга багыттап окутуу жана психодидактика багытындагы идеялар колдонууга толук татыктуу. Алсак, И.Бекбоевдин өзүнүн "Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык меселелери" деген эмгегинде инсан үчүн зарыл болгон илимий түшүнүктөрдү, изилдөөлөрдү, каражаттарды, методдорду, традициялык жана инновациялык сабактын түрлөрүн, интерактивдүү окутууну жана башка көрсөткүчтөрдү сунуштаган. Ошондой эле, орус педагогдорунун эмгектеринде сунушталган көптөгөн принциптер, методдор, аларды оптималдаштыруу, окутуу-тарбиялоо процесстерин конструкциялоо, адымдоо методдору, окутуудагы проблемалуулук, окутуунун интерактивдүү жана салттуу ыкмалары, интерактивдүү оюндар, окуу материалын өздөштүрүүдөгү этаптуулук, (Г. Н. Волков, Л. С. Выготский, А. Н. Леонтев, А. Н. Ковалев, С. Л. Рубинштейн, Р. С. Немов, Е. И. Исаев, М. Н. Скаткин, В. А. Сластенин, И. В. Харламов, Л.А.Шейман, Н.М.Варич, М.Х.Манликов а ж.б) жана кыргыз этнопедагогикасындагы (Н. А. Асипова, Н. Ишекеев А. Алимбеков, Б. Апышев, С. О. Байгазиев, Н. И. Имаева, Б. И. Исаков, С. И. Иптаров. А. Т. Калдыбаева. А. Ж. Муратов, С. К. Рысбаев, Т. О. Ормоновдор) тарбия идеялары, багыттары, тарбия каражаттары, методдору жана принциптери боюнча илимий эмгектери биздин изилдөөбүзгө таяныч болуу менен бирге, илимий методологиялык негиз болуп берди. Булардан сырткары, кыргыз

адабиятын окутуу боюнча методисттердин эмгектериндеги чыгармаларды үйрөтүү боюнча сунуштар (К. Иманалиев, Н. Ишекеев, Т. Молдогазиев, Н. Кангелдиев, Б. Алымов, С Момуналиев, С. Сакиева,С. Батаканова, Д. Саалиева, А. Турдугулов) жана мектеп мугалимдеринин тажрыйбалары изилдөөбүздүн өзөгүндө кеңири пайдаланылды. Жалпысынан алганда, Ч.Айтматовдун чыгармаларынындагы оң каармандар аркылуу чагылдырылган адамкерчилик-атуулдук сапаттар аркылуу жаштарды инсандык мыкты сапаттарга калыптандыруу ишин илимий-методикалык жактан изилдөөгө арналган диссертациялык ишибиздин актуалдуулугу учурда абдан жогору жана маанилүү. Анткени андагы инсандык сапаттар улуттук баалуулуктар менен теңдеш жана элдик да, илимий да педагогиканын тарбия түрлөрү менен мазмундаш, таалим-тарбиянын мыкты үлгүлөрү болуп эсептелет.

Бүгүнкү күндө Ч.Айтматовдун чыгармалары мектеп программасында, атап айтканда, 5-класста “Ак кеме” повестинен үзүндү “Бугу эне” темасына 2саат, “Атадан калган туяк” аңгемесине 3 саат, 6-класста “Биринчи мугалим” повестине 5 саат, “Бетме-бет” повестине 5 саат, 7-класска “Эрте келген турналар” повестине 6 саат, 9-класста жазуучунун өмүр баяны жана “Саманчынын жолу”,”Ак кеме” повестине 8 саат, ал эми 11-класста “Жамийла”, “Делбирим”, “Деңиз бойлоп жорткон ала дөбөт”, “Гүлсарат” жана “Кылым карытар бир күн” романына жалпы 20саат Ч.Айтматов-публицист. “Ысык көлдүн куту жана күнү”, “Бизди ойготкон китептер”(2) саат жалпы 22 саат негизинен бардык класстарга 51 саат. Бул жазуучунун чыгармаларынын мазмунун үйрөнүүнө мүмкүн болушунча шарт түзүп берери шексиз. Ошентсе да, төмөндөгүдөй кыйынчылыктар кездешүүдө:

Биринчиден, учурда мектеп окуучулары көркөм-адабий китептерди жакшы окубай, мектепте алардын түп нускасы менен таанышпай эле, сабакта алган маалыматтар менен чектелүүдө.

Экинчиден, чыгармаларды сабактан окуп-үйрөнүшкөнү менен, анын

каармандарынын мыкты сапаттары жеткире талданылбай, сюжети менен гана чектелип, алар аркылуу инсандык мыкты сапаттарга тарбиялоого анчалык маани берилбей келгени байкалууда.

Үчүнчүдөн, мектептерде адабият сабагын окутуу боюнча түзүлгөн мамлекеттик стандарттагы компетентүүлүктөр, андагы окуучулар ээ болуучу натыйжалар, окуучунун билимин баалоо стратегиялары мектептерге жетпей жатат;

Төртүнчүдөн, мектептерге Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутуу тууралуу методикалык эмгектерде мугалимдер ал чыгармалардагы мыкты каармандар аркылуу чагылдырылган инсандык үлгү сапаттарды системалап, мүнөздөп, аларды балдарга жеткирүү жолдору, таалим-тарбия методдору менен каражаттары иштелип чыкпаган.

Андыктан, мектептердеги адабият сабагын окутуу системасында адабий-теориялык аспектиге гана басым коюлбастан, адабият педагогикалык каражат экендигин эске салуу менен, айрыкча Ч.Айтматовдун чыгармаларын окуп-үйрөнүүнү заманбап технологиялар менен окутуу, анын жаңы жол-жоболорун иштеп чыгуу зарылдыгы көрүнүүдө.

Тандап алган темабыздан актуалдуулугу кыргыз мектептериндеги жогорку класстын окуучуларын инсандык, ыймандуулук, нравалык, моралдык сапаттарга, улуттук баалуулуктарды өздөштүрүүгө калыптандырууда Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттарын окутуунун жана тарбиялоонун интерактивдүү жана салттуу усулдар менен натыйжалуу жүргүзүлүшү.

Ушул багытта алганда, колубузга алган диссертациялык изилдөөбүздүн маанилүүлүгүн, азыр зарылдыгын баса белгиледик жана аны атайын изилдөөбүздүн темасы кылып алдык.

**Теманын ири илимий программалар (долбоорлор) же негизги илимий изилдөө иштери менен байланышы.**

Диссертация Жалал-Абад Мамлекеттик университетинин Башталгыч

билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасынын 2010-2017-жылдардагы илимий изилдөө иштери менен байланышат.

**Изилдөөнүн обьектиси:** Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттары аркылуу окуучуларды инсандык сапатын калыптандыруу.

**Изилдөөнүн максаты:**

Кыргыз адабияты сабагында жогорку класстын окуучулары инсандык, нравалык сапатка калыптандырууда Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандарынын инсандык үлгү сапаттары аркылуу окутуунун теориялык-методикалык моделин иштеп чыгуу, аларды практикада колдонуунун жолдору менен ыкмаларын аныктоо, аны тажрыйбада сунуштоо.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

-жаш муундарга инсан катары тарбия берүү идеяларынын маани маңызын ачуу, инсандык мыкты сапаттарды системалоо, инсандык сапаттарга тарбиялоо боюнча педагогикалык-психологиялык, методикалык адабияттарды талдоо;

-мектептин жогорку класстарында окуп-үйрөнүлүүчү Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттарын анализдөө, аларды системага салуу;

- Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттары аркылуу жаш муундарды тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрүн ачуу, аларды окуп үйрөнүүнүн технологияларын иштеп чыгуу 5-11 класстар үчүн;

Иштелип чыккан методдорду жана технологияларды педагогикалык экспериментте сыноо, анын натыйжаларын практикага сунуштоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу**:

-инсандык, тарбия берүүдөгү көйгөйлөргө жараша Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү, адамгерчилик сапаттарынын иргелип алынышы, алардын тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүнүн аныкталышы;

-мектеп программасынын негизинде инсандык атуулдук таалим-тарбия берүү идеяларынын системага салынышы;

-мектептерде Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы үлгү каармандарды талдап-үйрөнүүдө окуучуларга атуулдук тарбия берүү боюнча моделди иштеп чыгуу жана ал модел боюнча иштөөнүн методдордун, технологиялардын сунушталышы;

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:**

Изилдөөнүн жыйынтыктары кыргыз адабиятын мектепте окутуу боюнча стандарттарды, окуу программаларын, окуу китептери менен методикалык адабияттарды мындан ары өркүндөтүүдө, мектептеги класстан тышкаркы жумуштарды жүргүзүүдө, адабий ийримдерди өткөрүүдө, аларда окуучуларга адамгерчилик, атуулдук тарбия берүүгө үйрөтүүдө колдонулат; ЖОЖдордо окутуучулар болочок мугалимдерге адистик билим берүүдө, аспиранттар, изденүүчүлор Ч.Айтматовдун чыгармаларын тереңдеп изилдеп үйрөнүүдө, мектептерде методисттер, мугалимдер окуучуларга жазуучунун чыгармаларын өтүүдө пайдаланат.

Окуу китептерин, окуу методикалык куралдарды иштеп чыгуу класстан тышкары иш чараларды уюштуруу жолго салынат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор.**

Илимий-педагогикалык жана илимий-методикалык адабияттар, окумуштуу адабиятчылардын эмгектери, окумуштуу психологдордун эмгектери изилдөөдөгү практикалык-теориялык тажрыйба катары колдонулуп, алардын негизинде усулдук колдонмо, окуу китептерин сунуш кылуу.

Кыргыз мектептериндеги жогорку класстын окуучуларын инсандык,

нравалык сапаттарын калыптандырууда Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттары аркылуу окутуп тарбиялоонун бирдиктүү моделин түзүү, “Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттары аркылуу жогорку класстын окуучуларын инсандык, нравалык сапаттарга калыптандыруу” деген темада атайын программа чыгарылды жана сунушталды. Ошондой эле салтуу жана интерактивдүү сабактардын иштелмеси камтылды (мээ чабуулу, сабак диспут, тегерек стол, ролдук оюндар ж.б)

Коомдун талабына ылайык жаш муундарды инсандык сапаттарга тарбиялоо жана инсандык мыкты сапаттардун калыптандыруу.

-Ч.Айтматовдун чыгармаларынын каармандарынын образдарында инсандык мыкты сапаттар чагылдырылган, аларда тарбия берүүнүн мыкты үлгүлөрү, идеялары, мазмуну, маңызы жана мүмкүнчүлүктөрү кеңири колдонуу.

-каармандардын образдарындагы инсандык үлгү сапаттардын негизинде мектеп окуучуларын инсандын мыкты сапаттарга калыптандыруу өзүнчө методикалык системаны, ыкмаларды, шарттарды жана методдорду талап кылат жана алар мектепте адабият сабагынын маани-маңызын мандан ары жогорулатат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттары кенен талдоого алынды жана аларды кыргыз адабияты аттуу атайын окуу курсунда пайдалануунун жолдору, ал аркылуу балдарга инсандык, ыймандуулук, боорукердик сапаттарга тарбиялоого мугалимдерди жана окуучуларды үйрөтүүнүн педагогикалык шарттары методдору иштеп чыгып, практикага сунушталды, эксперментте сыналды жыйынтыктар алынды.

**Илимий издөөнүн натыйжаларын апробациялоо:** Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктары Жалал-Абад Мамлекеттик Университетинин окумуштуулар кенешинин, аталган окуу жайынын педагогика жана

психология кафедрасынын, башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасынын жыйындарында, Сузак райондорунун мектеп гимназияларында,№10 Көгарт гимназиясы мектебинде, №60 Т.Алымкулов, №70 Т.Темирбаев гимназя мектебинде жана №21 Ж.Алыбаев, №3 Ж.Бакиев шаардык мектептеринде жасалган докладдарда, "Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык сапаттарды колдонуунун негиздери" аттуу атайын курсунун программасында изилдөөнүн жыйынтыктары тастыкталды;

- Изилдөөнүн негизги багыттары, мазмуну эксперимент өткөрүлгөн мектептерде апробацияланды. Мындан сырткаркы диссертациялык изилдөөлөр талкуланды.

- Изилдөөнүн эксперименталдык базасы-Сузак районундагы №10 Көгарт мектеп гимназиясы, №60 Т.Алымкулов, №70 Т.Темирбаев атындагы орто мектептерди, Жалал-Абад шаарындагы Ж.Алыбаев атындагы №21, Ж.Бакиев атындагы №3- мектептер алынган.

- Изилдөөнүн биринчи этабы (2010-2012жж) изилдөөнүн темасына ылайык нармативдик адабияттарга, теориялык, педагогикалык, психологиялык, методикалык эмгектерге, алардагы инсан, анын инсандык баалуулуктар, анын мүнөздөмөлөрү Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын сапаттары жана алардын талданышы ж.б.илимий изилдөөлөргө кеңири талдоо жүргүзүлдү. Ч.Айтматовдун программалык материалдарына теманын негизинде иликтөө жүргүзүлүп, анын каармандарын алып жүргөн инсандык баалуу сапаттары мүнөздөлүп системага салынды.
  Изилдөөнүн актуалдуулугу, изилденип жаткан проблеманын абалы такталып, максаты, милдети жана баалуулуктары менен жаңылыктары такталды;
- Изилдөөнүн экинчи этабы (2013-2014-жж.) иштелип чыккан эксперименттик материалдар боюнча мектептерде сурамжылоолор,

атайын окуулар, семинарлар уюштурулуп, топтолгон бардык материалдар талданып, системалаштырылды, биздин сунуштарды эффективдүүлүгү текшерилди.

- Изилдөөнүн үчүнчү этабы (2014-2016-жж.) темага ылайык мектептерде жүргүзүлгөн эксперимент жыйынтыкталды, натыйжада “Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык сапаттарды окутууда колдонуунун таалим тарбиялык ролу” атайын окуу курсунун программасы менен окуу иши жүргүзүлдү, мугалимдердин жана окуучулардын компетенттүүлүгүнүн мониторинги чыгарылды, жетишкендиктери бааланды. Натыйжада диссертациялык иликтөөлөр жыйынтыкталды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:**

Илимий иштин негизги материалдары илимий практикалык конференцияларда, кафедранын жыйындарында баяндама катары окулду.

Диссертациянын негизги мазмуну 18 макалада (анын ичинен 3 макала чет өлкөдө жарыяланган) Ошондой эле автордун ЖАМУда иштеген илимий-педагогикалык тажрыйбасы жалпылаштырылды. Андан сырткары бир методикалык колдонмо жарык көрдү.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү:** Диссертация киришүүдөн, үч главадан жана алардан келип чыккан корутундулардан, жалпы корутундудан, тиркемелерден, пайдаланган адабияттардын тизмесинен (170) таблицалардан, сүрөттөрдөн турат.

Көлөмү 180 анын ичинен диссертациянын тексти 160 бет.

Теманын актуалдуулугу, проблемалуулугу, изилдөөнүн максаты, милдеттери аныкталып, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоого алып чыгуучу негизги жоболору, натыйжалары чагылдырылды.

# ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Биринчи глава “Инсандын белгилери аны адабият сабагында окуп-үйрөнүүнүн, калыптандыруунун негиздери жана Ч Айтматовдун чыгармаларындагы каармандарынын үлгү сапаттарынын чагылдырылышы”** деп аталып, инсан жана аны калыптандыруунун теориялык негиздери менен бирге Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапатары боюнча түшүнүктөр каралды.Инсан түшүнүгү боюнча окумуштулар А.Н.Леоньтев, М.В.Гомезо, М.Г.Ярошевский, Л.Г.Ковале, Р.С.Немов, Л.С.Выгодский, В.А.Крутецкий, А.А.Бодолев, Н.И.Кудряшова, М.В.Черкезова, Л.А.Шейман, Н.М.Варич, М.Х.Манликова, Э.И.Исаев, К.Миңбаев, Ж.Жумалиева ж.б. эмгектери терең анализге алынды.Инсандын түшүнүгүн өздөштүрүү үчүн биз индивид, адам, инсан түшүнүктөрүн карап көрөлү. Индивид дегенде адамдын биологиялык жан катары ага тиешелүү болгон сапаттуу өзгөчөлүктөрүн түшүнөбүз.

Адам-адамдын биологиялык жан катары сүт эмүүчүлөр классында кирүүсүндөгү спецификалык өзгөчөлүгү-анын түз басуусунда, колдорунун эмгекке ылайыкташуусунда, эң жогорку денгээлдеги өнүккөн баш мээге ээ болуп, коомдук социалдык жан экендигинде, ошону менен бирге аң-сезимге ээ болуусу менен дүйнөнү обьективдүү жагылдуруу менен өз кызыкчылыгына, керектөөсүнө жараша чөйрөнү кайра түзүүгө жөндөмдүү. Индивидуалдуулук – ар бир адам өзүнүн спицификалык өзгөчөлүгө ээ. Инсандын жеке өзүндөгү айырмачылыгы жана индивидаулдугу. Индивидаулдук-интелектуалдык, эмоцианалдык жана эрктик сфераларда да айырмаланат. Инсандын калыптануусуна ишмердүүлүк оюн, окуу, эмгек ишмердүүлүктөрун, карым –катнаш, коом жана тарбиялоо, чөйрө таасир этет. Инсандын түзүлүшүнө адамдын жеке псикалык өзгөчөлүгү, таануу процестери, мүнөз, темперамент, жөндөмдүлүк кирет.

Инсан кайталангыс өзгөчөлүккө ээ болгон өнүккөн индивид деп аталат.

Инсанды ар тараптан калыптандыруунун негизги факторлору социалдык, биологиялык, жаратылыштык, психологиялык, тарбиялоо жана эмгек ишмердүүлүктөрү кирет.

Инсандын белгилери аны жана өнүктүрүүнүн өзгөчөлүктөрү тууралуу педогогикалык-психологиялык адабияттарда гана эмес, эмгектерде окутулуучу көркөм чыгармаларда да берилип, анын негизинде кенже мектеп классынан, өспүрүм курак жаштык мезгилдерин камтып окутуу менен бирге тарбиялоону да бирдиктүү жүргүзүшүбүз бүгүнкү күндүн талабы катары алдыга чыгып отурганы кеңири сөз болду.

Окуучуларды инсандык үлгү сапаттарга окутуп үйрөтүүнүн кандай сапаттары бар? –деген суроолорго көңүл буруп, адам инсан катары калыптанууда көптөгөн этаптарды басып өтөрүн билебиз жана инсан түшүнүгүнө кайрылабыз. Психолгия илиминде инсан термини 2мааниде түшүндүрүлөт. Биринчи мааниде аң-сезимге ээ болгон адамдардын бардыгы инсан деп эсептелинет. Экинчи мааниде псикалык жактан өнүгүү деңгээлине жетишкен адам гана инсан болуп эсептелет “өнүгүү деңгээли” деген адамдагы өзүн-өзү сындаган, өзүн-өзү кабыл алган, өзү мени менен башка адамдан айырмаланган, жеке моралдык талабы тигил же бул нерсеге баасы бар, жоопкерчиликтүү адам. Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын адамгерчилик үлгү сапаттарынын чагылдырылышын изилдөө боюнча окумуштуулар А.Акматалиевдин, К.Асаналиевдин, А.Муратовдун, Н.Ишекеевдин, С.Байгазиевдин, Б.Керимжанованын, Г.Гачевдин, Э.Абдырасулованын, С.Рысбаевдин ж.б окумуштуулардын эмгектери анализге алынды.

Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын адамгерчилиги алардын үлгү сапаттары терең анализге алында.Биз жазуучунун белгилүү эки чыгармасы тууралы сөз кылалы. Мисалы: “Саманчынын жолу”, “Ак кеме” повестериндеги адамдык мыкты сапаттарды таблица аркылуу берели.

№1 таблица 1.1.Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык баалуулук сапаттарынын мүнөздөмөсү.

| Чыгармалары | Каармандары | Үлгү сапаттары | Кандай сапаттарга тарбиялайт |
|---|---|---|---|
| “Саманчынын жолу” | Толгонай ,<br><br>Субанкул<br><br>Майсалбек | Боорукердиги, кайраттуулугу, мекенге болгон сүйүүсү, энелик мээриминин чексиздиги, келинине, небересине болгон тунук мамилеси, айылга кошуналарга болгон урматтоосу, жоокер балдарына болгон туура тарбиясы мекенчилдиги<br><br>Мекенчил,ар намыстуу, адамгерчиликтүү,эмгекчил<br><br>Мекенчилдиги,кайраттуулугу, энени урматтоосу, өз кызыкчылыгынан мекендин кызыкчылыгын жогору коюусу, мугалимдик кесипке умтулуусу, энени баалап, аяп, ички сезимдерин кат аркылуу билдирүүсү | Боорукердикке,кайраттуулукка, каармандыкка, мекенди сүйүүгө, энелик мээримге, бүгүнкү күндө жат болуп калган кошуналык ыйык мамилеге, улуттук маданиятка , элдин келечеги болгон аскердик тарбияга, жаратылышты сүйүүгө, адамды инсан катары баалай билүү, эмгекчилдикке, мекенчилдикке.<br><br>Мекенди сүйүүгө, кайраттуулука, боорукердикке, инсандык сапаттын калыптанышына, аскердик милдетти жогору коюуга, энени сыйлоого, мугалимдин ордун баалоого, ыймандуулукка, өз кызыкчылыгынан мекенди жогору коюуга. |
| | Алиман | Боорукер, ишенчээк, ак ниет, энени урматтоосу, адамгерчилиги жогору | Боорукердикке, энени сыйлоого,адамгерчиликке |
| | Жайнак | Мекенчил, боорукер, жаш болсо да суранып аскерге барып, өмүрүн мекенге арнады. | Мекенчилдикке, ата-журттун милдетин алууга |

Таблица.1.2

Ал эми “Ак кеме” повестиндеги каармандардын үлгү сапаттарын талдасак:

| чыгармалары | каармандар | Бөлүнгөн сааты ,классы | Үлгү сапаттары | Эмнеге ,кандай сапаттарга тарбиялайт? |
|---|---|---|---|---|
| “Ак кеме” | Момун<br><br>Гүлжамал<br><br>Кулубек | 9-кл<br>4саат | Адамгерчилиги, ыймандуулугу, боорукердиги, балага болгон жылуу, мээримдүү мамилеси, экологияны баалоосу, адамгерчилик, сапаты, эмгекчилдиги, адамдарга туура таза мамиле жасоосу<br><br>Ак көңүл, боорукер, эмгекчил<br><br>Ак көңүл, боорукер, балага адамгерчиликтүү мамиле жасайт. | Адамгерчиликке, ыймандуулукка, боорукердикке, жаратылышты сүйүүгө, жан-жаныбарларды коргоого, тарбиялайт.<br><br>Боорукердикке, адамгерчиликке |
| | Бала | | Боорукер,ак ниет, ишенчээк, жаратылышты баалайт, таятанын жомогуна ишенет, ата энесин сагынат,ак кемени дайыма күтөт, Бугу энеден таежесине бешик сурайт, ак кагаздай пейили таза , наристелик тазалыгы | Боорукердике ,наристедей таза пейилге,жаратылышты сүйүүгө,жомокторду баалай билүүгө,улууларды сыйлоого,үй-бүлөнү сактоого,ажырашуунун негизинде баланы башкаларга көз каранды кылбоого |

Мектептерде окутууга дал ушундай үлгү болрлук сапаттарды салтуу жана интерактивдүү усулдар менен айкалыштырып окуу сунушталса бүгүнкү күндөгү жаш муундарды окууга кызыктыруудан сырткары адамгерчилик, ыймандуулук, боорукердик сапаттар калыптанат деген ойдобуз.

**Экинчи главага "Ч.Айтматовдун повесттериндеги каармандардын үлгү сапаттарын окуп үйрөнүү жана ал аркылуу окуучулардын инсандык сапаттарын калыптандыруу формалары жана методдору "** деп аталуу менен анда белгиленген жана изилденген окутуунун усулдары салттуу жана интерактивдүү болуп бөлүнүп төмөнкүдөй негизде берилет. Окумуштуу Н.Ишекеевдин "Көркөм чыгармаларды окутуунун методикасы" деген эмгегинде Н.И.Курряшевдин бөлүштүрүүсү боюнча окутуунун салтуу методдорун негиз кылып алдык төмөнкүдөй белгиленет.

Эксперименттибизде көркөм окуу методун колдондук. Мында Ч.Айтматовдун чыгармаларын окууда, сөзгө, фразага, образдаргы көңүл буруу менен, окуучулардын кыялданып, эмоционалдык толгонуу сезимдерин ойгонордун байкадык.Окуучуларды көркөм сөздү угууга,аны баалоого андан ырахат алууга, өз оюн айтууга жана көркөм жазууга машыктыруу керек деген чечимге келдик.

Жарым-жартылай изилдөөчүлүк методун колдонуу менен, окуучулардын билим алуу логикасынын кийинки баскычы окуу материалынын кеңейиши жана окуу ишмердигинин түрүнүн өзгөрүшү менен шартталарын байкадык. Бул баскычта окуучулардын эмоционалдык кабыл алуусу тереңдеп, алардын интеллектуалдык аракети күчөйт. Чыгарманы өздөштүрүү, аны анализдөө, жазуучу чагылдырган көркөм, адептик, коомдук жана философиялык ж.б. проблемаларды чечүү менен айкалышыт. Мугалимдин милдети бул проблемаларды интерактивдүү негизде көтөрүп чыгууга, көркөм текстен аларды табууга, чыгарманы анализдөөгө, оозеки жазуу түрүндө өз ойлорун

так,тартиби менен айтып берүүгө багыттоо. Жарым-жартылай изилдөө методу аталган адабий педагогикалык процессти уюштурууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Изилдөөчүлүк методду колдонуу менен да жакшы ийгиликке жетиштик, аны колдонуу максаты-Ч.Айтматовдун чыгармаларын окуп-үйрөнүүдө алардын мазмунун, түшүнүктөрдүн жаңы жактарын, өңүттөрүн ачып көрсөтүү, чыгармага өз алдынча талдоо жүргүзүүгө машыктырууну өнүктүрүү, анын идеялык жана көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн баалоого каныктыруу, алардагы инсандык баалуулуктарды алып чыгуу, системалоо, алар менен бирге, көркөм табитти өркүндөтүү, ага жетишүү проблемалуу суроолорду берүү менен изилдөөчүлүккө багытталган тапшырмаларды сунуштоо жолдору аркылуу ишке ашырылат.

Репродуктивдүү методду колдонууда Ч.Айтматовдун чыгармалардагы инсандык баалуулуктар боюнча окуучулар билимдерди даяр түрүндө-мугалимдин сөзүнөн, аңгемесинен, лекциясынан, китептен, окуу куралдарынан, илимий-популярдуу булактардан, сын макалалардан ж.б. алышат. Ошентсе да, репродуктивдүү метод-догма эмес, окуучуларга айтылган билимди механикалык түрдө эске тутууда эмес, акыл-эске сиңирип түшүнүүсүндө. Билимдин күчү эске тутууда эле эмес, окуучунун ой жүгүртүүсүнүн интенсивдүүлүгүнө да байланыштуу: “Эске тутууну жана интеллектуалдык активдүүлүктүн бийик формаларына багыттоону айкалыштыруу, ийгиликтүү жаттоого жана эске тутуунун продуктивдүү болушуна бекем негиз түзөт” (Смирнов А.А Проблемы психологии памяти.-М.:Педагогика, 1996-С.332.).

Биз изилдөөбүздө интерактивдүү ыкмаларды ыраттуу колдондук, окуучулар менен Ч.Айтматовдун чыгармаларын интеактивдүү жолдор менен ачык суроолор аркылуу аңгемелештик. Бул учурда аталган методду колдонунун негизги шарттары төмөнкүлөрдөн турарын көрсөттүк:

-Сабактын максаты так жана айкын коюу. Мугалим окуучулар топто иштөөдө ал иштин эрежелерин, маанисин түшүнгөндүгүнө жана аларды кабыл алып, топто иштөөгө даяр экендиктерине ынанышы зарыл:

-Мугалим окуучулар жамаатынын өзгөчөлүгүн жана биргелешип иштөөгө даярдыгы канчалык даражада экендигин эске алуусу керек:

-Максаттар жана милдеттерди так коюу менен аларга жетүүнүн көрсөткүчтөрүн так аныктоо маанилүү роль ойнорун эске алуусу оң ж.б.

Ч.Айтматовдун чыгармаларын окууда интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен инсандык баалуулуктарга окуучуларды үйрөтүү иштерин жүргүзүүнүн артыкчылыктарына токтоло кетели. Тажрыйба көрсөткөндөй, интерактивдүү метод окуучунун аң-сезимине, туюмдарына, эрктик сапаттарына таасирин тийгизет, ошондой эле аларды илимий жана практикалык билимге, билгичтикке көндүмгө тарбиялайт. Темага жараша алардын инсандык баалуулуктарды өздөштүрүүсүнүн деңгээлин жана пайызын жогорулатат.

Биз көрүп тургандай, бул метод талдоого, түшүнүүгө, синтездөөгө жана практикалык көндүмдөрдү белгилүү акедемиялык убакытта алууга мүмкүндүк түзөт.

Булардан сырткары, сабактарда, акыл чабылуу, талкуу сабактары, тегерек үстөл, кейс (англ.Case-“окуя”), симпозиум, форум сабактары өткөрүлүп, Ч.Айтматовдун чыгармаларын сахналаштыруу менен, ролдук оюндарды жүргүздүк. Ошентип, бул главада Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттарын окутуудагы усулдарды колдонуу боюнча окумуштулардын изилдөөлөрүндөгү көз караштарына таянуу менен, жазуучунун ар бир чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттары кенен, талданып, проблемалык изилдөө методу, окуу жана түшүнүү ыкмалары, изденүү жана талдоо, окуу жана аңгемелешүү методдору ошондой эле жогоруда аталган интеративдик методдорду илимий ишибизге негизги

каражат катары алдык.

Сабак өтүүдө каражат катары төмөнкү сабактардын түрлөрүн колдондук.

Таблица№2.1.

**Сабактардын түрлөрү**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1)Жаңы билимдерди өздөштүрүү сабагы | Ык-машыгууларды көндүмдөрдү үйрөтүү сабагы | Кайталоо, жалпылоо, бышыктоо сабактары | Билгичтик билимди эсепке алуу жана текшерүү сабагы |
| Интеграциялык сабак<br>Окуу конференциялары (Пресс конференция)<br>Сабак-экскурция<br>Сабак-саякат<br>Сабак-эксклюзивдик | Практикалы сабак<br>Диалок- сабак<br>Иштиктүү оюндар<br>Ролдук-оюндар | Оюн сабактары<br>КВН<br>“Керемет талаасы”<br>“Бактылуу учур”<br>Сабак-инсценировка<br>Сабак-конкурс<br>Сабак-семинар | Сабак-конференция<br>Сабак-мелдеш<br>Сабак-зачет<br>Сабак-викторина<br>Чыгармачыл иштерди коргоо сабагы |

Белгилүү окумуштуу А.Муратовдун “Ала-Тоодон ааламга үн салган Айтматов” деген эмгегинде жазуучунун чыгармаларындагы адептүүлүктүн негизин камтыган идеяларды кантип жана кандай каражаттардын негизинде окутуунун жролдорун сунуштаган.

Жалпы алганда Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык мыкты сапаттардын чагылдырылышы жана белгилерин аныктоодо төмөнкүлөр эске алынат. Алар төмөндөгү жагдайлар.

Таблица 2.2. Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу инсандык баалуулктарды үйрөнүүнүн методикалык шарттары:

| |
|---|
| 1. Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык сапаттарга таянуу, аны өздөштүрүүнүн жол жоболорун аныктоо, пайда болгон карама-каршылыктарды жоюу, түрдүү жагдайларды үйрөнүү, оң каармандардын жүрүм турумун, үлгү сапаттарын эске алуу. |
| 2.Жаш муундардын аң-сезимдүү, адамгерчиликтүү өсүүсүнө шарт түзүү<br>Оң каармандардын мыкты сапаттары аркылуу үлгү сапаттарга тарбиялоо. |
| 3.Чөйрө жана мезгил талаптарына шайма шай келген, улуттук маданий талаптарды эске алуу |
| 4.Гумандуулук мамилелерине көңүл буруу.<br>5.Үй-бүлө, мектеп жана чөйрө байланышын чыңдоого багыттоо. |
| 6.Жаш муундарды адамгерчиликтин негизхинде жеткиликтүү билим берүү<br>7.Жалпы адамзаттык жана интернационалдык башталмаларды көңүлгө алуу ошонгдо да баланын өз улутуна да, дүйнөлүк цивилизацияга да таандык субъект экендигине басым коюу. |
| 8.Ыймандык сапаттардын калыптанышына басым жасоо.<br>9.Экология менен адамзаттын байланышына негиги көңүл буруу. |

Мына ушундай шарттарды анализдерден кийин мектептердеги эң манилүү проблемалдын бири болуп окуучулардын инсандык сапаттарын калыптандыруудагы көркөм адабияттын орду жана аны туура жүргүзүү болуп эсептелерине ынандык. Анткени изилдөөбүздүн өзөгүн камтыган маселелер боюнча мектеп мугилмдери жана окуучулар менен аңгемелешүү, тест, дил баян жана байкоонун түрлөрүн жүргүзгөнүбүздө аларда каармандардын инсандык сапаттарына көбүрөөк кызыкканы байкалды, ошондой эле чыгармачыл дил баян, анын ичинде, улама дил баян жаздырганда каармандардын инсандык үлгү сапаттарына баа берүүгө айрыкча басым койдук. Анын эсебинен, окуучулардын жооптору аркылуу алардын ички дүйнөсү жогорку деңгээлде ачылганы байкалды.

**Үчүнчү глава** “Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык сапаттардын мисалында окутууну калыптандыруунун моделин жүзөггө ашыруу боюнча жүргүзүлгөн эксперимент”; деп аталып анда изилдөөнүн

жүрүшү жана жыйынтыктары чагылдырылды. Изилдөөбүздө Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандар аркылуу инсандык үлгү сапаттар, аларга жараша жаш жеткинчектерди калыптандыруу идеялары системалык түрдө биринчи жолу иштелип жаткандыктан, окуу программасына киргизилген бардык чыгармалары кеңири талдоого алынып, алар боюнча мектеп мугалимдери жана жогорку класстын окуучулары менен пикир алышууларда, тест жүргүзүүдө, сабактарга катышууда, дил баян жазууда, мектептик олимпиядаларда, ж.б. практикалык иштерибизде бир катар сыноо иштерин жүргүздүк.

Таблица:3.1. Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы үлгү сапаттарды мектеп окуучуларына үйрөтүүнүн модели.

| **БАГЫТ БЕРҮҮЧҮ БЛОК** | | |
|---|---|---|
| Инсандык сапаттарды илимий теориялык жактан иликтөө, жалпылоо | Инсандык үлгү сапаттарды камтыган каармандарды иликтөө | Каармандардын үлгү сапаттарынынын системасын түзүү |

| **УЮШТУРУУ БЛОГУ** | | | |
|---|---|---|---|
| Үлгү каармандарды мүнөздөп аңкета аркылуу сурамжылоо | Окуу түшүнүктөрүн кызыгууларын талдоо, системалоо | Окуу көз караштарын бекемдөө, ишендирүүгө багытто | Үлгү сапаттарын үйрөтүүнүн программасын иштеп чыгуу |

| **МАЗМУНДУК БЛОК** | | |
|---|---|---|
| Чыгармалардагы каармандардын үлгү сапаттарын мүнөздө | Каармандардын үлгү сапаттарын классификациялоо | Үлгү сапаттарды ар тараптан окуп үйрөнүүнүн мазмундуулугу |

| **ОКУТУУНУН КАРАЖАТТАРЫ** | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Чыгармадагы эпизоддук каармандар | Методдор интерактивдүү, салтуу усулдар | Үйрөтүүнүн технологиясы | Үлгү сапаттарынын иштелмелери | Класстан тышкаркы иштер |

| ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ ЖАНА БААЛОО БЛОГУ | | | |
|---|---|---|---|
| Критерийлер | Калыптандыруучу баалоо | Суммативдик баалоо | Диагностикалык баалоо |

Таблица№4: Окуучулардын чыгармалардагы инсандык баалуулуктарды кабыл алуу деңгээли.

| Топ | Окуучулардын саны | “Кыямат” | “Кылым карытаар бир күн” | “Саман чынын жолу” | “Гүлсарат” | “Биринчи мугалим” | “Бетме-бет” | “Тоо Кулаганда” | “Эрте келген турналар” | “Жамийла” |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Б. | 210 | Тажрый чейин-26 | 31 | 22 | 25 | 27 | - | 16 | 37 | 8 |
| | | Тажрыйб. кийин-67 | 74 | 65 | 69 | 74 | 56 | 81 | 92 | 79 |
| Т. | 230 | Тажрый чейин-47 | 52 | 61 | 49 | 56 | 24 | 39 | 44 | 41 |
| | | Тажрыйб. кийин-164 | 170 | 168 | 174 | 149 | 181 | 180 | 167 | 159 |
| . | 116 | Тажрый чейин-14 | 16 | 12 | 6 | 8 | 2 | 10 | 18 | 19 |
| | | Тажрыйб. кийин-48 | 45 | 51 | 39 | 40 | 28 | 41 | 52 | 47 |
| | 154 | Тажрый чейин-26 | 31 | 28 | 25 | 18 | 19 | 24 | 22 | 17 |
| | | Тажрыйб. кийин-111 | 96 | 87 | 88 | 76 | 82 | 87 | 91 | 77 |

# Изилдөөнүн жалпы жыйынттыктары

Изилдөөнүн жыйынтыгында негизинен,белгиленген максатка жеттик деп эсептейбиз жана алдыга коюлган милдеттер толук толук аткарылгандыгын белгилейбиз.

Биринчи милдет боюнча Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы окутуу тарбиялануу маселелериндеги инсан жана аны инсандык сапатка калыптандыруу абалы иликтенди. Анда окумуштуулардын эмгектери кенен анализге алынып,анын натыйжасында төмөндөгүдөй жыйынтык алынды : т.а., инсан түшүнүгү , анын түзүмү, мүнөздөмөсү теманын алкагында

такталды; индивид, анын мүнөзү, инсандан айырмасы жана инсандын калыптануу факторлору так мүнөздөлдү жана алар теманын негизинде диссертациянын мазмунунан орун алды. Ушул өңүттө жазуучу Ч.Айтматовдун чыгармаларына терең анализ жүргүзүлүп, анын каармандары камтыган инсандык сапаттар талданып, анын маани-маңызы ачылды. Бул багытта окумуштуу-методисттердин,адабияттаануучулардын эмгектери окуп үйрөнүлдү жана алардагы тыянактуу ой-пикирлер эске алынды.

Экинчи милдет боюнча жазуучу Ч.Айтматовдун повесттеринде жана романдарында каармандардын  инсандык сапаттарына окуп-үйрөнүү боюнча мындай иштер аткарылды: тактап айтканда,жазуучунун чыгармаларындагы инсандык сапаттар талдоого алынды,алар мүнөздөлдү,ар бир чыгармадагы каармандар алып жүргөн сапаттар мисалдары менен аныкталды,алар аркылуу окуучуларга адамгерчилик мыкты таалим-тарбия берүү идеялары ырааттуулукка салынды;буларга ылайык,мектептерде окулуп келе жаткан кыргыз адабияты курсундагы Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутуу аркылуу жаш муунду тарбиялоо каражаттары менен методдору жогорудагы аталган окумуштуулардын идеяларынын негизинде такталды.

Диссертациядагы 3-мидетке жараша төмөнкү мидеттер аткарылды:

Окутуунун каражаттары менен принциптерин,методдорун пайдаланып,мектеп окуучуларын Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык мыкты сапаттарга жараша тарбиялоонун комплекстүү жол-жоболорун,инсандык тарбиялоонун багыттарын, түрлөрүн аныктадык,окутуунун жана тарбиялоонун максат-милдеттерин тактадык,инсандык калыптандыруунун  мисалында алардын мазмунун ырааттуулукка салдык,тарбиялоонун каражаттары  принциптерин, методдорун ар бир чыгарманын каармандарынан издеп таптык,  аларды сабактарда, семинарларда, диспут,конкурстарда, класстан тышкаркы иштерде мугалимдер жана окуучулар менен бирге иштеп чыктык . Мына ушулардын жыйынтыктарында Ч.Айтматовдун чыгармаларынын негизинде мектеп балдарына инсандык тарбия берүүнүн моделин түздүк,  аны педагогикалык экспериментте сынап, жыйынтыктарды алдык.

4-милдет боюнча жогоруда аталган багыттарда эксперименттик материал катары сунушталып, аны окутуунун технологияларын жаңылоо багыттары белгиленди. Учурдун талаптарына жараша сабактардын активдүү формаларын сунуштоо, салттуу жана интерактивдүү сабактардын мазмуну

менен формаларын өркүндөтүүчү сабактардын үлгүлөрү иштелип чыкты жана мектеп мугалимдерине сунушталды.

**Жогорудагы айтылгандардан улам, төмөндөгүдөй илимий-методикалык сунуштар даярдалды.**

- Мектептерде кыргыз адабияты курсунун программасын өркүндөтүп түзүүдө Ч.Айтматовдун чыгармаларынын каармандарын мүнөздөөнүн алар алып жүргөн инсандык сапаттарга жараша толуктоолорду киргизүү;
- Адабият боюнча кошумча окуу,өз алдынча окуу программасын өркүндөтүп кайра түзүү, алар боюнча класстан тышкаркы уюштуруу-методикалык иштерди жүргүзүү;
- Кыргыз адабиятына бөлүнгөн сааттардын көлөмүн көбөйтүү, анын окутуунун мазмуну менен формаларын өнүктүрүү,Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча окумуштуу-методисттердин эмгектерин мектеп мугалимдери үчүн жеткиликтүү санда чыгарып жеткирүү;
- Ч. Айтматовдун чыгармаларын мазмундук-сюжеттик негизинде гана үйрөнбөй, инсандык тарбия берүүнүн негизинде адамгерчилик, идеялык нравалык,моралдык негизде да окуп үрөнүү техногиялары боюнча мугалимдерге методикалык-практикалык жардамдарды күчөтүү;
- Инсандык тарбия берүү боюнча мектепте, класста класстык-тарбиялык сабактарды көбүрөөк өкөрүү, ал багытта жаңыча ыкмаларды сунуш кылган методикалык эмгектерди чыгаруу жана мектеп мугалимдерин илимий-методикалык жактан билимин ырааттуу көтөрүп туруу, мугалимдин өз билимин өзү өркүндөтүү пландарын түзүүнү жайылтуу.

## Глава 1.

## Инсандын белгилери жана аны калыптандыруунун теориялык-методикалык негиздери

### 1.1. Инсандын мүнөздөмөсү, түзүлүшү, аны калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн педагогикалык-психологиялык адабияттарда берилиши

Бүгүнкү күндө жаштарды, келечек муундарды тарбиялоодо адамды инсан катары тарбиялоо негизги актуалдуу маселелерден болуп калууда.

Коомдун талабына ылайык окуу предметтерин сапаттуу окутуунун негизинде окуучулардын билимдеринин деңгээлин жогорулатып, алардын окууга болгон милдеттүүлүгүн күчөтүп, жоопкерчиликти сездирүү ошону менен бирге эң негизги бүгүнкү күндүн көйгөйү болгон адам жана адамдык сапаттын, адамгерчиликтин, инсандык сапаттын каражаттары менен куралдандыруу негизги милдет болуп э Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын мыкты сапаттары инсандык деңгээл, адамгерчилик, ыймандуулук жана башка сапаттар боюнча суроо тапшырмалардын топтому түзүлүп, аларга тиешелүү жоопторду алдык жана талдадык. Анын жалпы жүрүшү, уюштурулушу тыянактары жөнүндө диссертациялык изилдөөнүн акырындагы атайын бөлүмдө берилди. Азыр болсо Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын инсандык сапатын окутуунун педагогикалык маани маңызы, ал аркылуу балдарга инсандык тарбия берүүнүн принциптүү багыттары, мазмунуна көңүл буруп Ч.Айтматовдун инсандык маселени камтыган чыгармалары н издендик.

Жалпылап айтканда, аныктоочу экспериментте биз эксперимент жүргүзгөн мектептерде Сузак районундагы “Көгарт“ гимназия мектебинде Т.Темирбаев атындагы орто мектепте №70 Т.Алымкулов мектептеринде Жалал-Абад шаарындагы №21 жана №з мектептеринин 9-10-11-класстын окуучуларына жүргүзгөн эксперименттин жыйынтык маалыматтары биз

ойлогондой болуп чыкты. Ушул жерден бир нерсеге көңүл бөлсөк: Мектептерде Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын инсандык сапаттары кандай багытта, кандай мазмунда кандай көлөмдө окуп үйрөнүлүшү, программага кошумча маалымат киргизүү көңүл борборунда болушу зарыл экендиги байкалды. Жогорудагы изилдөөлөргө таянуу менен биз инсан жана анын илимий теориялык негиздерине көңүл бурсак.

Улуу орус педагогу “К.Д.Ушинский айткандай Эгерде педагогика адамды бардык жактан тарбиялагысы келсе, анда ал баарынан мурда анын өзүн да бардык жактан үйрөнүп билүүгө тийиш” К. Д. Ушинский (“Человек как предмет воспитания “Собр. Соч. в тт М. Л. 1950 стр. 187) .

Инсанды изилдөө үчүн « Инсан деген ким ? инсандын түзүлүшү деген эмне? инсанды калыптандыруу үчүн кандай окутуунун тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү бар? - деген суроолорго көңүл буруп адам инсан катары калыптанууда индивиддик, адамдык этаптарды басып өтөрүн билебиз. Инсанды окуп үйрөнүү үчүн биз индивиддик, индивидуалдуулук түшүнүктөргө кайрылабыз.

Индивид - латын тилинен келип чыккан сөз ал кыргызча **тирүү организм, тирүү адам** деген түшүнүктү берет. Психология илими индивид деген терминден инсандын калыптануусундагы негизги этап катары изилдейт. Жарык дүйнөгө келген ар бир адам жашоого индивид болуп төрөлөт. Бул түшүнүктө негизинен эки өзгөчөлүк белгиленет.

Бөлүнбөөчүлүк же бүтүндүк,өзгөчө түзүлүш адамдык сапаттары бар

башкача айтканда башкалардан болгон айырмачылык. Адам жашоого келгенде андагы баардык түзүлүш, адамдык белгини ар тараптан тоюндурат. Түзүлушү боюнча индивидде бардык жашоого ыңгайлашкан мүмкүнчүлүктөр бар. Мисалы жаңы төрөлгөнн баланын мээси интелектуалдык, потенциалдык өнүгүүгө ээ, колдору эмгектенүүгө жөндөмдүү, буттары басууга ыңгайлашкан. Ал эми таанып билүү процесстери ар тараптан туура келет. Аң-сезими боюнча түрдүү даражадагы

чексиздикти өзүнө алат. Индивид негизгиси жаратылыштык өзгөчөлүккө ээ. Ошондой эле морфо-физиололгиялык өзгөчөлүктү камтыйт. Педагогика жана психология илиминин изилдөөсү боюнча индивидке төмөнкүдөй аныктама берилет, жаңы төрөлгөн бала, кандайдыр бир биологиялык уруунун өкүлү болгон адам, Ал биологиялык жан катары аң-сезимдүү түрдө курчап турган дүйнөнү үйрөнүү, аны өз керектөөсүнө ылайык пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу менен айырмаланат. Коомдук чөйрө, билим, эмгек, адамды өзгөртүп түзүп, аны адамдык касиеттерге ээ кылып, активдүү жанга айлантат Психология илиминде индивиддик карым катыштар негизги орунду ээлейт. В. Штерндин аныктоосу боюнча индивид биринчи айлардагы мезгилде жаш балалык этапты сезимдеги рефлекстик жана импульстук кыймылдарды ичине камтыйт. Ал эми экинчи жылында абалдын өнүгүүсү бир системага багыт алат. Ал эми үч жашында өзүн өзү аңдоо, умтулуу сапаттарына ээ болсо беш жашында оюндарды жомокторду угууга кызыгып, элдик кыймылдарды өздөштүрө баштайт. Андан кийинки мезгилдерде мамлекеттик организацияларга кирүү менен социалдык, экономикалык, коомдук максатка кадам таштай баштайт. Башкача айтканда адам коомдон өзүнө керектүү нерселерди таанып билип, коомдогу талапка жооп берүүнү өздөштүрөт жана. өнүгүүдө кошумча баскычтарды басып өтүп карым-катыштын, мамиленин түрдүү этаптарын өзүнө кабыл алат. Индивиддин өнүгүүсү түрдүү закон ченемдүүлүккө ээ болот ар бир индивид коом, ата эне жана тарбиялык негизде адамдык сапатты өздөштүрөт. Адамдык сапатты адамгерчиликти жогорку деңгээлде өздөштүрүү аркылуу адам инсандык сапатка умтулат. Индивиддин биологиялык өнүүгүүсү организмдин өнүгүүсү менен бирдикте психологиялык, социалдык өнүгүүнү да өз ичине алат. Психология илиминин индивид жөнүндөгү тапшырмасы индивиддин биологиялык, социалдык өнүгүүсүн ачуу жана коомдун шартына дал келтирүү  индивиддин организми адамдык организм, ал эми анын мээси адамдык мээ.. ошондуктан индивидди адам катарында биологиялык кубулуш

деп эсептейбиз. Ал эми социалдык деңгээлде индивиддин социалдык шартта калыптануусун билебиз.


Индивиддин өнүгүүсүндө динамикалык биримдүүлүк бар. Психикалык механизм, психикалык чагылуунун мазмуну, психикалык көрүнүштөр жана жүрүш туруштун шарттуулугу индивидди калыптандырат. Ал эми карым-катышы ишмердүүлүгүн жогорул Индивиддеги индивидуалдуулук бул бир адамдын, башкалардан айырмалануусу психикалык сапаттарынын түрдүүлүгү индивидуалдуулук түшунүгүн туюндурат. Индивидуалдуулук бул жекече динамикалык түзүлүш. Ошондой эле мүнөз, темперамент жендемдүүлүк, таанып билүү процесстери ар бир адамда ар түрдүүчө өнүгөт, Ал адамдын жекече бирден бир өзгөчөлүүгү болуп саналат. Индивидуалдуулук **инсан** менен өз ара биримдүүлүктү камтыйт. Ошондуктан ар бир адамда жеке жөндөм, мүнөз, ык-машыгуу өз ара бири-биринен айырмаланып турат. Педагог психологдордун изилденүлөргө таянуу менен төмөндөгүүлөргө көңүл бурсак.

Бир адам окууга жөндөмдүү болсо, экинчи адам музыкага жөндөмдүү болушу мүмкүн. Мындан биз ар бир адамдагы психологиялык сапаттын, таанып билүү процесстеринин ар түрдүүлүгүн, өз-өзүнчө тиешелүүгүн түшүнөбүз. Жөндөмдүүлүк адамдын түзүлүшүнүн жекече ишмердүүлүгүнүн жетишүүчүлүгү. К. Миңбаевдин адам психологиясы деген эмгегинде

адам коомдогу негизги биологиялык жана тарыхый эволюциясынын жыйындысы, коомдук ишмердүүлүктүң субьекти катары каралат . К .Миңбаев ( 122) Ал эми субьект коомдук өнүүгүгө жана ез алдынчалуулукка ээ. Адам жаныбардан ан-сезимдүүлүгү, айлана чөйрөнү активдүү кабыл алуусу, аны изденүүгө, жөндөмдүүлүгү менен айырмаланат. Адам өзүүнүн өнүүгү жолунда психикалык системалардын жетишүүчүлүгүн өзүнө алат. Эмгектенүү, адамдык сапаттардын өнүүгүсү адамдын ар тараптан жетилиши аны личностук өнүгүгө жетелейт. Адамдын таанып билүү процессинин өңүгүшү, коомдун талабына толук жооп берүүсү инсан деген түшүнүктүү

билдирет. Инсанды изилдөө боюнча түрдүү илимдер түрдүүчө көз караштарды жаратышкан. Мисалы философия,социология,этика ж.б илимдер.бүгүнкү күндө да илимий негиздерди  жаратышууда Ал эми инсан деген түшүнүктүн өзү инсан деген түшүнүккө ээ болбой калышы мүмкүн. Себеби инсан өтө татаал, же көп тармактуу түрдүү аныктамаларды ичине алуучу негизги түшүнүк. Инсан болуу үчүн адам ар тараптан калыптанып биологиялык, социалдык коомдук талаптарга жооп берүүсү  зарыл Инсанды изилдөө боюнча түрдүү илимдер түрдүүчө көзкараштарды жаратышкан. Мисалы философия,социология,этика ж.б илимдер.бүгүнкү күндө да илимий негиздерди  жаратышууда . Инсан индивид менен адамга караганда тар түшүнүктү өз ичине камтыйт. Ал адамдын калыптанышынын белгилүү этабында  гана пайда болот Кон И.С(124) . Инсанды изилдөө боюнча түрдүү илимдер түрдүүчө көз караштарды жаратышкан. Мисалы философия,социология,этика ж.б илимдер.бүгүнкү күндө да илимий негиздерди  жаратышууда . Инсан индивид менен адамга караганда тар түшүнүктү өз ичине камтыйт.Инсандын калыптанышы көбүнчө социалдык чөйрөгө көз каранды болуп  индивидден коомдук ишмердиги  жана коомдо ээлеген орду боюнча айырмаланат. Инсан турмуштук көз карашы ,жоопкерчилигин акырына чейин жеткирүү аракети бар ,эркин чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон адам инсан болуу коомдук аракеттен жаралат.Илимде  инсан түшүнүгү эки мааниде түшүндүрүлүп жүрөт. Биринчи маанисинде  (К.К.Платонов (175 )аң сезимге ээ болгон адамдардын бардыгы эле личность эмес.

Инсандык калыптануунун модели




Экинчи маанисинде психикалык жактан өнүгүү деңгээлине жетишкен адам гана инсан болуп эсептелет.”Өнүгүү” деңгээли деген адамдагы өзүн-өзү сындаганөзүн –өзү кабыл ала алган ,өзүнүн “мени” менен башка адамдардан айырмаланган жеке моралдык талабы тигил же бул нерсеге баасы бар сапаттарды камтыйт. Инсанды калыптандырууда инсан аралык карым-катнаш,мамиле,инсандынстатусу,үй-бүлө,педагогикалык,психологиялык билимдер ,этика негизги каражат катары кызмат кылат.

К.Платоновдун инсандын калыптануусу боюнча теориясынын модели

| **Инсандык Калыптануунун тузулушу** | **Биологиялык жана социалдык оз ара таасир этуу** | **маныз** | **мазмун** | **Инсанды калыптандыруунун Багыттары жана жёндёмщ** |
|---|---|---|---|---|
| Багыттуулук тузулушу | Социалдык тузулуш | ,мотив анын онугушу | Кызыгуу,каалоо,ке ректоо,ишеним,дуй ного болгон коз караш | тарбиялоо |
| Социалдык тажрыйбалар | Социалдык биологиялык тузулуш | Тажрыйба социалдык багыт | Билим ык машыгуу жана адат | окутуу |
| Инсандык сапаттар | Он жана терс сапаттар | Психикалык Жана жекелик озгочолуктор | Эмоция ,эрк,интеллект сезим | Билим беруу |
| Психологиялык процесстер | Таануу процесстери | Кабыл алуудагы тузулуштор | Конул буруу,ойлоо,кабыл алуу,сезуу,сезим,э моция | Багыт беруу |
| Темперамент жана биологиялык шарттын тузулушу | Биологиялык ,психологиялык тузулуш | Жогорку нерв системасынын озгочолуктору | Темперамент жана куарактык онугуу | Конуктуруу системасы |

Инсан өзүнүн өнүгүү жолунда төмөнкүдөй статустук негиздерди өзүнө алат жана ал өзгөчөлүктөр инсандык калыптануунун каражаттары болот деп ойлойбуз.


| |
|---|
| Инсандын статусунун аталыштары |
| Инсан аралык мамилелер |
| Үй бүлөнүн социологиясы<br><br>Тарбиялоонун негиздери |
| Этика ,коом ,чөйрө |
| Өнүгүүдөгү илимдер<br><br>Психологиялык,педагогикалык теориялар |

Инсандын коомдогу аракети ,анын жетилишине тарбиянын жана билим берүүнүн таасири чет өлкөлүк З Фрейд,Э Берн,Э Эриксон,Р Бернс,К .Юнг,У Глассер советтик орус Э..В.Бондаревская,Б.З.Бульвов,Л,С,Выготсий,В.А.Кан-Калик,И.Я.Лернер,Ю.К.Бабанский,Л.В.Занков,А.Н.Леонтьев,С.Л.Рубинштейн,В.А.Сластенин,И.Ф.Харламов ж.б.педагог психологдордун эмгектеринде изилденген биз аларды илимий ишибизге негиз катары колдондук.

Психология илиминде инсан термини эки мааниде түшүндүрүлөт. Биринчи маанисинде аң сезимге ээ болгон адамдардын бардыгы инсан деп эсептелет. Экинчи маанисинде психикалык жактан өнүгүү деңгээлине жетишкен адам гана инсан болуп эсептелет. “өнүгүү деңгээли” деген адамдагы өзүн-өзү сындаган, өзүн-өзү кабыл алган, өзү мени менен башка адамдан айырмаланган, жеке моралдык талабы тигил же бул нерсеге баасы бар сапаттарды камтыйт. Психология илиминде инсан адамгерчиликтин эң жогорку даражасын алып жүргөн адам деп изилденген. Негизинен “Инсан-коомдук мамилелердин субьектиси жана объектиси” деген илимий негизди


сунуштаган. Ал эми психологдордун негиздөөсүндөгүТ. В.Шапардын (176) инсандык өнүгүүдөгү схемасын белгилеп өтөбүз.


## Инсанды калыптандыруунун факторлору





Леонтев инсандык өнүгүүнун психикалык өзгөчөлүктөру боюнча өзүнүн эмгектеринде айтып кеткен Леонтьев А.Н (129)

Инсандын калыптануусу үчүн төмөнкүдөй методдор негизги кызмат аткарат жана илимий өнүгүүдө бул методдор аркылуу инсандын жеке психологиялык өзгөчөлүктөрү аныкталууда.


Инсандын жеке психологиялык өзгөчөлүгүн изилдөөчү методдор
Документтерге талдоо жүргүзүү
Документтерди анализдөө
Жеке аңгемелешүү
Байкоо
Ишмердүүлүктүн жыйынтыгын
Эксперимент
Анкета


Инсанга таасир этүүчү педагогикалык жана психологиялык методдор
Документтерге талдоо жүргүзүү
Ишеним
Жеке аңгемелешүү
Көнүгүү
Ишмердүүлүктүн жыйынтыгын
Мактоо
Анкета


Инсандык сапаттардын аспектилери
Мелдеш
Мүнөз
Жөндөмдүүлүк
Ишмердүүлүк
Адамдарга тиешелүү
Ийгиликке жеткирүүчү аспекти
Айырмалоочу өзгөчөлүк

Ал эми **инсандын түзүлүшүнө социалдык чөйрө менен** шартталган өзгөчөлүктөрдү, моралдык сезимдерди, интелектуалдык, аң- сезимдүүлүк, эстетикалык өзгөчөлүктөрдү киргизет. Ошондой эле окуу жана практикалык иш аракеттердин негизинде пайда болгон маалыматтар ык- машыгуулар да камтылат. Инсандын түзүлүшүнө адамдын жеке психикалык түзүлүшү, таануу процесстери, жөндөмдүүлүк, темперамент,мүнөз сыяктуу касиеттери кирип, адамдын инсан катары калыптанышына шарт түзөт. Мисалга алсак адам инсан болуп калыптаныш үчүн анын таануу процесстери, мүнөз, ык- машыгуулары дайыма өнүгүүдө болушу зарыл. Ал эми белгилүү психолог А. Н. Леонтев (131)инсан түшүнүгү ишмердүүлүк жана карым катнаш менен байланыштырган.

А. Н. Леонтьев(131). «Инсан - бул ишмердүүлүктүн субьектиси» деп аныктама берип кеткен . Бул изилдөө боюнча адам ишмердүүлүктүн негизинде инсандык сапатка ээ болорун айтсак болот. Инсан түшүнүгүнө кайрылуу менен психологдор ишмердүүлүктүн негизги үч түрүн белгилеп кетишкен..

«Инсан - ички жана сырткы мамилелердин шарттарын өздөштүрүүчү процесс» (С. Л. Рубинштейн (177) Ал эми мамиле жана карым –катнаш адамдарды инсан катары тарбиялоодо негизги көпүрө деп эсептесек болот.

«Инсан – өсүп-өнүгүүнүн жогорку стадиясы» Ковалев И.С(124 ) бул көз караш боюнча ар түрдүү каражаттардын негизинде инсан өсүп-өнүгүп калыптанарын түшүнөбүз.

- . Мисалы Ч. Айтматовдун “Биринчи мугалим” повестиндеги Дүйшөн менен Алтынайдын образдарын алсак болот Ч . Айтматов “Биринчи мугалим “ ( 43). Дүйшөн канчалык кыйынчылык болсо да балдарды окутуп, тарбиялоого аракеттенет. Чыгармадагы Алтынайдын биринчи мугалимин эскерүүсүнө көңүл бурсак. “Биз анын билиминен да мурун адамгерчилигин биз үчүн болгон илгери үмүт жакшы тилегин бала болсок да баалап, урматтай турганбыз, Антпесе тизеден кар кечип, кычыраган аязда борошодо

жетелешип, айылдан алыс турган мектепке барасыңар деп, жаман тамда көк муштумдай көгөрүп отуруп, сабак окуйсун деп зордогон эч ким жок. Бети башыбыз кыроо болуп кетсе да чыдап, улам кезектешип бирибиз печке от жагып, колу бутту жылытып жатканда калганыбыз баш тартпай Дүйшөндүн айтканын угуп көрсөткөнүн үйрөнүп окуп отурчубуз”. Ошондой татаал кырдаалда билим алып, академик наамына жетишкен Алтынайды да өзүнүн билимге болгон умтулуусу, аракети жана Дүйшөндөй адамдын инсандык үлгү сапаты алдыга жетелеген десек жаңылышпайбыз. Инсан жөнүндөгү окуунун изилдениши А. Ф. Лазурскийге, Г. Олпортко, Р. Кеттел жана башкаларга тиешелүү. Инсандын изилдениши негизинен үч бөлүккө бөлүнөт философиялык адабияттык, клиникалык, жекече эксперименталдык болуп.

- Инсандын философиялык адабияттык бөлүмүндө адамдын адеп-ахлактык, социалдык жаратылышы анын жүрүм турумундагы аракети изилденет.
- Клиникалык бөлүмүндө инсанды орулуу адамдын ички дүйнөсүн дарылоо бөлүмү.
- Эксперименталдык изилдөөлөр А. Ф. Лазурскийдин, чет элдик психологдор Г. Айзенктин, Р. Кеттелдин изилдөөлөрүндө инсандын системасын илимий байкоолордун методикасынын техникасын иштеп чыгышкан.

Инсан - бул биосоциалдык кубулуш бул илимий түшүнүктөр боюнча окумуштуулар төмөндөгүдөй изилдөөлөрдү көрсөтушкөн. Инсандык калыптанууда тарбия, чөйрө, тукум куучулук, ык -машыгуу, үйрөнүү, окуу көркөм адабияттар, чоң таасирин тийгизет.

Тукум куучулук ата-энеден түбөлүккө калуучу нерсе. Генотип - тубаса мурас, улуттук элдин тарыхый өнүгүүсүнун изи, мурастык негизди түзгөн организм. Инсандагы негизги өзгөчөлүк морфофизиологиялык өзгөчөлүктөрдү, жекече каражатты алып жүрүүчү каражат катарында каралат. Ал эми социалдык функциясында инсан ан сезимдүү кубулуш, ал

коллективде же коллектив аркылуу калыптанат.

- Социалдык өнүгүүдө инсандын төмөндөгүдөй түзүлүшү бар.
- Социалдык.
- Аң-сезимдин денгээли жана интелекти.
- Пикирлешүүсү
- Көз карашы.
- Формасы

Инсандын түзүлүшүн К. Платоновдун изилдөөлөрүндө көбүнчө кездештиребиз.. Окумуштуулар инсандын түзүлүшүн багыт, тажрыйба, билим, ык машыгуу, жекече өзгөчөлүктөрдүн чагылуусу (сезүү, кабыл алуу, эс, ой жүгүртүү) боюнча негиздешкен. Ат эми А. Н Леонтевдин инсан жөнүндөгү изилдөөсүнө кайрылсак.

т. Психологдордун аныктамасы боюнча инсанга төмөнкүдөй аныктама берилет.

Инсан таанып -билүү процесстери калыптанган, сырткы дүйнөсү таанып билүүнүн субьектиси болгон, акылы, аң- сезими жогору өнүккөн, коомдун талабына ар тараптан жооп бере алган, эн негизгиси адамгерчиликтин жогорку даражасын алып жүргөн адам. Ч Айтматовдун чыгармаларында адамдык сапатынын деңгээли ар түрдүү каармандарды кездештиребиз. Мисалга алсак: ”Гүлсарат” повестиндеги Танабайдын образы ,кесибинин өзгөчөлүгү,ишмердүүлүгү, көз карашы анын досу Чоронун көз карашы  салыштырылып анын ичинде ошолордун үлгү сапаттары өзгөчөлөнүп усулдук каражаттардын негизинде окулса деген ойдобуз.

Инсандык сапаттын формалары төмөнкүлөр.

| *Сапаты* | *Формалары* | *Түрлөрү* |
|---|---|---|
| • Деңгээли<br>• Ишмердүүлүгү<br>• Туруктуулугу<br>• Аракеттүүлүгү | Көз карашы<br>Ишеними<br>Идеалы<br>Кызыгуусу | • Кесиптик<br>• Саясий<br>• Моралдык<br>• Турмуштук<br>• дүйнөгө болгон көз карашы |

Адеп-ахлактык климаты калыптандыруунун эффективдүү жолу катары тарбияны гумандаштыруу, эмоционалдык параметрлерди бириктирүү (мамилени жакшыртуу бири-бири менен жакын түрдө таанышуу, ж. б.) окуучулардын этикалык өнүгүшүн зарыл шарты экендигин И. С. Кон, А. Бадмаев, Л. И. Божович, А. Н. Леонтев, Д. Б. Эльконин, Л. В. Запорожец К.Миңбаев, Закиров, Коңурбаев, Н. Мураталиева ж.б.окумуштуулар психологиялык эмгектеринде белгилешкен.

Мисалга алсак: “Саманчыны жолу” повестиндеги Майсалбектин каты жөнүндө алып карай турган болсок “Апаке аксүтүңдөн айланайын апакем. Мен сенин кандай киши экендигиңди билбесем бул катты жазбайт болчумун. Менин айтарым, согушту биз тилеп алган жокпуз, бул көптүн башына келген кыйын иш, бүткүл адам баласынын башына урган зулум күч. Биз аны менен күрөшпөй коё албайбыз. Антпесек биздин адам деген атыбыз өчөт. Мен өзүмдү эң бир жөнөкөй асыл ишке -мугалимдикке даярдап жүргөм.

Бир сааттан кийин мен Мекеним тапшырган ишке барып, кайра кайтпаймын. Душмандын талылуу жерине барып, аны кыйратып, өзүм да жок болом. Мекен үчүн эл үчүн, жениш үчүн, дүйнөнүн бардык жакшылыгы үчүн...” Ч.Айтматов “үч томдон турган чыгармалар “ (12)

Майсалбектин катын чагылдыруу аркылуу адамгерчилик, мекенге болгон ыйык сезим, инсандык сапаттын берилгенин көрүп турабыз. Бүгүнкү күндө аскер тууралуу ой жүгүрткүсү келбеген жаштарды мына ушундай көркөм чыгармалар аркылуу тарбиялоо маанилүү маселе болууда.

Ал эми инсандын коомдо калыптанышы үчүн ар түрдүү булактар таасир этээри белгилүү. Инсан тарбия аркылуу чөйрө жана коллектив аркылуу да калыптанат.

, Инсанды педагогика психология илимдеринде ан сезимдүү акыл ишмердүүлүгү өнүккөн, мамиле карым катнаш түзө алган, гармоникалык жактан өнүккөн, башкаларга салыштырмалуу “мен” деген түшүнүктү өзүнө камтыган прогресивдүү, нравалуу адам катары изилденет. Бирок индивидуалдуулук түшүнүгү ар бир адамды айырмалап турат. Инсандын дүйнөгө болгон кез карашы коомдук практикалык нравалык багытта адамдын турмуштук образын түзөт. Ал эми инсанды өнүктүрүүдө билим берүү системасын өнүктүрүү окутуу системасын туура уюштуруу ык машыгуу тажрыйба менен камсыз кылуу турмуштук зарылдык катары каралат. Ар бир этап аркылуу идеал мотив, журум турум, мамиле түзүлөт. Адам өзүнүн өнүгүү жолунда төмөнкү факторлорду кездештирет өзүн-өзү, өзүн-өзу тарбиялоо, өзүн-өзү үйрөтүү, өзүн-өзү окутуу түшүнүктөрүн. Өзүн-өзү тарбиялоо бул процесс муундан-муунга өтүүчү ички духовный факторлор катары каралат.

. Негизинен биз инсан түшүнүгүн адамгерчиликтин эң жогорку даражасын камтыган, адамгерчиликтүү, коомдо орду бар, адеп-ахлактуу, адал эмгектенген, эли жерин сүйгөн, чөйрөгө адамдарга сергек мамиле жасаган атуулдук сапатка ээ болгон адамды түшүнөбүз.

## 1.2. Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын инсандык сапаттарынын чагылдырылышы









Бүгүнкү күндө инсандык тарбиялоонун негиздерин жана оң каармандардын мыкты сапаттарынын тарбиялык таасири окуу тарбия иштеринде адабий көркөм чыгармалардын негизинде калыптандыруу зарылчылыгы келип чыгууда. Республикабыздын мектептеринде кыргыз элинин таланттуу даанышман ойчул жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгын окуп үйрөнүүгө орчундуу орун берилген. Ошол орчундуу темалар менен бирдикте жазуучунун чыгармаларындагы оң каармандардын мыкты сапаттарын иргеп, талдап алып, философиялык негизде окуу тарбия иштеринде тереңдетилген программа менен сунуш кылсак биздин негизги таянычыбыз болгон келечек муундардын адамдык асыл сапаттарынын, көркөм дүйнөсүнүн  калыптанышына жардам берүү үчүн каражат катары сунуш кылууну туура көрдүк.

Ч. Айтматовдун чыгармаларынын камтыган мазмуну бай татаал жана көп кырдуу келип, адам баласынын бүгүнкү менен эртеңки нормалдуу турмуш, жашоо шарттары болушу үчүн эң башкы маселе катары жер жүзүндөгү адамгерчиликти, ыймандуулукту, инсандык сапатты калыптандыруу жөнүндөгү идеялар анын чыгармачылыгынын мазмунун түзөт десек болот.

Ошондуктан биз диссертациялык ишибиздин алдына Ч. Айтматовдун чыгармаларынын негизинде тарбия принциптерин окутуунун түрдүү усулдарды өз ара байланыштырып жаш муундарды атуулдук сапаттарга ар тараптуу жана комплекстүү тарбиялоого багыт берүү, ошонун жол жоболорун мектеп мугалимдерине көргөзүү, анын педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу милдети коюлду.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык үлгү сапаттардын чагылдырылышы бүгүнкү жан дүйнөнүн бөксөрүү доорунан адамзатты алып чыгуучу каражат деп айтсак болмокчу.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын дээрлик бардыгы каармандын ички дүйнөсүнун руханий деңгээлин, инсандык мыкты касиеттерин, дүйнө кабылдоосун ар тараптуу чагылдырып, адам баласынын психологиясына чоң

таасир калтырып, ички мотивди козгойт.

Эң башкысы адам баласынын мүнөзүндөгү психологиясындагы өзгөчөлүктөрдү, адеп ахлактык, ыймандык, моралдык этикалык проблемаларды козгоо менен бирге адамдын жан дүйнөсүнүн калыптанышына, улуулардын, айлана чөйрөнүн таасирин,өтө кылдат сергектик жоопкерчилик менен мамиле кылуунун зарылдуулугун, муктаждыгын ар бир адамзат алдындагы ыйык парзы экендигин көркөм чеберчиликтин жол жоболору менен көркөк эстетикалык жактан бийик денгеелде ары идеалдуу, ары ишенимдүү түрдө сүрөттөп кеткен ошол сүрөттөөлөрдү жогоруда белгиленген каражаттардын бардыгын кийинки муундарга жеткире алсак биздин негизги милдетибиз ишке ашмакчы деген ойдобуз.

Мына ушул жерде дагы бир проблемалуу ой туулат: инсандык үлгү сапаттарды чыгармалардан окуучулардын бөлүп карай албаганынын себеби- ошол чыгармаларга тартылган иллюстрациялардын начардыгы элестүү эместиги, көркөм каражаттардын аздыгы, интерактивдүү усулдардын көркөм сүроттүүлүктүн начардыгы деп ойлойбуз.

Кантсе да, азыркы учурда мектептерде балдардын жан дүйнөсүн түшүнгөн мугалимдер менен тыгыз байланыш түзүп, адамгерчиликти, инсандык үлгү сапаттарды мектеп партасынан баштоо зарыл экендиги байкалууда.

Жаш муундарды инсандык сапатка багыттоо ишин уюштурууда, ал иштин мазмунун, методдорун, жана негизги багытын аныктоодо мугалимдер, тарбиячылар, ата-энелер жетекчиликке алуучу идеялардын жана жоболордун жыйындысын тарбия принциптери дейбиз. Принцип-педагогикалык процессте негизги башат жоболордун, тактап айтканда, таалим-тарбия берүүчү, анын натыйжалуулугуна жетишүүчү, инсанды ар тараптан өнүктүрүүчү багытталуучу система болуп саналат, Тарбиялоо жана окутуу процессин туура уюштуруу үчүн бардык эле мугалим же тарбиячы бул

принциптерди туура түшүнүп жана аны жетекчилике алуунун жолдорун биле беришпейт.

Биздин мектептерде жалпы эле билим берүү системасында келечек муундарга атуулдук тарбия берүү жана окутуу кеңири жолго коюлган. Ал максаттар: баладагы патриоттук сапаттарды түптөө, улуттук маданиятты үйрөнүү, элдик педагогикалык маданиятты өздөштүрүү, демократиялык гуманисттик баалуулуктарды бекемдөө улуттук салттарды тажрыйбалар менен айкалыштыруу аркылуу балага атуулдук кесиптик, инсандык, ыймандык сапаттардын калыптандыруу; ар бир баладагы жеке жана ез алдынчалуулук сапаттарын өнүктүрүү; эмгектенүү аркылуу жакшылыктарды жаратарына ишеним туудуруу.

Бул максаттар жаш муундарды тарбиялоо жана инсан катары өнүктүрүүгө багыт берүү, атуулдук тарбия берүүгө байланыштуу чечилет, бул үчүн эң оболу Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы оң каармандардын үлгү сапаттарын ылгап алып, аны окутуунун усулдары менен байланыштырып, окутуудагы принциптерди колдонуп, окутуудагы моделдерди түзүп, практикага сунуш кылуубуз зарыл деп эсептейбиз.

А. Алимбеков инсанды тарбиялоонун төмендөгүдөй принциптерин сунуш кылган.

- Табиятка шайкештик:
- Тарбиялануучунун куррактык жана жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу
- Баланын инсанын урматтоо менен ага коюлуучу олуттуу талаптардын биримдигине жетишүү

Инсанды тарбиялоонун каражаттарын мектеп партасынан айрыкча керкем адабияттар аркылуу калыптандыруу биздин оюбузча бүгүнкү талапты канааттандыруу деп ойлойбуз.

Ал эми Т. Сияев төмөнкүдөй принциптерди белгилеген:

- Тарбиялоонун коомдук багыттуулугу
- Тарбиялоонун турмуш эмгек менен байланышы

- Тарбиялоодо он таасирлерге таянуу
- Тарбиялоонун гумандуулугу
- Инсандык мамиле.
- Тарбиялоо таасирлеринин биримдүүлүгү

Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы тарбиялоонун коп кырдуулугу коомдогу оң жана терс көрүнүштөрдү, гумандуулукту, адамдын адамгерчилик сапаттарын бирдиктүү түрдө камтыйт. Окутуу методдорун жана принциптерин каражаттар менен айкалыштырып сабак өтүүнүн өзү тарбиялоонун багыты демекчибиз. Мындай сабактарда өтүлгөн материалдар талкууланып, талкуулардан талаш тартыштар чыгат. Ар ким өз ойлорун айтат, негизинен окуучулардын көпчүлүгү аракет кылышат.

Мектептердеги окутууга дал ушундай мыкты сапаттарды ар түрдүү методдор менен айкалыштырып, окутуу сунушталса билим алуу дагы да жемиштүү болмок. Ал эми Ч. Айтматовдун жомоктор аркылуу адамдык сапаттарды чагылдырганын “Ак кеме “ повестиндеги баланын жомогунан билебиз. Таятасы Момун жомокту кандай берилип айтса бала да жомокту андан ары терендетип айтат мындан жомок аркылуу балдарды адепке үндөсө жакшы таасирин берип андагы үлгү сапаттарды коомго жайылтса болот демекчибиз. . Белгилүү окумуштуу А. Муратовдун “Ала-Тоодон ааламга ун салган Айтматов” деген эмгегинде адептүүлүктүн негизин камтыган идеяларды кантип жана кандай каражаттардын негизинде окутуунун жолдорун сунуштаган.

Жалпы алганда Ч. Айматовдун чыгармаларындагы инсандык мыкты сапаттардын чагылдырылышы жана белгилерин аныктоодо төмөнкүлөр эске алынат.


Мектепте окуу тарбия иштерин инсандык сапатты өнүктүрүүгө багытто)Мектептеги окутуу жана тарбиялоо системасы өз алдынча ачык педагогикалык гумандуулуктун системасы ал айлана-чөйрө жана турмуш менен байланышта болуусу, ар бир мектеп ыймандуулуктун адамдык ыйык сапаттардын негизинде тарбиялоо системасына ээ болуусу, ата-энелер менен бирдикте ошол системаны түзүүсү (124…) мүмкүн экендигин алдыга милдет же максат катары коюусу зарыл.

Изилдөөбүздүн жүрүшүндө төмөнкүдөй жоболорго таяндык.

| Изилдөөбүздөгү негизги жоболор |
|---|
| 1. Баланы жеке өзгөчөлүктөрүнө жараша инсандык үлгү сапаттарга калыптандыруу |
| 2.Жалпы адамзаттык жаңы улуттук баалуулуктарды сактоо |
| 3. Инсан катары тарбиялоодо окутуу менен тарбиялоону адамгерчилик менен айкалыштырып жүргүзүү |
| 4.Адам ,инсан терминдерин өзгөчө көркөм чыгармалардагы каармандарды окутууда басым менен айырмалап түшүндүрүп окутуу |
| 5. Жаш муундарды адабий чыгармаларды окууга ички мотивдин негизинде түрткү берүү<br>6. Изилдөөбүздөгү такталган ,каражаттарды практикага киргизүү |

Биз Көгарт гимназия мектебинин 7-8-9-11- класстарынан 256 окуучуга анкета таркаттык. Анкетага “Роман, повест, ангеме, жомоктордун бири-биринен айырмасы кандай жана алардагы каармандардын үлгү сапаттары кантип айырмаланат деген сыяктуу түрдүү суроолорду койдук. Жооптордо белгилүү болгондой каармандары көптүгү менен мазмундуу чыгармалар

роман ал эми көлөмү каармандары аз чыгармалар повесттер жана аңгемелер деген жоопторду айта алышкан. Ал эми каармандардын үлгү сапаттары боюнча түшүнүктөрүнүн аздыгы берген жоопторунан белгилүү болду.




“Ак-кеме “ повестиндеги үлгү сапаттарга таандык каармандар Момун жана бала.Момундагы эң баалуу сапаттар ( ак көңүлдүгү ,жооштугу, ыймандуулугу, боорукердиги )

Баладагы баалуу сапаттар; ( пейили таза наристелиги,жомокко ишенүүсү,ак-ниеттиги,Бугу энени сүйүүсү,таежесине жана терс каарман болгон Орозкулга балалуу болушун каалап ,Бугу энеден бешик суроосу)

Ал эми “Биринчи мугалим” повестиндеги Дүйшөндүн образын алсак;

Дүйшөндөгү баалуу сапаттар ( ак-ниет ,адамгерчиликтүү, пейили таза, чыныгы мугалим) “ Саманчынын жолу” повести 9-класстарда 4саат 1саат дил баян жалпы 5саат окулат. Бул повестте негизинен согуш жана инсан темасынын глобалдуу масштабда чечмелениши каралат .Жер Эне менен Толгонайдын диалогу бүтүндөй чыгарманын маани –маңызын түшүндүрүп,эненин жашоодогу ордун ,кайратын,адамдык сапаттарын ар тараптан түшүндүрүп берет . Толгонай эне-эмоционалдуу,реалдуу образ,типтүү каарман жана жоокер уулдарды тарбиялаган эне. Анын образы аркылуу жаш муундарды кайраттуулукка ,боорукердикке,энелик мээримдин чекиздигине тарбиялайбыз.

Ал эми анын уулдары Касым ,Майсалбек,Жайнактардын образы аркылуу  жоокер уулдардын мекенге болгон сүйүүсүнүн чексиздигин бүгүнкү жаш муундарга көркөм чыгарма аркылуу тарбиялайбыз деген ойдобуз.

**Толгонайдын образы боюнча төмөнкүдөй класстер түзөбүз.**







**Ал эми  Толгонайдай каарман эненин баатыр уулу Майсалбектин образы аркылуу бүгүнкү күндөгү аскерге баруучу уулдарыбызды аскердик кайраттуулукка,мекенди сүйүүгө,энени урматтоого,каармандыкка  тарбиялайбыз. Майсалбектин образы боюнча класстер түзөбүз.**



Майсалбек мугалимдикке даярданып жүргөн мугалим болууну жүрөгүнөн каалаган, мугалимдикти ыйык туткан, ал өзү жөнүндө дал ошентип баяндайт анын каты жөнүндө карап көрсөк.,

“Мен өзүмдү эң бир жөнөкөй ,эң бир асыл ишке мугалимдикке даярдап жүргөм,заманым ушул экен балдарга тамга таанытып ,окутуунун ордуна курал кармап жоокер болдум ал менин айыбым эмес.


Мектепте окуган окуучу жаштарга менин эң биринчи жана эң акыркы берип кетээр сабагым ушул,окутуп кеткен билимим да ушул буга мен турмуштан алып чыккан ишке билимимди жумшайм,бир сааттан кийин мен мекеним тапшырган ыйык ишке барып,душмагды кыйратып,өзүм да жок болом мекен үчун эл үчүн ,дүйнөнүн бардык жакшылыктары үчүн.Бул менин акыркы калем шилтешим..

Мектеп окуучуларына Майсалбектин инсандык үлгү сапаттары боюнча улама дил баян жазууну изилдөө ишин жүргүзүүдө тапшырма берсек алардын жан дуйнөсүндө боорукердик сезимдер Майсалбекти өлүмгө ыраа көрбөстөн андан –ары согуштун бүткөнүн каармандын тирүү калганын,өзү сүйгөн мугалимдикке ээ болуп,жаш муундарды окутканын элестетип жазышарына күбө болдук. Майсалбектин каты аркылуу бүгүнкү күндөгү аскер жашындагы жаш муундарды мекенди сүйүүгө,энени урматтоого,патриоттуулукка багыттасак болот дейбиз.

Ал эми Биринчи мугалим  повестиндеги Дүйшондүн үлгү сапаттары




**“Бетме бет” повестиндеги негизги каарман Сейденин үлгү сапаттары**



Ал эми дагы бир каарман Ысмайыл боюнча  синквейн түзсөк

Адам

Коркок,ишенчээк

Жашынат,мекенди ойлобойт.

Өзүмчүл адам.

Жогорудагы  Сейденин үлгү сапаттары негизинен карапайым кыргыз кызынын үй-бүлө үчүн ,баласынын келечеги үчүн күйөсүнүн катасын эл душманы экенин билсе да жашырып,багып ,качан гана коңшусу Тотойдун жалгыз уюн уурдап сойгондо анын кечирилгис катасын түшүнүп,Ысмайылга бетме- бет барганын эч нерседен жалтанбаган карапайым кыздын улуттук намысын түшүндүрөт десек болот.

Ал эми дүйнө жүзүнө махабат баянын түшүндүргөн “Жамийла “ повестиндеги каада салтты баалаcа да өз көз карашынан тайбаган  жөнөкөй кыргыз кызынын  адамдык сапатын түшүнөбүз. Анткени ал эч нерседен кем болбой жашоого мүмкүнчүлүгү бар бардар үй-бүлөдөн байлыгы жок бирок адамдык сапаты бар Данияр менен кетиши байлыктан адамгерчиликти жогору койгон кыздын образын чагылдырат деп ойлойбуз.А.Муратовдун “Кыргыз адабиятын окутуу теориясы жана практикасы деген эмгегинде Жамийла повестиндеги образдарды талдоонун айрым маселелери деген темасында  Жамийланын жон гана каарман эместиги аны озгочолонткон талдоо гана каарманды анын адамдык сапатын айгинелерин тушундурот

А.Муратовдун  “Кыргыз адабиятын окутуу теориясы жана практикасы деген эмгегинде Жамийла менен Даниярга томонкудой муноздук салыштыруу жургузулгон.Жамийладагы башкы сапаттардын бири –анын бакыт, суйуу издоого умтулуусу.Ал жуздогон миндеген кыргыз кыздарына окшоп “таш тушкон жеринде оор” деп жургон жок . Ал эми Даниярдын образы аркылуу адамгерчиликти ,жонокойлукту ,байлыгы болбосо да инсандык сапаты жогорулугун ачып беруубуз зарыл

| каармандар | | | Муноздору боюнча | Портреттери боюнча |
|---|---|---|---|---|
| Жамийла | | | Шайыр шамдагай,тамашакой,бала кыял,тентек.кайраттуу,бетке чабар,тартынбас, | Шынга бойлуу,белдуу,чымкый кара суйру коздуу,балкылдак тогорок жуздуу |
| Данияр | | | Басмырт оор ,оной менен чечилип суйлобогон.уялчаак,тунт ,кайраттуу,эрки кучтуу.эч кимге кошулбайт | Тартагай ,москоол.чап жаак,кабагы дайыма чарчанкы,козу бир калыпта ,чарчанкы тиктейт |

Мисалга алсак  Жамийланын Осмон менен айтышып кетүүсү анын моралдык сапатын далилдесе Данияр менен кетээрдеги анын кыйналуусу, психологиялык абалы каармандын ички дүйнөсүндөгү адамгерчиликти түшүндүрөт. Ушул жердеги баяндоолорду ачып берүү менен окуучуларга Жамийланын сүйүүнү баалай билүүсүн, адамгерчилигин, жашоодогу туюк абалга кабылып, андан чыга албай кыйналышын, бакыттын жолун издөөсүн тушундуруу менен Жамийлага окшоп жаңылбоого үйрөтүү сезимин өстүрөт.

“Фудзиямадагы кадыр түн” пьесасында адамгерчиликти ыймандуулукту чагылдырууга көптөгөн умтулуулар чагылдырылган

Мисалы төмөнкү тизмектерди карап көрөлү

“Эзелтен чечилбеген улуу талаш,

Канткенде адам уулу адам болот?

Ураалап жоо кууса да ушул талаш.

Канткенде адам уулу адам болот?

Бул тизмектерден адамдык сапатка болгон көз караашты, адам канткенде адам болору жөнүндөгү идеялар камтылган.

Жогорудагы жомок аңгеме, драма түрүндөгү чыгармаларды окутуу аркылуу окуучулардын инсандык сапатын калыптандыруу бүгүнкү күндөгү маанилүү маселе экендиги көрүнүп турат.

Кантсе да азыркы учурда мектептерде балдардын жан дүйнөсүн инсандык сапатын калыптандыруу учун окутууну, тарбиялоону мектеп партасынан баштоо зарыл экендиги байкалууда. Төмөнкү принциптерди колдонуу менен тарбияны бирдиктүү жүргүзүү зарыл демекчибиз.

- Тарбиянын аң сезимдүүлүгү
- Көпчүлүктүн пикирин эске алуу, элдик салттарды сактоо
- Улууларды кичүүлөрдүн сыйлай билиши

тарбиялык маселелерине активдүүлүк менен көңүл буруп, адамзаттын жашоосунун ар кыл сферасында адамды жана инсанды өнүктүрүп, калыптандырууга өзүнүн чоң салымын кошуп, чыгармаларында чагылдырып келген.

Чыңгыз Айтматовдун ар бир чыгармасы өзүнүн философиялык-теориялык, педагогикалык таасирдүүлүгү, актуалдуулугу, проблемалуугу, ачык айкындуулугу менен каарманды өзүно тартат жана адамгерчиликке чакырат. Коом өнүккөн сайын адамдардын аң -сезими көз караштары ошого жараша өзгөрүп, калыптанып турары белгилүү. Азыркы күндө келечек муундарды тарбиялоо үчүн жазуучунун ар бир чыгармасы негизги каражат боло алат десек жанылышпайбыз. Чыңгыз Айтматов азыркы биз жашап жаткан доордун татаал жана карама-каршылыктуу экендигин эң жакшы түшүнө билген жана чыгармаларында чагылдырган. Жазуучунун эң ыйык

милдети адам ,инсан жөнүндө ойлонуу, анын келечеги жөнундө тынчсыздануу адамды инсан катары тарбиялоо, аны ар тараптан калыптандыруу болгон. Анын төмөнкүдөй көз карашын карап көрсөк: “Тышкы шарт, кырдаалдар адамдын бактысына өбөлгө түзөрун тануута болбойт, бирок адамдын тагдыры анын өз колунда экендиги талашсыз чындык”. Бул көз караштан коомдо өнүгүп өсүү үчүн адам өзү тынымсыз аракеттенүүсү зарыл жана ички мотифдин негизинде калыптанууга ээ болуу керектигин көрөбүз. Сөздүн керемет күчү, олуттуу ой толгоосу ушул белем, кайсы көз караштаы бекем тутпасын адам инсаны доордун урунттуу, татаал проблемаларына, жүрөктү өйүткөн.

Азыркы учурда эн орчундуу, глобалдуу маселе дүйнөдө тынчтыкты сактоо, адамды инсандык сапаттар менен куралдандыруу адамгерчилик менен байытуу болууда.

Ч. Айтматовдун жашоонун маңызы, эртең кыргыздарды эмне күтүп жаткандыгы, көз карандысыз, өз алдынча улут болуу үчүн эмне кылуу керектиги жөнүндөгү ойлору жалпы кыргыз эли учун, Конфуцийдин осуяттары кытайлар үчүн кандай мааниге ээ болсо, дал ошондой мааниге ээ болуп, акыл-ойдун казынасына айланат.

Негизинен 7-9-класстарда “Саманчынын жолу”,”Ак кеме” ,”Биринчи мугалим” повесттери атайын саатар менен бөлүнгөн ага кошумча төмөнкүдөй чиймелерди кошумчалайбыз.

| чыгармалары | каармандары | үлгү сапаттары | Кандай сапаттарга тарбиялайт |
|---|---|---|---|
| “Саманчынын жолу” | Толгонай , | Боорукердиги,кайраттуулугу,мекенге болгон сүйүүсү,энелик мээриминин чексиздиги,келинине ,небересине болгон тунук | Боорукердикке,кайраттуулукка,каармандыкка,мекенди сүйүүгө,энелик мээримге,бүгүнкү күндө жат болуп калган кошуналык ыйык мамилеге, улуттук маданиятка ,элдин келечеги болгон аскердик |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | мамилеси,айылга кошуналарга болгон урматтоосу,жоокер балдарына болгон туура тарбиясы | тарбияга,жаратылышты сүйүүгө,адамды инсан катары баалай билүүгө |
| | Майсалбек | Мекенчилдиги,кайраттуулугу,энени урматтоосу,өз кызыкчылыгынан мекендин кызыкчылыгын жогору коюусу,мугалимдик кесипке умтулуусу,энени баалап,аяп, ички сезимдерин кат аркылуу билдирүүсү | Мекенди сүйүүгө,кайраттуулука,боорукердикке,инсандык сапаттын калыптанышына,аскердик милдетти жогору коюуга,энени сыйлоого,мугалимдин ордун баалоого,ыймандуулукка,өз кызыкчылыгынан мекенди жогору коюуга. |

Ал эми “Ак кеме” повестиндеги негизги каарман Момундун үлгү сапаттарын талдап карасак төмөнкүдөй берилмекчи

| чыгармалары | каармандар | Бөлүнгөн сааты,классы | Үлгү сапаттары | Эмнеге ,кандай сапаттарга тарбиялайт? |
|---|---|---|---|---|

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| “Ак кеме” | Момун. | 9-кл<br>4саат | Адамгерчилиги,ыймандуулугу,боорукердиги,балага болгон жылуу,мээримдүү мамилеси,экологияны баалоосу,Бугу энени сыйлоосу,жомогу менен баланы таарбиялоосу,жаш баладай чыныгы момундук сапаты,эмгекчилдиги,адамдарга жана жаныбарларга ,улуттук каада салтка,жомокко болгон ишеничи | Адамгерчиликке,ыймандуулукка ,боорукердикке,жаратылышты сүйүүгө,жан-жаныбарларды сактоого,алардын да адамдардай эле жашоодогу ордун баалоого,кырып жоюуга каршы турууга, тарбиялайт. |
| | Бала | | Боорукер,ак ниет,ишенчээк,жаратылышты баалайт,таятанын жомогуна ишенет,ата энесин сагынат,ак кемени дайыма күтөт,Бугу энеден таежесине бешик сурайт,ак кагаздай пейили таза ,наристелик тазалыгы,Орозкулга дагы жакшылык каалоосу ,бала болсо да аны түшүнүүсү | Боорукердике ,наристедей таза пейилге,жаратылышты сүйүүгө,жомокторду баалай билүүгө, ,улууларды сыйлоого,үй-бүлөнү сактоого<br>,ажырашуунун негизинде баланы башкаларга көз каранды кылбоого |

Ал эми 11-класстарда “Жамийла”повестине 5саат дил баян 1 саат,”Делбиримге”4 саат,”Кылым карытар бир күн “7 саат бөлүнгөн

Делбирим повести боюнча төмөнкүдөй класстер сунуштайбыз.

| Чыгарманын аталышы | каармандар | үлгү болорлук сапаттары | Кандай сапаттарга тарбиялайбыз? |
|---|---|---|---|
| “Делбирим” | Иляз | Ак ниет,эмгекчил,өжөр,мекенчил,намысчыл, | Ак ниеттүүлүккө,эмгекчилдикке,Иляздын адашуусунун негизинде ката кетирбөө үчүн туруктуулукка,ишенимдүүлүккө |
| | Асел | Боорукер,туруктуу,мээримдүүлүгү,калыстыгы,ишенчээктиги,ыймандуулугу,сабырдуулугу,наристеге болгон энелик мээрими. | Боорукердикке,ыймандуулукка,калыс болууга,бирок турмуш үчүн ,тагдыр үчүн күрөшүүгө . |

С.Рысбаевдин “ Баланын китеп окуусун уюштуруунун технологиялары “деген эмгегинде текстеги каармандардын образдарын ачууда окуучулар төмөндөгүдөй компетенцияларга ээ болууга тийиш экендигин айткан биз ошол эмгекти колдонуу менен төмөнкүлөрдү сунуштадык.

Ал компетенциялар төмөнкүлөр.

- ***ТЕКСТИН АТЫН ТАЛДАП ТҮШҮНҮҮ***

- ТЕКСТИН ТЕМАСЫН ТАЛДАП ТҮШҮНҮҮ
- -ТЕКСТИН СЮЖЕТИН ТАЛДАП ТУШҮНҮҮ;
- -ТЕКСТИН МАЗМУНУН ТАЛДАП ТҮШҮНҮҮ:
- -ТЕКСТИН ИДЕЯСЫН ТАЛДАП ТҮШҮНҮҮ;--
- -ТЕКСТТЕ КОЮЛУП ЖАТКАН ПРОБЛЕМАНЫ ТАЛДАП ТҮШҮНҮҮ.
- -ТЕКСТИН СТИЛИН ТАЛДАП ТҮШҮНҮҮ
- ЭМИ ТЕКСТТИ ОКУГАНДАН КИЙИНКИ АТКАРЫЛЧУ ИШТЕР
- -ТЕКСТИН ТАРБИЯЛЫК МААНИСИН АЧЫП БЕРҮҮ
- -ТЕКСТТЕГИ КААРМАНДАРДЫН КЫЛЫК ЖОРУКТАРЫН МҮНӨЗДӨӨ
- -КААРМАНДАРДЫН ОБРАЗДАРЫН КӨРКТҮҮ ОКУУ.
- -КААЛООСУНА ЖАРАША ПИКИР ЖАЗУУ
- -КААРМАНДАРДЫН СҮРӨТТӨРҮН ЭЛЕСТЕТИП ДИЛ БАЯН ЖАЗУУ

Жогоруда берилген каармандардын инсандык сапаттарын чагылдырган чиймелерди колдонуп,окуучулардын кабыл алуу .өздөштүрүү деңгээлине жараша калыптандыруучу баалоонун негизинде критерийлерди колдонуу ааркылуу 5 баллдык системада баалайбыз.

1) Каармандардын оң жана терс образдарын ажырата билсе

2)Көркөм окуп,түшүнүк айта алса.

3)Ар бир каарманга мүноздөмө бере алса

4)Теманын маанисин инсандык үлгү сапат менен байланыштырса

5)Эмоционалдык эрктик сапаттарды айырмалай билсе.

6) теориялык түшүнүктөрдү жашоо менен байланыштырса.

7)Каарманга карата өз жеке пикирин айта алса

8)Жаттап окуу менен чектелбестен түшүнүп окуса

9)Каармандын үлгү сапаты менен бирге терс сапаттарын билсе

Жогорудагы критерийлердин өздөштүрүүсуно жараша 5 балдык система менен баалоо жүргүзөбүз.

**Биринчи глава боюнча корутунду**

Азыркы күндө мектептерде Ч. Айтматовдун чыгармаларын окутуу мамлекеттик стандарттын негизинде бир тармактуу окулуп келүүдө.

Мектептердин окуу программасында Ч. Айтматовдун чыгармалары ар бир класста белгилүү саат боюнча берилип, кошумча сааттар тарбиялык негизде программага камтылган.

Жазуучунун чыгармаларындагы оң каармандардын үлгү сапаттарын өзгөчө басым менен окутуу азырынча кенен негизде жүргүзүлбөй кыска мазмунда көмүскө мааниде берилип келгенине мектептерге жургузгөн эксперименттерибизде күбө болдук.

Албетте жогорудагы айтылып жаткан оң жана терс каармандар жалпыланып окулуп, ар бир каарман сюжеттик негизге ээ болгону белгилүү көрүнуш болуп эсептелет.

Изилдөөбүздүн негизги максаты мектептерде Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын мыкты үлгү сапаттарынын үйрөнүлүш абалы болгондуктан бул боюнча С Рысбаевдин кыргыз тили адабияты мугалимдерине сунушталган кошумча программалары жана А. Муратовдун “Окуучулардын адабий -теориялык түшүнүктөрүн калыптандыруунун жолдору”, С Б. Батаканованын, А Акматалиевдин эмгектери колдонулду.

Негизинен мектептерде Ч. Айтматовдун чыгармаларын окутуудагы кыргыз тили жана адабияты дисциплиналарынын саат жүктөмдөрүнө анализ жасалды жана алар бир нече типтуу программалык гимназия жана жөнөкөй

мектептерде каралды. Жогорку класстарда дил баяндын түрлөрү ,эссе жаздырылып, карточкалар таркатылып,жооптору алынды. Аныктоочу экспериментте кандай өзгөчөлүк изилдөөчү экспериментте кандай өзгөчөлүк окутуучу экспериментте кандай өзгөчөлүк болгондугун салыштырып изилдөө менен белгилүү жыйынтыкка ээ болдук.

Мектептерде окулуучу жазуучунун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттарын өзгөчө басым менен окутууга анализ жасалып, талдоо жүргузүлдү. Ошондой эле эксперименттик ишибизде жогорудагы илимий негиздерге таянып, инсандык таалим-тарбия идеяларын жалпы педагогикада аныкталган тарбия принциптерин методдор менен байланышта карадык. Инсандык калыптануунун, тарбиялоонун белгилери аныкталып, чиймеде көрсөтүлдү. Ал инсандык үлгү сапаттар мекенчилдик, эмгекчилдик, адамгерчилик, акыл-эстин сергектиги, жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды сүйүү жана коргоо (экологиялык) сергектик сыяктуу тарбиялык баалуулуктарды камтый тургандыгы аныкталды.

С. Рысбаев, Алимбеков, Э. Мамбетакунов жана Т. Сияевдердин окууга тарбиялоо принциптери менен методдору колдоого алынып, алар бири бири менен толукталып турары такталды жана аларды изилдөөбүзгө таяныч катары колдондук. Изилдөөдө мына ушул багытта айтылган окумуштуулардын ойлору, эмгектери талданып берилди жана алар мындан аркы окуу-тарбия иштерин байытууда өз салымдарын киргизет деген ойдобуз.

# 2-глава

## Ч. Айтматовдун повесттериндеги каармандардын инсандык сапаттары аркылууокуучуларды үлгү сапаттарга калыптандыруу жана аларды окуп үйрөнүүнүн методдору

### 2.1. Жогорку класстарда Ч. Айтматовдун повесстериндеги каармандардын инсандык сапаттарынын классификациясы жана

**аларды окуп үйрөнүүнүн методдору**

Жаш муундарды окутуп- тарбиялоо процессин уюштурууда алардын адамдык, инсандык, мүнөздүк, темпераменттик мүмкүнчүлүгүн, алардын психологиялык таануу процесстерин, жөндомдүүлүгүн, акыл-эстик, тарбиялык негиздерин эске алуу мугалимдердин эн негизги милдеттеринин бири.

Үй-бүлөдө ата-эне балдарга туура тарбия берип, акылдуу боорукер, эмгекчил, жакшы адамдык сапаттарды өздөштүрүүсүнө багыт берип, зээндүү кылып тарбиялоосу зарыл, ар бир баланын жөндөмдүүлүгүнө жараша багыт берип, эмгекке тарбиялап, жумушка бышыруусу керек. Ал эми мектептерде ата-эне менен бирдикте мугалимдер окутуу тарбиялоо иштерин туура алып баруусу зарыл.

Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу жогорудагы көйгөйлөрдү тарбиялоонун чоң мүмкүнчүлүктөрү келип чыгат.

Кыргыз адабияты сабагында Ч. Айтматовдун повесттериндеги каармандардын үлгү сапаттарын кошумча программа менен терендетип окутуу түздөн -түз кыргыз балдарынын адамдык жана инсандык сапаттарынын калыптанышына таасирин тийгизүүчү таасирлердин эң орчундууларынан болуп эсептелет.

Окуу процессинде мугалимдер окутуу методдорун окуучулардын жаш курагына карап этаптуу программа менен окутушат, анткени ар бир жаштагылардын өзүнчө курактык өзгөчөлүктөрү, жөндөмдөрү, ички жана тышкы мотивдери бар. Ошол мотивдерди айрыкча ички мотивдерди жогорулатуу учун 10-11-класстагы окуучулар үчүн окутуу жана тарбиялоодо психологиялык жана педагогикалык методдорду сабак өтүүдө көргөзмөлүүлүк принциби менен айкалыштырып өтүү өз жемишин берет деген ойдобуз.

Көбүнчө көргөзмөлүү образдуу түшүнуктөр окуучулардын ойлоо, кыялдануу, элестетүү сыяктуу психологиялык түшүнуктөрүнө чоң таасирин

берет.

10-11-класстагы окуучулардын дүйнө таануусу жаратылышты таануусу инсандык калыптануусунда төмөнкүдөй өзгөчөлүктөр кездешет.

- Бул жаштагылар үчүн көркөм чыгармалар, адабий негиздер чоң мааниге ээ.
- Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык сапаттар окуучулар үчүн каражат катары колдонулат.
- Окуучулар бул чыгармалардан дүйно таанууну, мекенди сүйүүнү патриоттуулукту, аң-сезимдүүлүктү адамгерчиликти үйрөнушөт
- каармандардын образдары аркылуу табиятка, мамиле жасоону өздөштүрүшөт.
- Инсандык калыптануусу түптөлөт.

Өспүрүм курактагы балдардын адабий көркөм чыгармаларга көңүл буруусу, кабыл алуусу көбүнчө эрксиз туруксуз болсо, жаштыктын алгачкы этабындагы окуучулар үчүн адабий көркөм чыгармадагы оң сапаттагы каармандардын көргөзмөлүү принцип менен жаңы усулдарды колдонуп окулушу эске сактоо, ойлоо процесстеринин калыптанышына жемиштүү таасирин тийгизет деген ойдобуз.

Жалпылап алганда, мектеп окуучуларына Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы оң каармандардын мыкты сапаттарын жогорку денгеелде окутуу алардын ички дүйнөсүн байытып, адамдык сапатын калыптандырат.

Ошондуктан мектеп окуучуларын жогорку денгээлде окутуп, тарбиялоодо мугалимдин да ички дүйнөсү таза болуп, өз билимин тынымсыз өркүндөтүп, жаңы илимий усулдарды колдонууга аракет кылуусу зарыл.

В. А. Сухомлинский: “ Жакшы мугалимдин бир эле сабагында бир окуучу беш татаал маселелерди чыгаргыча, экинчи бирөө бир жөнөкөй маселени зорго чыгарат. Ар бир окуучу маселе чыгарууда өз алына жараша алдыга жылат” деген ойду айтуу менен окуу-тарбия ишинде балдардын инсандык өзгөчөлүктөрун толук эске алуунун өтө зарылдыгын белгилеген.

(156 б)

Мектеп окуучуларын инсандык сапатка тарбиялоодо жогоруда айтылып кеткендей эле мугалимдер биринчи мезгилде Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык мыкты сапаттарды жогорку деңгээлде өздөштүрүп, уюткулуу сабактарды өтүүсү бүгүнкү күндүн талабы болууда.

Көркөм чыгарма мектеп окуучуларын адамдык сапатка калыптандырууда негизги мааниге ээ болуучу каражат болуп эсептелет.

Улуттук өзгөчөлүктөрдү унутта калтырбай кийинки муундарга берүүнүн көркөм чыгармалар аркылуу жеткирилиши улуу муун учун кечиктирилгис милдет. Бул маселелердин бардыгы Ч. Айтматовдун чыгармаларында камтылат.

Жогорудагыдай өзгөчөлүктөрдү эске алып окутуу тарбия берүү бугүнкү күндөгү мектептерде эске алынуучу эреже болуусу зарыл, себеби жеке өз, чыгармачылыкты эске алуу, өнүктүрүүнүн өзү окуучунун психологиялык, индивидуалдык өзгөчөлүгүнө билимине, шык, жөндөмүнө түрткү берери негизделди.

“Ошондуктан, окутуунун мазмунун, талаптын деңгээлин деги абалын сактоо менен, биринчилерден болуп, мектепте окуучунун денгээлине, ички мотивине жараша окутуубуз зарыл, табиятта дайыма эле теңдемечилик боло бербейт, андан көрөкчө, ар түрдүү интелектеги, бири бирине окшобогон кызыкчылыктары, шык, жөндөмү бар балдар бар экендигин эске алуу керек, ”-деп жазат профессор. К. Добаев. (71) .

Биз изденүүчү экспериментибизде жогорудагы чыгармалардагы каармандардын үлгү сапаттары боюнча бир нече класстарга (гимназия жана женекей класстарга) кирип ангемелештик, тесттерди таркатып, жоопторун алдык жана мектеп мугалимдери менен ангемелештик. Аңгемелешүүнүн негизинде окуучулар Ч. Айтматовдун чыгармаларын жакшы өздөштүргөнү менен каармандардагы инсандык сапаттарды терең өздөштүргөнү албагандары байкалды. Анын негизинде биз повесттерди окутуп,

тарбиялоодо адамдык сапатты, ыймандуулукту жогорку деңгээлге чыгаруу үчүн салттуу усулдар менен интерактивдүү усулдарды, принциптерди, окутуунун каражаттарын сунуштоо аркылуу инсандык калыптандырууну түптөлөрү болорун байкадык жана түрдүү усулдар, технологиялар менен окутуу адеп ыйманга тарбиялоонун каражаты болорун мектеп мугалимдери да аңдап түшүнүштү.

Демек бул иш аракеттердин натыйжасында окутуу тарбиялоо жемиштүү болорун биз тажрыйбабыздан байкадык.

Ч. Айтматовдун повесттериндеги каармандар аркылуу жаш муундарга адамгерчиликти калыптандыруу.

Азыркы мезгилде коомдун саясий социалдык жана маданий интелектуалдык турмушунда орчундуу проблемалар келип чыгууда. Бул адамгерчиликтин, адамдык мыкты сапаттардын азыркы кундегу маанилуу маселе экендигин тушундурет жана ушул эле адамгерчиликтин келечек муундар үчүн жетишсиз болбой жаткандыгы өкүндүрөт. Бүгүнкү татаал шартта билим берүү мекемелеринде жаш муундарга билим берүүнүн, адамгерчиликке тарбиялоонун, билгичтиктерин өнүктүрүү учурдагы шартка ылайык жүргүзүлүшү мектеп программасынан башталышы зарыл. Ички дүйнөсү таза келечек мууундарды адамдык оң сапаттар аркылуу тарбиялоодо Ч. Айтматовдун повестериндеги каармандар жана алардын үлгү сапаттары инсан катары калыптанууга чоң таасирин тийгизери мектеп окуучулары менен болгон семинардык сабактарды өткөрүүдө тесттерди аткарууда, дил баян жазууда белгилүү болду. Ч. Айтматовдун чыгармаларын тереңдетип, инсандык мыкты сапаттарды окуп уйренуунун технологияларын тузуп жаны усулдар аркылуу сабак етуу менен окуучулардын адамгерчилик сапаттарын калыптандыруу азыркы кундун негизги милдети болууга тийиш. Залкар жазуучу Ч. Айтматовдун “Бетме-бет” повестиндеги Сейденин оң жана терс образын салыштыруу идеясы мектеп окуучуларына тапшырма берилгенде алар көбүнчө Сейденин боорукер болуп, Ысмайылды аяганын

качан гана Ысмайыл Тотойдун жалгыз уюн уурдаганда анын адамдык сапаты жамандыка каршы туруп, тагдырга бетме-бет чыкканын айтышат. Тотойдун үйү жанаша жерде болгондуктан, анын ар бир кыймылы Сейдеге белгилүү эле. Ысмайылга тамак алып бара жаткан Сейде Тотойду жолдон жолуктурду анын арык жүзүн карап өзүн  күнөөлүү сезип кетти. Сейде Тотойдун артынан карап, ага эмне дээрин билбей кыйналды. Адамгерчилиги тоодой болгон ушул кичинекей арык аялдын боорукердиги анын кайраты да боштугу да, жанга жылуу тийип, бир чети өзү билбей аны сен да мендейсин деп айыптап кеткенсиди.Өзүнүн бул туюк сезимдерине Сейде жооп таба албай “Эми мен кантейин, ар ким пешенесине жазганын керет да! Балдарынын багы болсо атасы кайтып келээр: -деп жатты. Бул чыгарма аркылуу  күйөөсү качык болуп жүргөнү үчүн өзү күнөөлүүдөй Тотойдун жанында кыйналган Сейденин образы сүрөттөлөт.

Ал эми терс каарман болгон Ысмайыл тууралуу сөз  кылсак окуучулардын дил баянын мисал катары   баяндалат.

Ысмайыл ошол күнү уй  уурдады.
Мүшөккө эт көтөрүп, үйгө барды.
Жетимдерге боор ооруп турган Сейде
Ысмайылдын күнөөсүн сезип калды
Адамдык, боорукердик ыйык сезим
Бетме -бет кездешүүгө алып барды

Жогорудагы окуучулардын дил баянынан алынган ыр тизмеги аркылуу Сейденин жан дүйнөсүндө адамгерчилик күйөөсүн жашырып жүрүүгө жол койбостон аёо сезими жоголуп, Ысмайылды ачыкка чыгарып, бетме –бет кездешүүгө чакырды. Бул көрүнүштөн биз кыргыз келинин кайраттуулугун, уяттуулугун, намысты жогору койгонун үлгү сапат деп эсептеп ошол жөнөкөй келиндеги инсандык сапаттын жогорулугун интерактивдүү жана салттуу усулдар менен айкалыштырып окутуу тарбиялоодо кеңири колдонсок деген ойдобуз.

Ал эми кээ бир окуучулар  дил баянында Ысмайылды жамандабастан аны аёо менен карап, качкындын ички дүйнөсүн баласына болгон мээримин, Чаткалга көчүп барып, келечектин камын көргөнүн баяндашат, алардын айта турган ойлору согуштан бирөөнү өлтүрбөө үчүн, эркиндикти сүйүп, баласы энеси үчүн качып келгенин баяндашат.

Экинчи топтогу окуучулар болсо тескерисинче Ысмайылды качкын зөөкүр, ууру өзүмчүл катары сүрөттөп беришет. Бул көз караштар аркылуу окутуудагы “сүрөттөө модели” негизги каражат болорун айтып өтсөк болот. “Сүрөттөө модели” функциялык маанисинде психологияда кабыл алынып, ”Көрсөтмөлүү  билим” деп түшундүрүлөт (3) 122.. Бул чыгармада Сейденин Ысмайылдын жашынган жерин көрсөтүү үчүн бара жаткан мезгили сүрөттөө моделин өзүнө камтыйт. Бетинен киргилт тер куюлган, капкара түнөргөн Ысмайыл Сейдеге жакындап, бетме-бет келгенде, көзү алачакмактанып, мурунку Сейде эмес, кандайдыр башка, кандайдыр өзүнүн укмуштуу күчүн, өз артыкчылыгын, адалдыгын билип жалтанып койбостон, баласын көтөрүп, чачы боз-ала, жылаңбаш аялдын маңкайып турганын көрдү.

Ал эми “чечүү модели” Ысмайылдын солдаттарга каршылыгын токтотуп, мылтыгын ташка жанчып койгон жерде көрүнөт. Сейде анын көзүнө бийик көрүнуп, ал өзү анын жанында кирбийгенсип, башын ийнине катып бир нерсе айтайын деп, оозун чала ачкан бойдон, Сейденин жаш аралашкан көзүн бир карап, мылтыгын тээ тигиндей ташка жанчып ыргытты да, колун көтөрүп, мылтыгын сундуруп келе жаткан солдаттарга корголоду.

Ушул эле тема аркылуу адамдык үлгү сапаттарды калыптандырууда окуучуларга синквейн түздүрүү дагы жемиштүү болору белгиленди.

Окуучуларды үч топко бөлүү менен синквейн түзүү тапшырмасы берилет


1-топ Сейдеге, 2-топ Ысмайылга, 3-топ Мырзакулга синквейн түзүшөт.

- топ, Сейде, Боорукер, жашырат, багат, тушунөт, Баланын энеси. Адам
- топ,  Ысмайыл, Коркок, жашынат, коркот, колго түшөт. Качкын.

- топ, Мырзакул, Кайраттуу, эмгектенет, издейт, кармайт, мекенчил.

Синквейн түзүү аркылуу окуучулар адамдык сапаттарды тандоону үйрөнүшөт жана окутуу кызыктуу, жеткиликтүү болот депэсептейбиз.

**Бетме-бет повестиндеги Сейде менен Ысмайылдын сапаттарынын берилиши.**




Н.Ишекеевдин “көркөм чыгармаларды окутуунун методикасы” деген эмгегинде Ч. Айтматовдун “Бетме-бет” повестин окутууда проблемалык сабакты уюштуруу боюнча төмөндөгүдөй талдоолорду сунуштаган. Бул изилдөөлөргө таянуу менен төмөндөгүдөй негиздерди байкап изилдөөбүзгө киргиздик.

“Бетме-бет” повести боюнча проблемалык сабак өтүүнүн алгачкы этаптарында окуучулар повесттин тексти менен алдын-ала таанышышат. Киришүү бөлүгүндө мугалим Ч. Айтматовдун өмүрүнө, чыгармачылыгына, кыскача мүнөздөмө берет. Жазуучунун чыгармаларындагы Адам жана согуш проблемасына токтолот. Анан чыгарманы үйдө, класста окуу, айрым коментарий түшүндүрмөлөрдү жазуу, адат салтка айланган талдоодон кандайдыр бир даражада өткөрүү жүзөгө ашырылат. Милдеттүү түрдө сөз зергеринин повест жөнүндө өзүнүн баян дастанын, өмүр баяндык планда таржымалын (Айтматов Ч. Манас атанын ак кар көк музу: Кыргызстан, 1981, 219-254-ББ.) жаздыруу проблемалык сабакка “жашыл жарык” болупбере

алат. Даярдык этаптарынан соң төмөнкү проблемаларды окуучуларга сунуш кылуу проблемалык баяндоо балдардын көркөм-эстетикалык, руханий-адабий кампасын байытып гана тим болбостон, социалдык, адеп ахлактык жактан активдүүлүккө үндөп, акыйкатта коомдун татыктуу инсан азаматы болууга чакырып турат.

Алдыга коюлган адабий педагогикалык максат мүдөөнү ишке ашыруу үчүн окуучуларга төмөнкүдөй проблемалык суроо-талапты сунуш этсе болот.

- Ч. Айтматовдун "Бетме-бет" повести эмне үчүн түнкү пейзажды сүрөттөөдөн башталат же бул картина чыгармада кандайдыр бир көркөм милдет аткарабы?
- "Мүмкүн, Сейденин бактысы да ошондо ушул сыяктуу арачоло ачылып калды бекен" деген саптарды кандай түшүнсө болот?
- "Сейде :-Энемдин баласы"-деп кучактап жыгылса да Ысмайылдын "бир нерседен корккондой" болуп жатышынын сыры эмнеде?
- Ысмайылдын армиядан качып келгени туура эмес иш экенин билип турса да, эмне үчүн Сейде алгачкы учурда аны Мурзакулга айткан жок?
- Сейденин Ысмайылды кармап беришине жалгыз эле Тотойдун уюн уурдап бериши себеп болдубу, же башка дагы негиздер барбы ?
- Ысмайылды кармоодо Сейдени жибербей эле солдаттар эмне үчүн өздөрү барбады?

Ысмайылдын аскерден качышы улуттук адеп ахлакка мүнөздүүбү, эгер типтүү болбосо жазуучу эмне учун качкындын "уурданган турмушун" повесттин уюткусу кылып алган?.

- Сейденин кайсы сапаты силерге жакты?
- Ысмайылдын кайсы бир мезгилде өз күнөөсүн түшүнөт деп ойлойсунарбы?

Бул проблемалык суроолор кадыресе демейки суроодон айырмаланып, окуучулар үчүн али белгисиз жашырынган көмүскөдөгү билимдин

элементин ичине камтып турат. Тактап айтканда, проблемалык суроодо намыс-ыймандык, атуулдук мекенчилдик, көркөм-эстетикалык мазмун жуурулушкан түрдө берилген.

- Биринчи проблемалык суроого жооп берүүдө мугалим класста көркөм окуу же текстке жакындатып көркөм айтып берүү ыкманы стилистикалык эксперименттри пайдаланат. Ал болжолдуу түрдө төмөнкүдөй болүп берилерин айтып өтсөк.

Повесть Кара-Тоонун капчыгайынан орун алган станциянын түнкү көрүнүшүн сүрөттөө менен башталат. Ошол согуш чыккан жылдын күзүндө бул жерден эшалондар биринин артынан бири батышты көздөй тынбай өтүп жатты, -деп баштайт мугалим проблемалык суроого жооп берүүнү. Андан кийин чыгарманын экспозициясын картинна пейзажды класста көркөм коментарийлөө менен окушат. Ушундан кийин пейзаж-эпизоддогу белгисиз адамдын уурданган шектүү кыймыл-аракетин туюндурган фразаларга окуучулардын көңүлүн айрыкча буруу керек. Негизинен фразаларды дептерге жаздыруу керек Бул балдардын ал сөздөрдү эсте сактап калуусуна мүмкүндүк берет.

- Жазуучу “Бетме-бет “повестинин башкы каарманы Сейденин “ара-чоло ачылып калган тагдыр таржымалын согуш мезгилиндеги драмалык-психологиялык татаал карама каршылыктарда сүрөттөйт. Сейденин мүнөзү чыгармада системалуу берилбейт, автор анын жеке турмушундагы урунт-чордондуу жерлерди гана анализге алат. Ошондуктан мугалим окуучуларга Сейденин өмүр баянын мүнөз-психологиясын көркөм баяндатат.

Ал болжолдуу түрдө төмөнкүдөй болуп берилет.

Сейде айылда туулуп, элетте өскөн кыз. Атасы коңшу колхоздо мал багат. Ысмайылга ал өткөн жайда турмушка чыккан. Согуш болот кимдин оюнда? Сейде ушул кыштакка келин болуп келгенде, апаат күндөрдө кайненеси экөө баш калкалап жаткан ижара тамдын “төрт кез дубалы тургузулуп, үстү жабылганы болбосо, бирок саман, кум шыбактары

жүргүзүлө элек болчу “Буларды алар колхоздон колу бошой калганда ара-чолодо иштешти” Ошондо эмгекти бала кезинен сүйгөн Сейденин там астында күйөөсү менен ылай тебелеп жүргөн күндөрү эсинде. Мугалим өзү окуучуларга тексти көркөм айтуу ыкмасы менен түшүндүрөт.

Жогорку тексте Ч. Айтматов кокусунан кара шыбагы соңуна чыкпай, кум шыбагы такыр жүргүзүлбөй калган үйдүн курулушуна экинчи кайрылып жаткан жок. Мында Сейденин жеке турмушундагы бакты таалайы да толук курулуп бүтпөгөн там сыңары “ара чоло“ ачылып калды деген жазуучунун астыртан эскертүүсү жатат.

- Мугалим проблемалык суроого толук жооп алыш үчүн окуучулардын көңүл маанайын топтоп, көркөм окуу, чыгармачылык менен көркөм айтуу, образдарды салыштыруу, ролдорго бөлүштүрүп окутуу ыкмаларын пайдаланат.

Окуучулар психологиялык маанайды түшундүргөн сөздөрдү бөлүп көрсөтүшөт, аларга таблица түздүрсө да болот. Дептердин барагын экиге бөлүп, негизги оң каарман Сейденин психологиялык абалын түшүндүргөн сөздордү жазышса анын экинчи бөлүгүнө Ысмайылдын абалын түшундүргөн сөздөрдү жазып талкуулашат.

- Проблемалык суроонун пайдубалы төмөнкүчө болот.

Сейде күйөөсүнүн качып келгенин билсе дагы, эч жанга шек алдырбады. Ысмайыл күндүзү  үңкүрдө жатып түнкүсүн уурданып уйгө келет. Ал келгенде терезелерди жылчыксыз бүтөп, эшикти илип отурууну адатка айланткан. Жаш келин өз сүйүүсүн, үй -бүлөсүнүн бакыт таалайын баарынан жогору коёт.

“Мейли качкын болсо качкын, алтын башы аман болсо болду. Эркек деген өзү билет”-деп ойлойт Сейде. Бул сөздөр анын мажес ыймандык концепсиясынын туткунуна бекем чырмалганынын, коомдук инсандык атуулдук позициясы күчтүү экендигин көрсөтүп турат. Ошентип Сейде өз эли жерин душмандардан коргоодон баш тарткан коркок, суу жүрөк, качкын

адамдын коом үчун зыяндуу экендигин көрсө да көрмөксөн болуп “Мекен “деген ыйык сөздүн маани манызын жеткилең андай албайт.

Сейде өз сүйүүсүнүн алдында таза бирок аны эскиче, адат салттардын алкагында кабыл алат да ошого ылайык мамиле жасаарына мугалим кенен турде токтолуп,андан ары анын кеч болсо да адамдык абийири ойгонгонун эске салуусу керек.

Андан ары мугалим Ысмайылдын уй уурдашы менен бирге Сейденин өз күнөөсун түшүнүп, Ысмайылды ачыкка чыгарганын Сейденин Ысмайылга бетме -бет келиши менен жыйынтыктап, ошондо Ысмайылдын көзүнө Сейде “бийик жерде тургандай “өзү анын жанында кирбийгенсип, башын ийнине катып, бүжүрөп” эскиче башкара албай калганын түшүндүрүп кетет.

Ушул күнү Сейде үй-булө жана бакыттын эл журттан, ата конуштан бөлүп кароого эч качан мүмкүн эмес экендигине көзү жетти. Ошентип, Сейде “турмуштун тар жол, тайгак кечүүсүндө “ эскиче жашай албай, өзүнө өзү рухий-ыймандык жактан революция жасап, адеп-ахлактык жактан жаңы баскычка көтөрүлдү.

Ч. Айтматовдун бул повестин окутуу аркылуу ар бир адамдын коомдон ордун табуусун адамдык сапаттын калыптануу этаптарын окуучулардын аң-сезимине сиңирүүнү багыттайбыз десек жанылышпайбыз. Повесттерди изилдөөдө эксперимент учурунда окуучулар жана мугалимдер менен аңгемелештик, Анкеталарды алдык турмуштук тажрыйбаларды билдик, окуучулардын дээрлик көпчүлүгү повесттерди өздөштүргөнү менен повесттердин ичине камтылган каармандардын инсандык сапаттарына анчалык көңүл бурулбаганын айтышты жана мектеп мугалимдери ушул багытта усулдук колдонмолор жарыкка чыкса жакшы болорун айтышты.

Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын образдарына талдоо жүргүзүүдө алар боюнча терең изилдеген К. Асаналиевдин, А Садыковдун, А Акматалиевдин, К Бобуловдун, М Борбугуловдун, Л Укубаеванын, О Ибраимовдун, ж. б. ошондой эле аларды мектепте окутуунун оптималдуу

ыкмаларын, методдорун иштеп чыгышкан К Иманалиевдин, Б Алымовдун, С Байгазиевдин, Н. Ишекеевдин, Н Исамидиновдун, А Муратовдун эмгектерин изилдеп үйрөнүү менен алардын маңыздуу көз караштарын колдонууга аракет жасадык.

Бул көз караш та профессор Н. О. Крост мындай дейт: “Баарыга белгилүү кандай гана чыгарманы талдоодо болбосун, образдар системасын жана каармандардын мүнөзүн текшерүү негизги орунда турат. Бул образ -мүнөздө форма менен мазмундун бирдиги баарыдан ачык көрүнө тургандыгы менен мүнөздөлөт. Образ-мүнөздү талдоо аркылуу биз жазуучунун ошол образды түзүү үчүн колдонгон каражаттары, башкача айтканда тилин, композициясын, акырында чыгарманын көркөмдүк стилинин бөтөнчөлүгүн ачууга мүмкүнчүлүк алабыз. Каармандардын мүнөздөрүн ачууда биз таанытуучулук мааниге ээ болгон чыгарманын идеялык мазмунун түзөбүз. Ал эми анын тарбия берүүү мүнөзү окуучунун инсан катары калыптанышына көркөм адабий материалдын канчалык деңгээлде гулазык болгондугуна жараша аныкталат. Белгилүү методист Л. С. Айзерман ”чыгарма, чыгармадагы образдар дүйнөсүнө берилген жыйынтык, ага коюлган суроолорго жооптор анын көркөм өзөгү”

Ч. Айтматовдун “Бетме-бет” повестиндеги Сейденин образын ачуу үчүн мүнөздөөнүн планын төмөндөгүдөй түзүүгө болот. Сейденин жашоого болгон көз карашы, Сейденин үмүт-тилеги Сейденин үй-бүлөгө болгон мамилеси Ысмайылды аяп, жашыруусу же анын жаңы кез карашка ээ болуусу, чындыктын ачылышы. Мына ушул планды белгилеп алгандан кийин мугалим Сейдеге мүнөздөмө түзүүгө киришет. Мүнөздөмөнү мугалим өзү түзүп, окуучулар аны улантышат. Мугалим тарабынан даярдалып келген план окулат же доскага жазылат. Андан ары окуучулар тарабынан жооптор түзүлөт.

Мисалы Сейде ким жана аны кандай элестетесинер ? Бул суроого окуучулар Сейденин жүрүм-турумун ички дүйнөсүн, социалдык

психологиялык абалын ачууну көздөп аракеттенишет. Биздин изилдөөбүздүн негизги максаты чыгармадагы каармандын үлгү сапаттарын колдонуу аркылуу окуучуларды адамгерчилик менен куралдандыруу болуп эсептелмекчи.

Мугалимдин негизги милдети - Сейденин образындагы татаал кубулуштарды, жан дүйнөсүндөгү психологиялык абалды окуучуларга ачып берүү жана анын окуучуларга таасир этүүчү үлгү сапаттарын сабак мезгилинде жеткире алуу.

Айтматовдун башка повестерин да изилөөбүздө талдасак адамдык сапат, ыймандуулук маселеси, адамгерчилик, инсандык сапаттар ар бир чыгармасында камтылган десек жаңылышпайбыз.

Мисалы:"Биринчи мугалим" повестиндеги негизги каарман болгон Дүйшөндүн образын ала турган болсок бул каармандын аты повест жарыкка чыккан кезде эл арасына желдей тараган, демек анын тарбиялык таасири ошончолук күчтүү болгон. Ошол мезгилдеги Дүйшөндөйй болгон биринчи мугалимдин образын ким жаратты?- деген суроого ошол мезгилдеги коомдун керектөөсү, коомдун талабы жаратты деп айта алабыз. Ал мезгилде кыргыз эли уруучулук-феодалдык түзүлүштөн социализмге багыт алып бараткан мезгили болчу. Ал эми Дүйшөн деген жигит атасы менен тентип ар кай жерде, темир жолдо иштеп жүрүп, орус алфавитинде кат таанып калган экен. Анан армияда кызмат өтөп, аң -сезимине жумушчу калкынын түшүнүгү бир топ деңгээлде жогорулагандыктан, комсомолдук кыймылды баштап, ага мүчө болуптур.

Ошентип Дүйшөн комсомолдук жолдомо менен алыскы тоо айылдарынын бирине келет.

Ал эл менен биринчи эле жолугушкан кезде көз караштардын айырмасы даана сезилди. Карапайым элдин көпчүлүгү эми биз байларга көз каранды болбой калдык, эмне кылсак өз эркибиз дегендей кыязда жүрүшкөн. Муну алар эркиндик деп түшүнүшкөн. Мына Дүйшөндүн аларга берген жообу:

Силер кедейсиңер биз өмүр бою эзилип, тепсенди болуп келген элбиз өкмөт бизди эми көзү ачылсын, кат таанып, билимге жетишсин деп жатат. Мына ошондуктан балдарды окутушубуз керек”. (2.1.517-бет) Дүйшөн сүйлөп бүткөндө жана анын молдолук жайын сураган долдураган киши?”Мейли эми, кылаар ишиң болбосо окутсан окутарсын”-деп койду. Сөз бир киши тарабынан айтылганы менен калгандары деле аны коштоору белгилүү болду.

Ошентип алардын көз карашы боюнча кыларга иши жок “апенди чалыш” Дүйшөн байдын эски сарайын ремонттоп, эшик терезе салып, саман төшөп, от жага турган очок салып, үйгө окшотуп койду. Эми мектепке бала тартуу керек болду. Мына ушул жумуш өтө оор болду, анткени эски жана жаңы көз караштар кату кагылышка тушту. Жашы он бешке жетип калган Алтынайды каардуу жеңеси бул сыяктуу”томаяк куу жетимдерди”коюп, ата-энелүү эркелерди окутуп алгыла”, -деп мектепке жибергиси келбеди. Ошондо”Дүйшөн ордунан секирип тура калды, өңү кумсарып, бүркүт канат каштары куушурула түштү: -Бул эмне дегениңиз, Жетим деген кудайга жазыптырбы?Жетим кыздар окубасын деген закон бар бекен?

- Закун -пакунуң менен ишим жок.
- Байкап сүйлөңүз. Бул кыз силерге кереги жок болсо кеңеш өкүматина керек!” (2. 2. 522-) Караңгы, сабатсыз, окуу дегенден караманча түшүнүгү жок элдин, байлардын чөйрөсүндө жүдөп басынып калбастан Дүйшөн адамдык сапаты менен чымыркanып иштеп жатты. Анын биринчи сабагы мындайча башталды. ”Биринчи күнү бизди жерге төшөлгөн саманга отургузуп, колубузга бирден дептер, бирден калам, ар бирибизге атайлап жасалган кичинекей тактайдан бирден берди да: -Муну тизеңерге коюп кат жазасыңар, -деди. Анан дубалдын бооруна жармаштырып койгон сүрөттү көрсөтүп, - мына бул киши -Ленин деди. —Биз ушул кишинин айткан жолу менен окуйбуз... ” (2, 4. 523-) . Ошондогу он бешке чыгып калган окуучусу Алтынай кийин-кийин кайра көз алдына элестетип мындай дейт: ”Ошондо биз үчүн, айылдын четине чыгып кербеген тоо койнундагы кыргыз балдары

үчүн бул мектеп деп аталган туш-туш жыртыгынан шамал ышкырып, эшигинин жылчыктарынан тээ алыстагы ак карлуу тоо чокулары көрүнгөн ышталган котур тамда кулак угуп, көз көрбөгөн жаңы дүйнө ачылды” (2. 5. 524 бет) . Дүйшөндү биринчи мугалимди эскерип сөз сүйлөп жаткан Алтынайдын төмөнкү сөздөрү анын инсандык сапатынын жогорулугун адамдык сапатын далилдеп турат. ”биз анын билиминен да мурун анын тунук адамгерчилигин, биз үчүн болгон илгери үмүт жакшы тилегин, бала болсок да баалап урматтай турганбыз, Антпесе тизеден кар кечип, кычыраган аязда, борошодо жетелешип, айылдан алыс турган мектепке барасыңар деп, жаман тамда көк муштумдай көгөрүп сабак окуйсун деп зордогон эч ким болгон эмес. Бети башыбыз кыроо болуп кетсе дагы чыдап, улам кезектешип, бирибиз печкага от жагып, колу-бутту жылытып жатканда, калганыбыз баш тартпай Дүйшөндүн айтканын угуп көрсөткөнүн үйрөнүп окуп отурчубуз” (2. 6. 527- бет). Дүйшөндүн мындай аракетине тымызын каршылыктар жүрүп жатты.Анын бир мисалы болуп төмөнкүнү айта алабыз., Мектептеги окуучулардын эң чоңу ,зиреги Алтынайды жеңеси бейтааныш ,кундуз тебетей өзүнөн жашы өтө чоң күйөөгө узатмакчы болду. Дүйшөдүн каршылыгына карабастан мектепти талкалап, Алтынайды алып кетишти, бирок Дүйшөн милиция менен барып, Алтынайды алардын колунан алып чыгып, окууга жөнөттү. Бул алгачкы жолу аялдардын эркиндик алышы эле. Ырасында эле Дүйшондөр куруп жаткан жаңы заман тоодой каршылык болсо да акырындык менен алга жылып баратты. Дүйшөн өкмөт менен сүйлөшүп, Алтынайды Ташкентке балдар үйүнө жөнөтүш үчүн темир жол станциясына чейин узатып келди. Коштошуп жатып мындай деп сүйлөдү:”Мен сени өмүрү жанымдан чыгарбас элем, бирок менин билимим жетпейт, кантейин окуунун чыныгы жолунан сени калтыра албайм. Мен болсом ушул жерде кармашып балдарды окута берем. Күчүм канча жетсе ошончо окута берем. Балким, сен дагы кийин балдарды окутуп калсаң, биздин жаман мектепти эстеп күлөрсүн. ” (2. 12. 544-бет) .

Ооба, дал ошондой болду. Бирок Дүйшөндү жана анын мектебин сынап күлгөндөр Алтынайлар эмес, алардан кийин төрөлгөн курсагы ток кийими бүтун совет өкмөтү тарбиялап өстүргөн эрке талтаңдар эле. Андан кийин “жаны мектептин” ачылышы болуп, ага академик Алтынай Сулайманова өзү да чакырылган. Чогулуштан кийин мектептин директорунун үйүндө сый тамакта отурушкан. Ошол тушта Дүйшөн почточу бир топ газета журналдарды жана мектепти мурда бүткөндордүнн телеграммаларын өзү түшпөй бир балага кармата салып, кызматын улантыш үчүн басып кетти. “Аңгыча болбой төрдө отурган айыл арасындагы кадырман кишилердин бири чөйчөктү колуна алып, сөз баштап калды: -Жолдоштор, бир кездерде биз “А” деген тамганы тааныбаган Дүйшөндүн мектебинде да окудук эле, -ал бул сөздү таң калгандай күлө сүйлөп, башын чайкады, -азыр ошол эсиме түшүп жатат.

- Ырас, ырас дешти башкалар.
- Ой Дүйшөндун жоругу курусун, ушуну да мугалим деп окутуучу деп жүргөн экенбиз да!

Каткырган күлкулөр бастай калганда жанагы киши сөзүн улантты:- Мына эми алдыбыз өлкөгө даңкы чыккан академик болуп, артыбыз жогорку орто билимдүү эл болдук. Башкасын айтпайын замандын өзгорүлгөнү ушундан эле байкалып отурбайбы!” (2. 13. 513-)

Алтынай бул сөздөрдү угуп, ошол мектепти түптөгөн биринчи мугалим катары Дүйшөндун чакырылбай калганына катуу окунсө ошондой эл үчүн өмурүн арнаган агайы жөнундө айтылган сөздөргө таарынуу менен төмөндөгүлөрдү эскерди.

“Дүйшөн сыяктуу биздин жаңы доорду орнотууда өмурүн арнап, жаштыгын берип, жүрөгүн жүрөк кабы менен кошо элге сууруп берген, эбегейсиз эрдик, эмгек көрсөткөн, мен мындай элем деп төшүн какпаган, асыл жүрөктүү адамдарыбыз жөнүндө биз мурунтан эле жаш муундарга жеткирип айтып жүргөн болсок, анда алар унутулуп, көз жаздымда калып,

анан калса тамашага айланып кетпес эле го!” (2. 14 549) Жогорудагыларды ар бир сабакта айрыкча адабият тил сабактарында адамгерчиликтин каражаты катары келечек муундарга жеткирүү аларды Дүйшөндүн адамгерчилигинин кандайдыр бир бөлүгү менен болсо да куралдандырышыбыз зарыл болууда. Мектептердин дээрлик адабият сабактарында Ч Айтматовдун чыгармалары үзгүлтүксүз окулат, ошентсе да инсандык үлгү сапатты калыптандыруучу темаларын кошумча программаларды киргизүү коомдун талабы деп эсептейбиз.

Мисалы мектептерге барып тест таркатып, дил баяндын бир нече түрлөрүн сунуш кылганыбызда окуучулар көбүнчө улама дил баянды тандашарын байкадык жана улама дил баяндын негизинде каармандардын жашоосун андан ары жакшы жагына өзгөртүп жазган окуучуларга күбө болдук. Т Алымкулов атындагы мектептин окуучуларынан окутуучу эксперимент жургүзүп жатканыбызда бир окуучу улама дил баянды мындай деп жазат: Толгонайдын жашоосу андан ары жакшы уланат баласы Жанболот чоңоюп эр жетип мээнеткеч жакшы чыгып,энесин кубантып жакшы карайт.Кыргыздын ар бир жараны мекен үчүн туулат,биз деле өз элибиз ,мекенибиз үчүн дайым даяр болушубуз керек ,Толгонайдын балдарынын бардыгы мекен үчүн курман болушту.Демек: Толгонайдай энелер үчүн кыргыздын ар бир баласы өз энесиндей камкор болушу керек дейт.Андан ары Толгонайдын үлгү болуучу сапаттарын жазуу тапшырма берилгенде бардык жакшы сапаттарды айтып өтүпбир нече ыр саптарын келтирген.

Улама дил баян аркылуу окуучу өзүнун айтылбай калган ойлорун каалоо тилек сунуштарын айтып алары байкалды. Ал эми Дүйшөн жөнүндө жаздырганда 11-класстын көпчүлүк окуучулары ыр менен ошол мезгилдеги кыйынчылыктарды Дүйшөндүн каарман эмгегин баяндап беришти.

Повесттеги оң каарман Дүйшөндүн үлгү сапаттары болуп, анын ошол кыш чилдесинде балдардын ар бирин жонуна көтөрүп, суудан өткөрүп,

мешке өзү от жакканынан көрүнүп турат. Ошондо” Кыштоодогу малдуулар тегирменге ун салдырганы келгенде жайма каптарды алдыларына салып алып, чон сары тоң, түлкү тебетей кийип, куйругу чорт түйүлгөн семиз аттарды минип:

Ээ, ботом, мобул бирин көтөрүп, бирин аркалап, балапан ээрчиткен күрптөй болгон ким өзү, -деп камчысын түртө өтөр эле. Бул көрүнуштөн ошол мезгилдеги карапайым эл менен байлардын ортосундагы айырманы эле эмес жалпы коомдук абалдын кошо сүрөттөлгөнүн кошо көрөбүз. Ч. Айтматовдун чыгармаларынын камтыган мазмуну бай, татаал жана көп кырдуу келип, адам баласынын бүгүнкүсү менен эртеңкисин кошо камтып, жер жүзундөгү адамзатты адамгерчиликти, адамдык мыкты сапаттарды сактап калууга келечек муундарга калыптандырууга үндөйт. Дегинкиси жалпы адамзат алдындагы дүйнөлүк денгээлдеги “канткенде адам уулу адам болот” “Адамгерчилик менен куралдандыруу инсандык сапатты калыптандыруу” сыяктуу орчундуу маселелер жазуучунун ар бир чыгармасында камтылат жана ошол камтылган каражаттарды окутуу тарбиялоодо кеңири колдонушубуз зарыл.

Н Ишекеевдин “Көркөм чыгармаларды окутуунун методикасы” деген эмгегинде Ч. Айтматовдун “Биринчи мугалим” повестин талдоо деген бөлүмүн пайдалануунун негизинде сабактын төмөндөгүдөй түрүн сунуш кылдык.

Сабактын темасы: Биринчи мугалим повестиндеги Дүйшөндүн образына талдоо жүргүзүү.

Колдонулган ыкма: акыл чабуулу, үч бөлүктүү күндөлүк толтуруу.

Сабактын максаты: Кыргыз айылдарындагы алгачкы мугалим жөнундө түшүнүк берүү жана ошол мезгилдеги билимге умтулуу канчалык денгээлде, кандай болгондугун билимдин абадай зарыл экендигин түшундүрүү

. Алтынай Сулаймexecанованын академик же адам болушуна кимдин көмөк көрсөткөндүгү, Дүйшөндун образы кандай мугалимдин элесин

жараткандыгына ой жүгүртө билүүгө үйрөтүү.

Каражаттары: Түстүү флипчаттар, маркерлер окуу китеби,

карточкалар.

Иш кадамдары:

- Балдардын сабакка көңүлүн буруу үчун тапшырма берилет.

Балдар силер төмөнкү создөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө мугалим, китеп, биринчи мугалим, агартуучу, мектеп. (5 минут убакыт берилет)

- Ч. Айтматовдун "Биринчи мугалим" повести жөнүндө эмне билесинер?

- Окуу китебинен "Дүйшөндун мектеби" деген бөлүмдү окуп беребиз
- Алтынай кантип академиктик ийгиликке ээ болду?

Окуучуларга атайын мугалим даярдаган барактар таратылат Дүйшөндүн балдарды окутуудагы кыйынчылыктары.

- Бөлүм .. Алтынайдын окууга болгон умтулуусу.

2.бөлүм. Сен билим алып, окумуштуу адам болосун.

Ар бир бөлүм боюнча үч топ талкуулоо жүргүзүп, доскага чыгып негизги каармандар Алтынай жана Дүйшөн жөнүндө презентациялашат.

Потенциалы: Кунт коюп повестти окуп чыгууга шарт түзүлөт. Окуучулардын тексти окуп чыгуусу үчүн убакыт берилет. Андан ары каармандарга жеке мүнөздөмө берилип, алардын адамдык сапаттары образдары аркылуу далилденет.

Окуучулар өз ойлорун далилдүү жана ынанымдуу кылып айтып берүүгө үйрөнүшөт.

Бышыктоо үчүн төмөнкү суроолор берилет.

- Чыгарманы окуп чыкканда кандай сезимдерге ээ болдуң?
- Мектептин тоюнан Алтынай эмне үчүн эрте кетип калды?
- Эмне үчүн мектеп ачалы деген Дүйшөндүн оюн эл колдогон жок?
- Дүйшөндүн образын кантип сүрөттөп бере аласынар?

- Алтынай кандай ишмрдүүлүктүн негизинде академик болду?
- Дүйшөндүн үлгү сапаттарын айтып бергиле.

Жогорудагылар талданып бүткөндөн кийин баалоо жургузулүп, сабак жыйынтыкталат.

Бардык этаптар аяктагандан кийин үйгө тапшырма “менин биринчи мугалимимдин өзгөчө адамдык сапаты” деген темада дил баян жазып келүү берилет. Биз бул изилдөөбүздө сынчыл ойлом стратегияларын, окутуунун түрдүү формаларын сунуш кылууда белгилүү окумуштуулардан сырткары мектеп мугалимдеринин эмгектерине, сабак өтүүдөгү өзгөчөлүктөрүнө таяндык.

Ошондой эле бир топ сабактын түрлөрүн салттуу методдор менен байланыштырып, интерактивдүү методдорду колдондук.

“Саманчынын жолу” повестин окуп үйрөнүүдө биз Толгонайдын образын талдоо менен энелердин кайраттуулугун, калыстыгын даңазалаган образды түшунөбүз. Ал эми чыгармада берилген “ Майсалбектин каты “ аркылуу жаш муундарды мекенди сүйүүгө тарбиялоодо Майсалбектин образын жеткиликтүү, түшүнүктүү сүрөттөө менен сабакты өткөндө гана окуучулар учун жемиштүү билим калыптанып, жаш муундарды инсан катары тарбиялай алабыз деген ойдобуз.

Ошондой эле сынчыл ойлом стратегиясын колдонуунун негизинде “Саманчынын жолу” повести боюнча төмөнкүдөй сабактын түрүн сунуш кылабыз.

**Сабактын темасы** “Саманчынын жолундагы каармандардын тагдыры”

Сабактын максаты:

- Билим берүүчүлүк: Окуучулар каармандардын негизинде терең ойлонууга, акыл менен иш кылууга, таануу процесстери боюнча калыптанууга, аны ар кандай шарттарда колдоно билүүгө тарбияланышат.

Өнүктүрүүчүлүк: өз оюн эркин айтып берүүгө, каармандардын образдарын окуу аркылуу инсандык сапаттарды талдай билүүгө үйрөнүшөт.

Тарбия берүүчүлүк: Эли жерин сүйүүгө, коргоого, сабырдуу, оор басырыктуу болууга үйрөнүшөт.

Сабактын жабдылышы: Ватман, таблица, окуу китеби ж. б. каражаттар.

Сабактын тиби: Бышыктоо, кайталоо сабагы

Методдор: Сынчыл ойлом стратегиясы.

Предметтер аралык байланыш :Кыргыз тили, коом таануу, тарых сабактары.

Сабактын жүрүшу:

Уюштуруу (жагымдуу маанай түзүү үчүн терминдер менен иштөө жүрөт) мээ чабуулу аткарылат.

Үй тапшырманы суроо аткарылат.

Жаңы теманын үстүндө иштөө жүргүзүлөт.

Бышыктоо.

Жыйынтыктоо.

Мугалим: Эми балдар жаңы теманы өтүүдөн мурун алтын эрежелер менен таанышып, андагы эрежелерди сактоого аракет жасайлы.

Андан ары класс эки топко бөлүнүп, сабак башталат.

Оозеки суроо жооптун негизинде өтүлгөн теманы же үй тапшырманы бышыктайбыз.

- ” Саманчынын жолу” повести кайсы жылдарды камтыйт?
- ”Саманчынын жолу” повестинде автор негизинен эмнелерди сүрөттөйт?
- Повесть эмне үчүн “Саманчынын жолу“ деп аталып калган деп ойлойсуңар?
- Ч. Айтматовдун дагы кандай чыгармаларын билесиңер?

Жооптордун негизинде чыгармага толуктоону мугалим жүргүзөт Повесттеги каармандарга кайрылалы. Толгонай, Субанкул, Касым, Майсалбек, Жайнак, Алиман, Жанболот, Айша, Бекташ, Жекшенкул, Ашыралы, Усенбай, Жоробек, ж. б.

“Саманчынын жолу” повестиндеги каармандардын монологдору оозеки айтылат

Бул кластердин негизинде ар бир каармандын үлгү сапаттарын жекече бөлүп айтабыз.

Мисалы Толгонайдын үлгү сапаттары энелик мээриминин чексиздиги, кайраттуулугу, небересине болгон мамилеси, ж б инсандык сапатынын молдугу.

Майсалбектин мекенине болгон сүйүүсү, энесине болгон ишеними, боорукердиги. ошол мезгилдеги бир үй бүлөнүн мүчөлөрүнүн тагдыры үлгү сапаттарынын чагылдырылышы менен жалпы журттун тагдыры, адамдык сапаттары чыгармада камтылат, ошол үлгү сапаттарын окуучуларга жеткирүү үчүн мугалимдин кылдаттыгы, психологиялык ой толгоосу, чеберчилиги жогору болушу зарыл деп тыянак чыгаруу менен изилдөөбүздү улантабыз.

Сабактын жүрүшү төмөнкүдөй уланат.

Окуучулар топко бөлүнүү менен монолог айтуу жүргүзүлөт.

Мисалы Толгонайдын монологу менен Майсалбектин монологу айтылат

Монологдун негизинде каармандар жөнундө үч мунөттүк эссе жазып, окуучулар эсселерин окуп беришет.

Жыйынтыктоо: Окуучулар менен бирдикте мугалим каармандардын ар бирине жеке мунөздөмө түздүрүп, сабакты жыйынтыктайт.

Баалоо окуучулардын сабакка катышуу активдүүлүгүнө жараша жүргүзүлөт.

Үй тапшырма: Толгонай менен Алимандын образдары боюнча дил баян жазып келүү берилет.

А.Муратовдун изилдөөлөрүндө “Саманчынын жолу” повестиндеги каармандар жөнүндө бир топ алгылыктуу маселелер боюнча төмөнкүлөргө көңүл бурулган..

“Саманчынын жолу” повестиндеги коңшулар-Толгонай менен Айша

негизги каарман болгон ынтымак коңшулар. Толгонайдын күйөөсү менен уулу Касымды угузарда эл Айшанын короосунда жыйналып турат, уурулар эгинди алып кеткенде артынан кууп барып жатып калган Толгонайга эң биринчи коңшусу Бекташ жетип барып, ”Токон апалап”кыйкырып, ууруларга карап, ”биз баары бир өлбөйбүз, көрөсүңөр го, мен да чоңоюп жетилермин. Бул кылганыңарды эч убакта унутпаймын”-деп муштумун кезеп Толгонайга кубат бел болот.

Мына ушундай кошуналык мамиле каармандардын мамилелешүү схемада көрсөтүлсө экинчиден элдик салтты чагылдырып үчүнчүдөн кошуначылык мамиленин кийинки муундарды тарбиялоодо чоң мааниси бар экендигин эске алып андагы тарбиялык насаатарды сууруп чыгып ошолордон үлгү алгыла деген маанини чагылдырат.

Жазуучу “Саманчынын жолу “повестиндеги окуяларды ошол окуялардын чордонунда жүргөн прототиптерди да эл арасынан алган, бул темада кызыктуу изилдөө жүргузгөн.

Толгонайдын образында берилген үлгү сапаттар: кайраттуулук, акылмандуулук, нарктуулук, боорукердик, мекенге болгон сүйүүнун жогорулугу.

Апаат согуш эр бүлөнү мойсоп, жеке үй эмес, бүтүндөй айыл жетимсиреп турган согуштан кийинки болгон бир окуяны элеттиктер эстен чыгарбай минтип эскеришет: Айылда адам өлөт. Көр казарга, каза тапкан адамды көтөрүп ,жерге коёрго эркек тана табылбайт. Ошондо Толгонай ургаачы аттуудан жалгыз өзү өспүрүм балдарды мүрзөгө ээрчитип келип, баш-көз болуп балдарга көр каздырат. Анан түбөлүк жай даяр болгондо көр ичине өзү түшүп, сөөктү кандай коюу керек экендигин балдарга жакшы тушүндүрөт. Ал эми сөөктү мүрзөгө алып келгенде салтты сактап, балдарга сыртынан көз салыптыр. Ошондон кийин балдар өлүк көмүү салтын үйрөнүшкөн экен.

Ушул фактыга караганда Толгонайдын образы үчүн негиз болуп келген

реалдуу каарман да турмуштун өзүндө бардык жактан алып караганда элдик тарбиячы болгон. (.. 2002-17-18-)

Мектептердеги жана окуу жайлардагы эң маанилүү проблемалардын бири болуп окуучулардын инсандык сапаттарын калыптандыруудагы көркөм адабияттын орду жана аны туура жүргүзүү болуп эсептелет.

Биздин ата-бабаларыбыздын кийинки муундарга калтырган осуяттары бүгүнкү күндө деле өзүнүн маанисин жоготпой келет Мисалга алсак өткөн муундардагы элдин жүгүн кебелбей көтөргөн эр- азаматтардын, уруунун, элдин, улуттун намысын ыйык туткан даанышман айыл аксакалдарынын, уруу башчыларынын, ак сакалдуу аталарынын нарк нускалуу иштери төмөнкү муундарга дайыма үлгү болуп келген. Турмушка бай, тажрыйбалуу, акылы толо улуу муундардын салт санаасын, үрп адаттарын көзү менен көрүп, туюму менен туюп, кыргыздын үй-бүлөсүндөгү улуттук өзгөчөлүктөрдүн жаш муундарга кыргыз пейилин калыптандыруучу мааниси чоң болгон.

Үй бүлөдөгү ынтымактын, бири-бирин сыйлоонун чыгармаларда берилиши, турмуштук корутундулар, андагы акыл насаатар, чыгармалардагы мыкты сапаттуу образдардын чагылдырылышы жаш муундарды психологиялык жактан даярдаган

Алсак: мүнөздүк, темпераменттик типтер, кабыл алуу, ойлоо, кыялдануу, эске сактоо сыяктуу таануу процесстери, эрк жана эрктик сапаттар, жөндөмдүүлүктүн мотивдин ойгонушу негизинен чыгармалардагы оң каармандардын үлгү сапаттарына кызыгуу, идеал тутуу сыяктуу көрүнүштөрр менен коштолуп келген.

Жогорудагы ойлорго кошумча мектепте изилдөө жүргүзүү мезгилинде чыгармалардагы оң каармандардын үлгү сапаттарын өздөштүрүү менен элибиздин мыкты инсандары чыккандарына аларды мектеп окуучулары идеал катары тутарына күбө болдук.

Ушундай уңгулуу элдик таалим тарбиясынын бир үлгүсү, акыл-эс

мурасы туурасында улуу жазуучу Ч. Айтматов Менин мекеним  деген макаласында мындай деп жазганы бар ”Биздин айылдын аксакалдары ар бир баладан Кана, жети атанды айт!” деп катуу талап менен сурашат эле.

Элдик акыл эс мурасы да, муундардын байланышы да мына ушуга негизделген. Ошондуктан биз изилдөөбүздүн жүрүшүндө 11-класстарга өтүлүүчү Ч Айтматовдун повесттериндеги оң каармандардын инсандык сапаттарынын окуу программасында кенен түрдө окулушу жана ошол окутуудагы инсандык сапаттар аркылуу келечек муундарынын ички сезимдерине таасир этүүчү окутуу тарбиялоонун жолдорун усулдарын, окутуу оң эволюциясына камтуунун жолдорун сунуш кылууну туура көрдүк.

Изилдөөбүздүн өзөгүн камтыган маселелер менен мектеп мугалимдери окуучулар менен ангемелешүү, тест, дил баян жана байкоонун түрлөрүн жүргүзгөнүбүздө алардын каармандардын инсандык сапаттарына көбүрөөк кызыкканы байкалды ошондой эле улама дил баян жаздырганда алардын ички дүйнөсү жогорку деңгээлде ачылганы байкалды.

Ошондуктан мектеп программасына каармандардын инсандык үлгү сапаттарды сапаттарын кошумча  окутууну  сунуш кылдык.

Изилдөөбүздүн жүрушүндө ошол окуучуларга чоң таасир калтырган Ч Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын инсандык сапаттарынын чагылдырылышына көңүл  бурдук.

Азыркы күндөгү негизги көйгөй болуп турган адам болуу адамгерчиликти сактоо, инсандык сапат менен жашоо,  асыл сапаттарды урпактарга калтыруу сыяктуу маселелер Ч Айтматовдун ар бир чыгармасында чагылдырылат жана келечек муундарына алдын ала эскертилет. Ошол чыгармалардын жана каармандардын негизинде эл үчүн, чындык адамгерчилик үчүн инсандык сапаттардын уюткусу үчүн күрөшкөн чыныгы адамдык сапаты бар инсандар көбөйсө биздин келечек муундарыбыз көрөңгөлүү жакшы тарбияланат деген ойдобуз

Демек жаштарды инсандык сапат менен калыптандыруу үчүн

мектептерден баштап тарбиялоону окутууну туура жүргүзүшүбүз зарыл. Изилдөөбүздүн жүрүшүнүн биринчи этабында байкалгандай эле шаардын жана айылдын гимназия жана жөнөкөй мектептеринде аңгемелешүү жүргүзүп, тесттерди таркатканда Ч. Айтматовдун чыгармаларын өздөштүргөнү менен анын чыгармаларындагы инсандык сапаттар, каармандардын үлгү сапаттары боюнча түшүнүктөрү аз жеткиликтүү эмес экендиги байкалды. Ошондуктан биз изилдеөөбүздө Ч. Айтматовдун мектеп окуучуларына сунуш кылынган 10-11-класстардагы окулуучу повесттериндеги каармандардын образы аркылуу инсандык сапатты калыптандыруунун булактары, таянычы болуучу каражаттарын изилдеп, каражаттар менен толуктап, сунуштоону туура көрдүк.

- класстарда окулуучу “Гүлсарат” повестиндеги негизги каармандар Танабай, Чоро, Жайдар, Бүбүжан жана терс каарман болуп эсептелген Алданов, Сегизбаевдер ошондой эле жылкы болсо да Танабайдын эң жакыны болгон Гүлсарынын образдары эсептелинет.

Мектептерде окулуучу бул повест боюнча изилдөө этабында повесттеги негизги каармандар жана алардын образдарын таануудагы инсандык сапаттарды өздөштүрүү боюнча Т. Темирбаев атындагы жогорку класстын окуучуларынан ар бир класстан анкета, тесттерди алганыбызда повесттин өзүн жакшы өздөштүргөнү менен андагы каармандардын инсандык үлгү сапаттарын жогорку деңгээлде өздөштүрбөгөндөрүнө күбө болдук жана ушул маселе боюнча салтуу методдор жана интерактивдүү методдор алардын артыкчылыктары боюнча изилдеген окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянуу менен ишибизге камтыдык.

Атап айтсак С. К. Рысбаевдин “Кыргыз тили адабияты мугалимине жүз кеңеш” деген эмгегинде жогоруда айтылган методдор боюнча төмөнкүлөр айтылат. Адабият сабагын натыйжалуу окутууда ыңгайлуу методдорду оптималдуу колдонуунун ролу чоң. Анткени учурда окуучулардын чыгарманын сюжетин карандай кайталап окуу эмес, аларды түшүнүп окуу,

өзүнүн ой-пикирин айтуу, чыгармага сынчыл көз карашын ойготуу сыяктуу жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүгө айрыкча көңүл бөлүшүбүз зарыл.

Мисалга алсак, адегенде сабакты пландаштыруу, анын максатын туура аныктоо, ага жетүүнүн жолдорун аныктоо, сабакка бөлүнгөн убакытты туура пайдалануу, пикир алышууга үйрөтүү, окуу зарылдыгын пайда кылган кырдаалдарды түзүү, окуучулардын билимин максаттуу пайдалануу үчүн натыйжалуу окутуунун методикасын иштеп чыгуу зарыл. Ал үчүн кандай иш чараларды көрүүгө тийиш?

Биринчиден сабакта окуучуларды байланыштуу сүйлөөгө багыт берүүчү аңгемелешүү методун эстен чыгарбоо зарыл.

Экинчиден, чыгарманы окууга баланы даярдоо, чыгарманы анализдөө, иштери аткарылмакчы.

үчүнчүдөн, сабактын натыйжалуулугун жогорулатууга мугалимдин кесиптик чеберчилигин арттыруу, проблемалык окутуу методу колдонулмакчы.

Жалпылап алганда, окутуунун төмөнкү: изилдеп үйрөнүү методу, түшүндүрүү методу, аңгеме методу, проблемалык окутуу методуна таянуу керек. Ошондой эле педагогика -психология илиминде иштелип чыккан төмөндөгү методикалык системаларды да пайдалануу максатка ылайык келет, атап айтканда, өнүгүүнүн активдүү зоонасы (Л. С. Выготский) акыл ишмердүүлүгү, этап менен өнүктүрүү (П. Я. Галперин) өнүктүрүп окутуу теориясы (Д. Б. Элконин, П. И. Давыдов) таанып билүүнү башкаруу теориясы, (Н. Т. Талызина) баланын инсандыгын эске алып окутуу (И С. Якименская, И. Б. Бекбоев) окутуунун этнопедагогикалык негизи (Г. Волков, С. Калиев, А Акматалиев)

Проблемалык окутуу (проблемалык жагдай түзүү, суроолорду коё билүү, усулдарды тандоо, проблеманы чечүү ж. б.)

Индукция жана дедукция методдорун мектептерде адабият сабактарын

колдонуунун негизинде аналитикалык жалпылоо келип чыгат.

Ал эми интерактивдүү методдордун артыкчылыктары мугалимдин чеберчилиги менен байланыштуу болуп окутууда өз жемишин берет деп ойлойбуз.

Мындай методдорго таянууда окуучулар арасында көп жактуу коммуникативдүүлүк, сабакта психологиялык жагдай, окуп үйрөнүүгө атайын ыңгайлуу педагогикалык шарттар түзүлөт, атап айтканда:

өз алдынча иштөө.

жуп менен иштөө.

Топ менен иштөө.

Проблемалуу талкуулар.

Жаны билимдин презентациялары.

Мындан сырткары, интерактивдүү окутууда:

сабакта жооп берүү учурунда окуучулар өздөрүн эркин сезип, мугалимдин суроосуна “туура эмес жооп берип алам” деген коркунучтан алыс болушат да, сабакка активдүү катышат, өз алдынчалыгы өсөт.

- Окуучулардын ар бири өзүнүн адабий билими боюнча жөндөмүн, чыгармачыл ой жүгүртүүдөгү шыгын мазмундук сюжеттик шыгын көрсөтүүгө аракеттенишет.
- Мындай аракет көбүнө уялчаак тартынчаак, башкалар алдында чечкинсиз балдар өз ойлорун эркин айтууга мүмкүнчүнчүлүк алышат деген үмүттөбүз.
- Берилген тапшырмаларды аткарууга буга чейин топтолгон чыгармачыл тажрыйбаларды пайдаланууга, ошондон улам жаңы идеяларды жаратууга багыт алышат.
- класста ар бир проблеманы жупта жана чакан топтордо чечмелеп түшүнүүгө машыгышат, балдардын коллективде бирге иштеп, бири-биринин оюн түшүнүүгө, бири-биринин оюн колдоого алуу аркылуу ынтымактуу мамиле жасоого багытталышат мындай карым -катнаш түзүүдө

окуучу менен мугалимдин өз ара мамилеси өзгөрөт, мугалим сабак берүүчү, окуучу анын тапшырмасын гана аткаруучу болбостон адамгерчиликтүү жана ишмердик мамиле түзөрү, чыгарманы эркин талкуулап, талдап түшүнүү процесси ишке ашат.

- көркөм образдарды талкуулоодо, чыгарманын идеясын түзүүгө карата окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө шарт түзүлөт.
- окуучунун мугалимди дос, кеңешчи жардамчы катары кабыл алуусу калыптанып, окуу кырдаалы жакшырат, инсан катары өнүгүүсү түптөлөт.

Ал эми Н. Ишекеевдин “көркөм чыгармаларды окутуунун методикасы” деген эмгегинде төмөнкүдөй негиздерге таянабыз.

Азыр мектептеги окуу предмет жана исскуствонун бир түрү болгон адабият сабагы боюнча билим берүүнүн алдында төмөнкүдөй проблемалар турат.

Атай кетсек :

- Жаңы окуу программасын методологиялык жактан өркүндөө
- андагы илимий-адабий фактыларды, багыттоочу түшүнүк, аннотацияларды, жалпылоолорду, таанып-билгич идеяларды, ой жүгүртүү методдорду, окуучулардын билимине көндүмдөрүнө коюлуучу талаптарды жолго салуу.
- Көркөм чыгармалар менен адабий түшүнүктөрүнун карым -катышын байланышын чыңдоо.
- интеграциялык билим берүүнү тереңдетүү.
- адабият предмети боюнча билим берүүнүн структурасынын мазмунун жаңы түшүнүктөр, аталыштар, табылгалар, ачылыштар менен байытууну жана тактоону улантуу

Бүгүнкү күндө окутуунун жана тарбиялоонун методдору боюнча көптөгөн илимий ачылыштар жаралууда.

Мисалга төмөнкүлөрдү айта алабыз.

Б. Алымов “Кыргыз адабиятын мектепте окутуунун илимий методикалык

негиздери” (Бишкек, 1994)

И. Исамидинов “Кыргыз орто мектептеринде адабият теориясын окутуу” (2005) С Рысбаев “Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өнүктүрүү” (2006) .

А. Муратов ‘“Көркөм адабий текстердеги элдик педагогикалык ойлор жана аларды окутуу процессинде интерпретациялоонун илимий методикалык негиздери” (ЧАйтматовдун чыгармаларынын мисалында) ” (2010) С.Момуналиев“Кыргыз орто мектептеринде лирикалык чыгармаларды окутуунун педагогикалык -методикалык негиздери” (2011) : С. Батаканова “орто мектептерде кыргыз адабиятын окутууда көркөм чыгармаларга талдоо жүргүзүүнүн илимий-методикалык негиздери” (2011) ;С. Сакиева “Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери” (2013): Б. Байсабаев “Жогорку класстарда Ч. Айтматовдун өмүрүн, чыгармачылыгын окутуунун илимий методикалык негиздери” (2000) :М Ибраева “Жогорку класстарда романдарды окутуунун методикасы” (2009) ;

Ошондой эле республикабызда салттуу жана инновациялык технологияларды ийкемдүү айкалыштыруу менен сабактын түрдүү формаларын майнаптуу пайдаланган чыгармачыл мугалимдердин катары көбөйүүдө ошол мугалимдердин жеке тажрыйбасын методикалык булактар менен байытып окутууну жемиштүү өткөрүүгө аракеттенүүнүн өзү инсанды калыптандыруу жана тарбиялоонун каражатынын түптөлүшү десек болот.

Ушуга ылайык инсан катары тарбиялоонун жана окутуунун негизги өзөгү жаткан Ч. Айтматовдун “Гулсарат”повестинин каармандары жөнүндөгү инновациялык методдун негизинде түзүлгөн практикалык сабакты карап көрсөк

- практикалык сабак Танабай элдик каарман жөнүндө болмокчу.

Сабактын темасы: Танабай элдик каарман.

- Сабактын максаттары:

Билим берүүчүлүк: Танабай сыяктуу оң каармандардын адамдык мыкты

сапаттары жөнүндө билишет жана ошол мыкты сапаттарды турмушта колдонууга үйрөнүшөт

Тарбия берүүчүлүк: Улууларды сыйлоого, адамдын жан дүйнөсүн урматтоого, калыстыкка, адептүүлүккө үйрөнүшөт

өнүктүрүүчүлүк: ой жүгүртүүгө, таануу процестерин калыптандырууга үйрөнүшөт.

Сабактын тиби: Талкуу жана таймаш сабагы.

Сабактын формасы: жеке жупта топто иштөө.

Сабактын жабдылышы: окуу китептери, буклеттер, карточкалар, тесттер

Колдонулган ыкма: түгөйлөшүп жана топто иштөө

Сабактын жүрүшү: мугалим классты уюштурат, жагымдуу жагдай түзөт (акыл чабуулу)

Мугалим өтүлгөн сабакты бышыктоо үчүн мурунку тема менен байланыштуу суроолорду берип, теманы бышыктайт

Үй тапшырма суралат, андан соң, мугалим өтүлүүчү тема боюнча кыскача түшүнүк берет:

Танабай Ч. Айтматовдун чыгармаларынын ичиндеги оң каармандардын негизгиси болгону менен айырмаланат.

Негизинен бул каарман Гүлсарат менен кошо өзүнүн өмүрүн элге, мамлекетке арнаган мыкты сапаттарга ээ болгон адам катары каралат.

Чыгармадагы Танабайдын тагдыры бир эле адамдын тагдыры эмес согуштан кийинки колхоздун бүлүнгөн абалын ошол кездеги жегич бийликчил адамдардын тагдырын жана жегичтерге моралдык жактан болсо да карама каршы турган адамгерчиликтүү инсандын тагдыры каралат.

Танабайдын жеке өмүрү, күчкө толуп, гүлдөгөн учуру менен бирге карылыгы жетип, мөгдөп калган учуру эмгеги, темир устачылыгы, жылкычылык, койчулук күндөрү жанындай көргөн жоргосу Гүлсарынын тагдыры, кадимки тоо этегинде жайланышкан кыргыз айылы андагы жөнөкөй эмгекке бышкан адамдар же тескерисинче ошол адамдарга карама-

каршы турган Алданов, Сегизбаевдер сыяктуу жегичтер менен бирге өтөт.

Танабай табиятынан эмгекчил адамгерчиликтүү ,ак ниет ,чынчыл, калыс инсан. Ошондуктан ал ар дайым чындыкка тике карап, өз жеринин өз элинин камын ойлоп жашады. Өзүндөгү бүткүл күчтү, асыл сапатты, жадегенде өзүнүн өмүрүн өз жерине жумшады.

Демек бүгүнкү күндүн  Танабайларын тарбиялоо үчүн жаш муундарды мектептен дегеле үйбүлөдөн баштап  жан дүйнөсүн тазартууну ар дайым ар намыстуу, мекен үчүн эмгектенген адам болушуна шарт түзүүбуз  керек экендигин коом талап кылууда.

Андан соң, окуучулар саноо жолу менен жети топко бөлүнүшуп, ар бирине түзүлгөн карточкадагы суроолорго жооп беришет

- карточка: Автор бул повестин эмне үчүн “Гүлсарат деп атаган.
- карточка: Танабайдын үлгү сапаттары кайсылар?

3-карточка: Чоро эмне үчүн ошол мезгилдеги бийликтегилерге каршы чыкпайт

- карточка: Сегизбаев ким жана анын адамдык сапаты кандай?
- Карточка: Алданов, Сегизбаевдер эмне үчүн эл душманы деп аталышты?
- Карточка: Танабай  Чор досуна эмнеге тарынды?
- Карточка: Танабайдын эмгеги бааландыбы?

6.Повесттеги оң каармандардын образдарын салыштыр.

Ар бир топ өздөрүнө түшкөн карточкалары боюнча жоопторун айтышып, талкуу жүргүзүшөт.

Берилген карточкалардын жооптору боюнча талкуу жүргүзүлгөндөн кийин Танабайдын жана Чоронун образдары боюнча алардын мыкты үлгү сапаттарын жана кемчиликтерин айтуу боюнча конкурстук негизде суроолор берилип, эң акыры калган топ жеңүүчү деп табылат

Сабактын акырында класстын сабакка катышуу жыйынтыгын топтор менен талкуулап чогуу чыгарып, бааланат.

Үй тапшырмасы: Гүлсарат  повести боюнча эссе жазуу берилет.

Негизинен ”Гүлсарат” повестинде Танабайдын образы оң каарман болуп эсептелип, Танабай адамгерчиликти жогору баалап, ар түрдүү кыйынчылыктарды адамдык сапаттын негизинде жеңип келет ал эми анын жакын досу Чоро ошол колхоздун активи катары катышып, бирок повесттеги терс каарман болгон Алданов, Сегизбаевдерге кызмат кылат.

Ушул эки каарман аркылуу повесттеги адамдык сапат, инсандык өнүгүү баяндалат бул каармандардын образдарын ачуу аркылуу биз үлгү сапаттарды аныктоо менен окуучуларга тарбиялык негиз ачабыз деген ойдобуз.

Ал эми С. Рысбаев “Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы” деген эмгегинде окутуу жана тарбиялоонун түрдүү жаңыча ыкмалар менен камтылган түрлөрүн сунуштаган. Жогорудагы натыйжаларга таянуу менен изилдөөбүзгө каражат катары колдонуп келебиз.

Окутуу жана тарбиялоонун өзөгүндө адамгерчилик, инсандык сапаттардын негизги уюткусу жатат. Ошол жаш муундарга таасир этүүчү инсандык сапаттарды окуп үйрөнүү үчүн адабият сабактарына төмөнкүдөй инновациялык жолдору сунуш кылынган

ангемелешүү сабагы  өтүлгөн сабакты окуучулардын кабыл алуусу, көңүл буруусу, өздөштүрүүсү тууралуу баарлашуу:

- изилдөө сабагы-окуучунун теориялык билими менен практикалык өз алдынчалыгын иликтөө, өнүктүрүү максатын көздөйт:
- панорама сабагы-сабактагы айрым кырдаалдарды байкоо максатында:
- Саякат сабагы-окуучулардын ой жүгүртүү жана таанып билүү ишмердүүлүгүн кеңейтет:
- Семинар сабагы алган билимин жана практикалык машыгуусун терендетүү максатын көздөйт.

Мелдеш сабагы окуучулардын интелектуалдык жактан өнүгүү деңгээлин байкоо, сыноо үчүн.

- конференция сабагы-окуучунун алган билимин кенейтет, чыгармачыл жана таанып билүү активдүүлүгүн арттырат
- зачет сабагы-окуучунун билим денгээлин аныктайт жана баалайт

Диспут сабагы - алган билимдерди жана машыгууларды активдештирет, өз алдынча ой жүгүртүүсүн өстүрөт, бекемдейт

- оюн сабагы -оюн аркылуу кебин өстүрөт
- табышмак сабагы-окуучунун кыялын байытат, ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт, тапкычтыгын өстүрөт
- инсценировка сабагы-окуучунун чыгармачыл активдүүлүгүн бекемдейт, образдуу көркөм сүйлөөсүн өстүрөт
- лекция сабагы-жаңы маалыматтарды берет.
- Байкоо сабагы окуучунун өздөштүрүү деңгээлин аныктоо максатындагы сабак
- кино сабагы-окуучунун көрүп ой жүгүртүүсүн, чыгармачылыгын өстүрүү максатында
- сахна сабак-аңгемени же жомокту сюжетине жараша инсценировкалап, каармандарынын бейнесин түзүп, сахнада аткаруу аны талдоо аркылуу чыгарманы үйрөнүү
- жомок-сабак жомокторду окуп үйрөнүүдө бир окуучуну жомокчунун ролуна үйрөтүп, калган окуучуларды жомок угуучу катары элестетип, сабак өтүү жана аны жалпылап талдоо
- викторина - сабак түйүндүү маселелерди камтыган суроолор топтомун түзүп, ал суроолор ирети менен берилет, окуучунун билимин эске тутуу, кабыл алуусун өнүктүрөт
- конкурс-сабак ар бир чоң тема өтүлгөндө же чейрек аяктаган кезде буга чейин үйрөнгөндөрүн текшерүү максатында классты тайпаларга бөлүп, билим таймашында мелдештирүү сабагы.

- көз караш сабагы - адабият сабактарында талаш-тартыштуу же проблемалуу маанайдагы чыгармаларды, мисалы: “Ак кеме”, “Жамийла” “бетме бет” сыяктуу чыгармаларды эркин талкуулоо, каармандар туурасында жеке көз караштын билдирүү.
- поэзия сабагы - чыгармаларды мугалимдин баяндап, талдап берүүсү менен чектелбей, окуучулардын эркин көркөм окуусу менен талдоо, талкуулоо сабагы.
- талкуулоо сабагы-өтүлгөн адабий чыгарманы тереңдеп үйрөнүү максатында, бир окуучу жазуучу, эки-уч окуучу -сынчы болуп, чыгарманы талкуулоо формасында сабакты уюштуруу.

Жогорудагы окутуунун технологиясынын үлгүлөрүн мектептердеги окутуу программаларына киргизүү аркылуу окутуунун натыйжалуулугу артат деген ойдобуз.

Ал эми ушул эле класстарда окулуучу “Делбирим” повестинин теориялык жана практикалык негиздөөлөрүнө көңүл бурсак:

Бул чыгармалар боюнча мектеп окуучуларына карточкалар, тесттер таркатылды, изилдөөлөрдүн негизинде программага кошумча сааттарды киргизүү сунушталды. Чыгарманын теориялык жана практикалык негиздерине көңүл бурсак:

Ч. Айтматов “Делбирим” повестинде өзүнүн негизги каармандары болгон Ильяс менен Аселдин татаал тагдыры бүгүнкү күндөгү жаштардын жашоосунда кадам сайын учурап жаткандыгы менен салыштырып кетет.

“Делбирим” повести негизинен мындайча баяндалат. “Кесибим журналист болгон соң үйгө байыр албай кыргыз жергесин кыдырып жүргөнүм жүргөн”.

Ошондой күндөрдүн биринде Нарында жүргөн элем, Фрунзеге редакциядан чукул чакырып калышты. Автобус менин алдымда жүрүп кетиптир. Кийинкиси беш сааттан кийин жөнөйт экен, жолулаш бир машинага тушуп кетүүдөн башка арга калбады. Жүгүрүп жолдун этегиндеги

кара жолго чыктым. ”-деп жолоочунун сөзү менен башталып анын кесиби жөнүндө эскертилип өтөт. Ошондой эле жашоодо бир келген бактысын, таалайын өзү менен кошо дагы бир жазыксыз адамдын бактысын жулдуруп ийген адамдын трагедиясы анын жашоодогу орду, өкүнүчү, армандуу сүйүүсү жөнүндө баяндалат.

Бул чыгарма боюнча “Когарт” гимназия мектебине барып анкета, тест таркатып, дил баян жаздырганда мектеп окуучулары түрдүү талаш тартыштарды жаратышып, чыгарманын оң каарманынын мыкты сапаттары менен бирге эле турмуштагы жаңылуу анын жазалануусу боюнча ар бир каарманга жеке түшүнүк берип жатышты.

Сабакты жыйынтыктоочу бөлүмгө келгенде аларга дил баяндын түрлөрүн айтып, каалаган дил баянды колдонуп жазгыла деген тапшырма берилгенде алар көбүнчө улама дил баянды тандашты.

Мисалга алсак 11-класстын окуучусу Кайрат уулу Сыймык деген бала төмөнкүдөй негизде дил баян жазат.

Чыгармадагы Асел өзүнүн сүйүүсү үчүн күрөшүп, Ильястан үмүтүн үзбөй сабырдуулук менен аны күтөт, Баласы Саматты жетелеп Ильястын кетирген каталыктарын өзү кетирбешке аракет жасап, турмуштун кыйынчылыгына карабай баласын чоңойтот.

Ильяс бир нече жыл убакыт өткөндөн кийин Асел менен жолугушуп калып, экөө турмушта кетирген каталыктарын түшүнүшүп, Самат үчүн бири-бирин кечиришет деп жазат жана чыгарманы жомоктогудай кылып кооздоп алардын бактысы үчүн бардык аракетин жасайт.

Дагы бир окуучу Ильясты колдоп анын жашоосуна бакыт каалап дил баян жазса экинчи бир окуучу Саматтын ата-энесин жараштыргандыгы жөнүндө жазат.

Н.Ишекеевдин изилдөөлөрүндө Ч.Айтматовдун “Делбирим” повестиндеги Ильястын армандуу тагдыры төмөнкүдөй сунушталат.

Сабактын темасы: “Долондон канатымды кайрып алдым” - Ильястын

армандуу тагдыры.

Сабактын максаты: Ч.Айтматовдун “Делбирим повестиндеги адамдардын ортосундагы достук, адамгерчилик, сүйүү, үй-бүлө мамилелеринин жана эмгектин чагылдырылышы.

Колдонулган ыкма “акыл чабуулу”, сынчыл ойломду өстүрүүчү талкуулар, топ менен жана жекече иштөө, Венндин диаграммасын түзүү, чыгармачыл эссе жазуу.

Окутуунун компоненттери: мейкиндик, ички, проблемалык, убакыттык.

Каражаттары:түстүү флипчаттар маркерлер, окуу китеби компютер.

Иштин кадамдары:

- кадам,окуучулардын көңүлүн сабакка буруу үчүн мугалим ыр окуйт (Ильястын ырын уктурабыз)

Окуучулар менен бирге ырдын маанисин чечмелейбиз

- кадам

Үй тапшырманы сурайбыз: өтүлгөн тема боюнча суроо жооп берилет.

- кадам

Ч. Айтматовдун чыгармаларына арналган кандай тасмалар

тартылган? Алгачкы чыгармалары кайсылар?

Жазуучунун өспүрүм курагы кандай өткөн?

- кадам

Досканы ачабыз анда кызыл жоолук салынган кыздын сүрөттүн көрсөтөбүз.

Делбирим деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?

Болжолдуу жооптор: эркелеткен сез, желбирее, женил нерсенин ыргалышы.

- кадам.Тасмадан үзүндү көрсөтөбүз: Асел менен Ильястын алгачкы таанышуусу.

Ильяс ким?

Асел ким?

Эки каармандын образын кантип баяндайбыз.

Окуучулардын жооптору: Ильяс шофер, ал өжөр, тайманбаган адам,

Жакшы сапаты барбы?

Ал жакшы адам намысчыл.

Терс сапаты кандай?

Жеңил болуп турмуштан адашканы.

Аселди кандай баалайбыз?

Асел ак көңүл, сүйүүнү  баалаган, баласы үчүн жашаган келин.

Талкуу уюштурабыз: “Каармандарга менин көз карашым”
Үй-бүлөдө бала кандай роль ойнойт.

- Саматтын образын кантип түшүнөбүз?.
- Асел турмушка туура кадам таштадыбы?

Талкуунун жүрүшүндө Самат ата-энесин бириктире алган жок, аны өз атасына караганда Байтемир жакшы көрдү, ошондуктан баланын наристе жүрөгү ага ооп алгачкы “Ата” деген сөздү ага айтты.

Байтемир акылдуу, туруктуу, көтөрүмдүү адам экен. Ал Аселди аяган жана баалаган, Асел турмушка туура эле кадам таштаган.

Ушул эле суроого туура эмес кылды, Ильясты баласы үчүн кечирсе болмок, анткени Самат өз атасын билбей чоңоюп калды. Кийин чонойгондо ал атасын издейт болуш керек деген пикирлер айтылды.

Андан кийин кошумча суроолор талкууланды.

- Кадича сүйүүсүнө жете алдыбы?
- Байтемир менен Асел бактылуу боло алдыбы?
- Ильясты кечирсе болобу?
- Чыгармада ашуудагы жеңилүү кандай бааланат?

Окуучулардын текст менен иштөөсү үчүн классты үч топко бөлүп, ар бир топко суроолор берилет. Топтор суроолорго талкуунун негизинде жооп беришет.

Потенциалы: Адамдардын ортосундагы мамилелерди, карама-

каршылыктарды терең түшүнүүгө жана салмактоого өбөлгө уюштурулат. Окуучунун өз алдынча ой жүгүртүүсүнө шарт түзүлөт. Биргелешип иштөөдө башкалардын пикирин баалоого жана өз ойлорун аргументтүү айтууга үйрөнүшөт.

- Ата-энени угуу керек, Асел укпай койгондуктан, ушундай тагдырга кабылды.
- Жок Асел Ильясти жактырды, мындай болорун ал ойлогон жок
- Ар түрдүү көз караштар айтылды.

Бир сүйлөм менен жыйынтык чыгаралы.

- топ:Кыйынчылыкка туруштук берүү керек.
- топ :Ачуу келгенде акыл кетет.
- топ: Чыдамкай болуу керек.

Автордун ордунда болсом... (эссе жазуу)

Дептерибизге жыйынтыктоочу чакан ойлорубузду жазабыз.

Үй тапшырмасы: Байтемир, Ильяс жана Аселдин образдары боюнча Венндин диаграммасын түзгүлө.

Демек бул чыгармадагы каармандардын үлгү сапаттарын колдонуу аркылуу жаш муундарды мыкты сапаттарга калыптандыра алабыз деген оюбуз бышыкталды.

Слайд менен иштөө

Үй тапшырма: “Делбирим повестиндеги каармандардын үлгү сапаттары боюнча дил баян же эссе жазуу

Баалоо: Ар бир топко жеке жана жалпы баалоо жүргүзүлөт.

Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы үлгү сапаттар аркылуу жаш муундарды тарбиялоодо көркөм чыгармалардын ар түрдүү методдор, принциптер жана технологияларды колдонуп, сабактардын өтүлүшү жемиштүү ийгиликти берет деген ойдобуз. Себеби жогорудагы чыгармалардагы оң каармандардын жашоо аракеттери, кыйынчылыктары, туура жолго түшүүсү же адашуусу ар бир жаш муундун көз алдынан өтүп,

жүрөккө жетүүсү аларды туура жолго тарбиялайт.

Мисалга алсак мектепгерге барып анкета, тест таркатканда чыгармада оң каарман деп эсептелген Аселди да күөөлөгөн окуучулар кездешти. Анткени ал убактылуу кыйынчылык, турмуштун проблемалуу жолдорун туруктуулук менен жеңип, Ильясты күтсө болмок деп 10-класстын окуучуларында турдүү талаш тартыштар жүрдү.

Азыркы татаал шартта адамдык сапатты сактап калуу бүгүнкү күндүн өтө негизги проблемасы болууда.

Чыгармадагы идеялык мазмун, каармандардын оң образдары жөнүндө мектеп окуучулары менен, мугалимдер менен аңгемелешүү жүргүздүк талкууладык, алардын жыйынтыктары изилдөөнүн эксперименттик бөлүмүндө чагылдырылды жана тиркемелерде берилди.

Окуучуларды көркөм адабияттын уюткулуу каражаттары менен куралдандыруу үчүн бала бакчадан, үй-бүлөдөн жана мектеп партасынан, өспүрүм куракка чейин, ошондой эле жаштыктын алгачкы этабында көңүл буруусу, кабыл алуусу, кыялдануусу туруктуу болуп калыптанып калган мезгилде колдонушубуз зарыл.

Бул милдетти ийгиликтүү чечүү үчүн мектеп программасына инсандык сапаттарды калыптандыруучу мыкты сапатарды чагылдыруучу адабий чыгармаларды кошумча киргизүү зарылдыгы келип чыгууда.

Ч. Айтматовдун көпчүлүк повесттеринде адамгерчилик анын коомдогу орду адеп маселеси, ыйман, улуттук тарбия, үй-бүлөлүк маселелер, адамзаттын ошол мезгилдеги проблемалары жана алардын бүгүнкү күндө чагылдырылышы тарбиялык негизде көрсөтүлөт.

Ал эми махабат, сүйүү маселелери жазуучунун чыгармаларында тарбиялык идеяларды жогорку деңгээлде камтыйт.

Жүргүзүлгөн эксперименттик иш аракеттердин натыйжасында педагогикалык багытта ыймандуулукка, адамгерчиликке инсандык калыптанууга жаш муундарды ар тараптан калыптандыруу үчүн эң биринчи

үй--бүлөлүк тарбияны, тарбия берүү салттарынын туура колдонуу аракеттери мектеп партасынан башталышы зарыл экендиги байкалды.

Тажрыйба көрсөткөндөй бул максатта, мугалимдердин да, ата-энелердин окуучулардын арасында да тарбиялоонун окутуунун методикалык негиздери үзгүлтүксүз колдонулушу зарыл болууда.

Биз өзүбүздүн аныктоочу эксперименттик иштерибизди жүргүзүүдө жогорудагыларга чоң көңүл бурдук.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, үй –бүлө бакча жана мектептеги уюштуруу методикалык иштерин жүргүзбөй туруп, окуучуларды педагогиканын адамгерчиликтүү эрежелерине, салттарына көндүрүү жолунда ийгиликке жетишүүгө болбойт.

Жүргүзүлгөн эксперименттик иш аракеттердин натыйжасында окуучулар мектеп шартында, коомдо, үйдө тарбиянын жекече үлгү, ишендирүү, көнүгүү, талап коюу, кенеш берүү, жактыруу, сыйлоо , мактоо, жазалоо, кубаттоо, ангемелешүү, айтып берүү, байкоо, эксперимент жүргүзүү методдорун колдонууга карата илимий-педагогикалык түшүнүктөргө багыт ала башташты десек болот.

В. Г. Белинский минтип жазган: “ Балдарга жалпы адамзатты таануу боюнча көбүрөөк билим бергиле, бирок, алардын баарын улуттук көрүнүштөр аркылуу тааныштырууга аракеттенгиле” (54, 88)

Демек адамзаттын жашоосун көркөм адабияттан окуп өздөштүргөн бала адамгерчиликтин кайсы бир каражаттарын өзүндө алып жүрөт десек болот.

Жогоруда келтирилген иштердин бардык түрлөрү окуучуларды элдик салттардагы жалпылыктарды улуттук дөөлөттөр аркылуу тааныштырууга окутуучуларга көп мүмкүнчүлүктөр берилген.

Мектеп окуучуларын туура тарбиялоодо элдик педагогиканын прогрессивдүү жетишкендиктерин колдонуунун негизги принциптеринин бири анын прогрессивдүү салттарын илимий педагогиканын жетишкендиктери менен айкалыштыруудеп эсептейбиз.

Элдин рухий жана маданий мурастарын, чыгармачылыктагы оң каармандардын мыкты сапаттарын, педагогикалык баалуу каражаттарын сапаттарын максатка ылайык окутууда колдонмоюнча, алардын оң сапаттарына таянмайынча коомдун алга ийгиликтүү жылышы, жаш муундардын инсандык сапаттарынын калыптанышы проблема боюнча калары белгилүү.

Көркөм чыгармалардагы каармандардын сапаттарын жана идеяларын коомдо илим менен бирге пайдалануу алардын тарбиялык маанисин жогорулатат, ийкемдүү, түшүнүктүү кылып, турмуш менен байланышын күчөтүп, тарбиялоонун конкреттүү шарттарына жакындаштырат.

Тарбиялоого, илимий принциптерге, инсанды калыптандыруунун негизги шарттарынын бири болгон педагогикалык дөөлөттөргө негизделген комплекстүү мамиле жасоо бүгүнкү күндүн негизи болуп калууда.

Мында илимий педагогиканын каражаттар стандарт, программа, усулдук колдонмолор, окуу китептер, сынчыл ойломдун стратегиялары, сабактардын жаңыча түрлөрү, предметтик компетенттүүлүктөр ж.б. экендиги изилдөө ишибизден байкалды.

## 2.2.Жогорку класстарда Ч. Айтматовдун романдарындагы инсандык үлгү сапаттардын мисалында мектеп окуучуларын калыптандыруунун технологиясы

Азыркы күндө улуттук өзгөчөлүктөр күн санап өсүүдө башкача айтканда социалдык экономикалык жана нравалык ыймандык жактан улам өзгөрүп улам жаңылануууда, ушуга ылайык, күн санап өсүп келе жаткан жаш муундарга татыктуу тарбия берип, инсандык сапатын калыптандыруу үчүн ата-энелер, тарбиячылар, мектеп мугалимдери тарбиялоо жана өнүктүрүүдө адамгерчиликти, ыймандуулукту биринчи орунга коюп, окутуу тарбиялоону туура жүргүзүүсү зарыл болууда.

Мектеп окуучуларын ыймандык эстетикалык бийик сапаттарга тарбиялоодо адабият сабагынын ролу чоң бул багытта кыргыз адабият

сабагына окумуштуулардын айрым байкоолору, жекече иш тажрыйбалары жайылтыла баштады, . Ч Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын образдарын изилдөө аркылуу ыймандык дөөлөттөрдүн мектеп окуучуларына тийгизген таасирин тажрыйба, байкоо, фактынын негизинде көркөм чыгармалардагы романдарды терең изилдеп, андагы каармандардын образын ачуу менен инсан катары тарбиялоого багыттайбыз жана окутуудагы технологияларды байланыштыруу менен чагылдырабыз.

Окутуп –тарбиялоодо инсандык үлгү сапатка калыптандыруунун төмөнкүдөй моделин сунуш кылдык.

1-сүрөт . Окуучуларды үлгү сапатка калыптандыруунун модели.

Максат: Ч айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттары аркылуу мектеп окуучуларынын инсандык сапатын калыптандыруу

Мектеп окуучуларынын инсандык сапатын калыптандыруунун компоненттери,каражаттары

| | |
|---|---|
| Руханий адеп ахлактык негиздер | Мүнөздүк, темпераменттик өзгөчөлүктөр |
| Кыргыз адабияты сабактарындагы көркөм чыгармалар | мотивди ойготуу, мотивацияны өнүктүрүү жана , каармандар менен бирге болуу |
| Чыгармалардагы каармандар | Эрктик эмоциялык башкара билүү |

Каармандардын үлгү болуучу сапаттары,салтуу жана интерактивдүү усулдарды айкалыштырып окутуунун жемиштүүлүгү.

Инсандык сапаттарды калыптандыруунун педагогикалык шарттары

| | |
|---|---|
| . | Боорукердик, чынчылдык, калыстык, өз ара түшүнүшүү аң сезимдерди арттыруу, ыймандуулукка, адилеттикке, калыс болууга багытталган тарбиялык сааттардын топтомун тузүү |

| | |
|---|---|
| | Улуттук өзгөчөлүктөрдү негиз кылуу аркылуу үрп адат, салтты баалоочу сапаттарга калыптандыруу |
| . | Курактык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен улууну урматтап , кичүүнү сыйлоого багыт берүүчү каармандарды басым менен окутуу |
| . | Үй –бүлөнү сактоого ,ата-энени сыйлоого багытталган тарбиялык .негиздеги иш –чаралардын топтомун түзуп ,практикада колдонуу жана окуучулардын аң-сезимине сиңире билүү |
| | |
| | Элдик педагогикалык билим алуу үчүн көркөм каражаттар аркылуу багыт берүү |

Планда мекен, эне, тарбия үлгүсүн камтыган иш чараларды үзгүлтүксүз өткөрүп туруу (диспут, конкурс, семинар, ангемелешүү, конференция ж.б.)

| | |
|---|---|
| **Окуучулардын инсандык сапаттары** | Кайрымдуулук, сүйүү, ыраазычылык, камкордук, жардамдашуу, аң сезимдери |
| | Боорукердик, чылдылдык, мээримдүүлүк, адептүүлүк, ыймандуулук, чыгармачыл |
| | Кызыгуу, кубануу, таң калуу, ишенүү, тынчсыздануу , ойлонуу, кайгыруу |
| | Жоош ,оор басырыктуу, шайыр, тең салмактуу |

Ал эми көркөм чыгармадагы каармандын мүнөзү тигил же бул образдын уюткусун түзөт бул багытта каармандардын образын талдоодогу өз тажрыйбасын мугалим С. Мамбетакунов таржымалдайт (Мамбетакунов С Адабият сабагынын таасирдүүлүгү 1968)

Көркөм образ окуучуга эстетикалык-эмоциялуу гана таасир этпестен, ал адеп-ахлактык, ыймандык жактан калыптануунун мектеби кээ бир чыгармалардагы образдар “эклектикалык” мүнөздө болот эмеспи. Мындай каармандарды толук ачып көрсөтүү да, окуучулардын түшүнүшү да белгилүү бир позицияны ээлеген образдарга караганда бир кыйла оор (Алымов көркөм чыгармаларды талдоонун айрым маселелери) Адабият сабагы жана андагы каармандар белгилүү шартта окучуларга идеялык - эстетикалык жактан таасирин тийгизет. Бирок көркөм моделди кабылдоо окуучуларда даяр түрүндөгу сабак эмес. Ал көптөгөн психологиялык - лингвистикалык, дидактикалык методикалык проблемалар менен байланыштуу. Ошондуктан “адабияттын спецификалык бөтөнчөлүгү көркөм сөз искуствосу болгондугуна байланыштуу, окуучулардын көркөм образдарды кабыл алуу, сезимине жеткирүүдөгү стимул берүүчү фактор чыгармадагы тигил же бул обьектилер болбостон, эн биринчи сөз болуп саналат” ошону менен бирге, образды үйрөнүүнүн методикасына коюлуучу негизги талаптар катарында төмөнкүлөрдү көрсөтөт.

- Көкрөм чыгарманын текстин окуучулардын ачык эмоциялуу кабыл алышы түшүнүшү.
- Адабий каармандын образын үйрөнүүнүн алгачкы учурунда гана эмес, окуучуда адабий каарман жөнүндө түшүнүк пайда болгондон кийин, анын үстүндө иштөө мезгилинде да көркөм образдын спецификалык бөтөнчөлүгүн эске алуу.
- Чыгармадагы адабий каармандын образынын бөтөнчөлүгүнүн берилишин эске алуу
- Адабий каармандын образын өзүнчө бөлүп алып карабастан башка

образдар менен бирдикте, жазуучу тарабынан сүрөттөлгөн турмуштун жалпы фонунда алып текшерүү (Каныбек Иманалиев 195-196 б. б) .

Н. Ишекеевдин изилдөөлөрүндө чыгармаларды окутуудагы төмөнкүдөй принциптерди ийкемдүү колдонуунун мселелери жөнүндө төмөнкүлөргө токтолот.

-Окутуунун принциптери бул адабиятты окутуу процесине коюлуучу талаптарды туюнта турган дидактикалык жоболор болуп эсептелет.

- Билим берүү, тарбиялоо жана ар тараптан жетилтүү маселелерин комплекстүү ишке ашырып окутуу принциби.

Тарбиялоонун окутуу мүнөзү, анын идеялык багыты окуучуларга таасиринин күчү, окутулуучу көркөм чыгарманын мазмуну, окутуу методдору, сабакты уюштуруу формалары жана мугалимдин инсандык таасири сыяктуу факторлор менен аныкталат. Көркөм адабияттагы каармандардын инсандык сапатарын өздөштүрүүнүн негизинде окуучу адеп - ахлактык нормаларга тарбияланат.

- Окутуунун илимийлүүлүк жана жеткиликтүүлүк принциби
- Көркөм адабиятты окутууда азыркы илимге ылайык такталган маалыматтар берилет.

Бул принциптин негизги талаптары төмөнкүлөр:

а) Үйрөтүлүп жаткан көркөм чыгарманын поэтикалык логикасын ачып көрсөтүү.

б) Ар бир жаңы окуяны жана предметти бардык жагынан карап уйрөнүү.

в) Илимде кабыл алынган терминдер менен туюнтулуучу туура түшүнүктөрдүн пайда болушу үчүн шарттарды түзүү.

г) Адабиятты окутуу методдорун илимий таанып билүүнүн оптималдуу каражаты катары пайдалануу.

- Жеткиликтүүлүк принциби-окуучуларга көркөм адабиятты терең өздөштүрүү үчүн биринчиден, окуучуларга ар бир кийинки тема, өзүнүн мурунку түшүнүктөрдүн келип чыгып анын табигый уландысы болгондо,

экинчиден өздөштүрүрүлгөнүн көркөм чыгармалар окуучулар тарабынан практикада колдонулганда гана камсыз болот.

- Дидактикалык принцип- окуучулардын аң -сезимдүүлүгү жана активдүүлүгү мугалимдин жетекчилик ролу менен терең байланышта. Окутуу процесинде мугалим менен окуучунун ортосундагы аң- сезимдүү байланыш, окутуунун мыйзам ченемдүүлүгүн туура пайдалануу эң негизги зарылдык экендигин көрсөтөт. (Дидактика /Асипова Н. А. Курманкожоева Р. И. — Турар, 2009-43-б)

Системалуулук принциби-ар бир класстын, ар бир окуучунун кабылдоо өзгөчөлүгүн эске алып маселени туура жана маныздуу чечүү. Системалуулук принцибин Я. А. Коменский негиздеген. Ал өзүнүн "Улуу дидактика" деген эмгегинде "табиятта бардык нерселер бири бири менен кандай айкалышса, окутууда да аларды ошондой эле айкалышта үйрөтүү зарыл"-деген ойду бекемдеген.

- Көрсөтмөлүүлүк принциби.

Окуучулардын эмоционалдуу кабыл алуусунда жана билимин системага салууда көрсөтмөлүүлүк зор рол ойнойт. Жазуучу чыгарма, каарман жөнүндө көз алдыга элестетүүсүн тереңдетет, билимдерди ыраатка салууга жардам берет. Сабакта көрсөтмөлүүлүктүн төмөнкүдөй түрлөрү бар.

а) көрүү көрсөтмөлүүлүгү.

б) угуу көрсөтмөлүүлүгү.

в) көрсөтмөлүүлүктүн синтетикалык каражаттары.

Көрсөтмөлүүлүк аудио, видео жазуулардан узунду уктурса, кино, телеберүүлөрдү тандоонун негизинде жүргүзсө болот.

- Окуучулардын билим билгичтиктерин бекемдеп өнүктүрүү принциби.
- Көркөм чыгарманы өзү менен бирге окуучулар акылын, жөндөмүн, ишмердүүлүгүн

билимин, билгичтиктерин өнүктүрүшөт.

- Окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алып окутуу принциби.

Л. В.Занковдун окутуунун дидактикалык системасы төмөнкү системанын негизинде иштелип чыккан.

- Окутууну кыйынчылыктын жогору деңгээлинде уюштуруп өткөрүү.
- Окуу материалын ылдам темпте окуп үйрөнүү.
- Окутууда теориялык билимдеринин басымдуулугун камсыз кылуу принциби.

Окуучу ойлонуп эмгектенүүдөн канааттанып, улам жаны нерселерди билүүгө кызыгышат. (Занков Л.В. Избранные педагогические труды -М: Педагогика, 1996-102с)

Ошондой эле окутуунун технологиясына да токтолуп өтөбүз.

В.Андреевдин пикири боюнча:Педагогикалык технология -бул педагогикалык мыйзам ченемдүүлүктөрүн, максаттардын, принциптердин, мазмундун, окутуу жана тарбия методорун жана каражаттарын долбоорлоо менен, аларды тажрыйба түрүндө пайдалануунун системасы “(Андреев В. И. Педагогика творческого самаразвитие: Инновационный курс. Казань, 1998, -с27)

Педагогикалык технологияларынын авторлоруна Б.Блум, Д.Брунер, Дж Керол, Г.Гейс ж. б. киришет.

С.Рысбаевдин “Баланын китеп окуусун уюштуруу технологиялары” деген эмгегинде окуучунун окурмандык ишмердүүлүгун өнүктүрүүдө төмөндөгүдөй методдорго таянууга сунуштаган.Биз ошол сунуштарды илимий ишибизге негиз кылып алдык. Алар төмөнкүлөр;

1.Проблемалуу окутуу методу.

2.Изилдөөчүлук метод.

3.Психологиялык методдор.

4.Интерактивдик методдор.

5. Аңгеме методу.

6.Байкоо методу.

Эми булардын ар биринин мааниси жана аны кандай багытта колдонууга

болору тууралуу токтолуп өтөлү;

1.Проблемалуу окутуу методдору; мында адегенде мугалим китептин аталышы ,тартылган сүрөттөрү жана башкалар боюнча суроолор берилет.

Ал эми окуй баштаганда каармандардын кылык жоруктары аңгемелешүүлордү жүргузүү : мисалы ,Ал эмне үчүн ушундай ? мындан ары эмне кылат ?-деп баланы каарман менен кошо аралаштырып,жүрөгүнө өткөрүп жетелесе сабак натыйжалуу болмок.

Деги эле баланын китеп окуусуна коз салууда мындай механизмдерди мугалим байкоосу тийиш:

- Каармандын кылык жоруктарына ,же окуяга –баланын эмоционалдык психологиялык баасы кандай болгонун ?
- Каармандын кылык –жоруктарына же окуяга баланын нравалык – этикалык баа берүүсү кандай болду ?
- Каармандардын кылык жоруктарына баланын философиялык ой жүгүртүүсү кандай болду?
- Бала китептеги каармандардан таалим –тарбия ала туран эмнени тапты.

Мына ушундай проблемалуу суроолор чечилсе гана окутуудагы каармандарды талдоо проблемасы чечилет деген ойдобуз.

Орус окумуштуулары П. Я.Галперин, Ю.К. Бабанский, П.М.Эрдиевдин, В. П.Беспальконун илимий эмгектеринде технологияларды ишке ашыруу жолдору каралган.Ал эми С.Рысбаевдин “Кыргыз балдар фолклорунун педагогикасы” деген эмгегине таянуу менен төмөнкүдөй окутуунун технологияларын сунуш кылдык.

Табл 2.2

| *Окутуунун технологиясынын түрлөрү* |
| --- |
| Инсандык түшүнүк технологиясы |
| Мамиле технологиясы |
| Билим технологиясы |
| Жүрүш-туруш технологиясы |
| Тарбия технологиясы |
| Окутуу-тарбиялоо технологиясы |
| Өркүндөтүп окутуу технологиясы |
| Акыл-аракеттерин калыптандыруу |
| Прог раммалык окуттуу технология |
| Жаматташып окутуу технологиясы |
| Калыптанган окутуу технологиясы |
| Ар түрдүү деңгээлдеги технологиясы |
| |

Ал эми чыгармаларды окутуунун интерактивдүү методдорунун ыкмалары боюнча С.Батакановаңын "көркөм чыгармаларды окутуунун методикасы",

С. Рысбаевдин "Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы" С. Өскөндүн Окутуунун интерактивдуу усулдары, Абдухамидова Б.Жылдын мыкты мугалимдери жана мыкты сабактар Н.Ишекеев "Көркөм чыгармаларды

окутуунун методикасы” И.Бекбоев “Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери” жана мектеп мугалимдеринин усулдук колдонмолорун пайдаландык.

Негизинен Ч. Айтматовдун романдарынын негизинде жаш муундарды инсандык сапатка тарбиялоо үчүн окутуудагы кызыктуу методдорду, технологиялык негиздерди жана тарбиялоонун туура жүргүзүлүшүн камсыз кылуу зарылчылыгы келип чыгууда.

Изилдөөбүздүн жүрүшүндө романдарды окутуу тарбиялоонун ыкмаларына кайрылабыз.

Элдик таалим тарбиянын методдору туурасында окумуштуулар өз элинин көп кылымдык тажрыйбаларын изилдеп келип, бир катар ойлорун айтышканы белгилүү. Тактап айтканда окумуштуулар М. Мельников, Г. Н. Волков, К. Пирлив, А. Ш. Г алимов кыргыз окумуштуулары А. Алимбеков, С. К. Рысбаев, А. Ж. Муратов. Алардын ичинен М. И. Стельмаховичтин элдик тарбиянын төмөнкүдөй системага салган методдорун тактап ырааттуулукка салып белгилеп өтөбүз.

- методдор тобу: ишендирүү методдору (түшүндүрүү, үйрөтүү, сөзгө туруу ангемелешүү, кеңеш айтуу, үлгү  көрсөтүү, баарлашуу)
- методдор тобу: баланын турмуштук ишкер аракеттенүүсүн уюштуруу, туура журум турумга өнүктүрүү эмгек жана эс алуу эрежелерине машыктыруу тапшырма берүү, талап кылуу, үйрөтүү, сурануу, буйрук берүү.
- методдор тобу: баланын маданий жүрүм-турумун стимулдоо методдору. (кубаттоо, колдоо, мелдеш жүргүзүү, сыйлоо, жазалоо).

Илимий педагогикада тарбия методдору алардын түрлөрү боюнча педагог психологдор: А. С.Макаренко, В.А.Сухомлинский, Ю.К.Бабанский, Л.С. Выготский кыргыз окумуштууларынан А.Алимбеков, Б.Апышев, Н.А. Асипова, И.Б.Бекбоев, Н.И.Имаева, Э.М.Мамбетакунов, А.Ж.Муратов, С.К.Рысбаев, Н.И.Ишекеев, С.Батаканова, С.Сакиева ж.б. адистер бул маселеге карата илимий методикалык макалаларын жана эмгектерин

жазышкан.

Адабиятты окутуунун методдорун орус методисти Н.И.Кудряшев төмөнкүдөй ажыратат.Чыгармачылык окутуу методу,эвристикалык (жарым-жартылай изилдөө ) методу,репродуктивдүү метод (158.-70-бет).

Жогорудагы методдор биздин илимий ишибизде кеңири колдонулду. Мисалга алсак салттуу сабактардын бири Ч.Айтматовдун "Атадан калган туяк" аңгемеси болду. Бул аңгеме согуштун таасириндеги бала тууралуу жазылат.АңгемениА.Муратов кыргыз мектеринде окутуу боюнча өз тажрыйбасын макала түрүндө жазган (205) жана ал макаласы "Адабият ыйман сабагы"(204) "Ала тоодон ааламга үн салган Айтматов" (206) мына ушул теориялык изилдөөлөргө таянуу менен ошол чыгармадагы каармандардын үлгү сапаттарын өзгөчөлөнтүп окутуу бүгүнкү күндөгү кошумча булак деп айтсак болот.

Чыгармадагы каармандардын үлгү сапаттарын талдай турган болсок;

| Чыгарманын аталышы | каармандар | үлгү сапаттары | Кайсы сапаттарга тарбияланат? |
|---|---|---|---|
| "Атадан калган туяк" | Жээнгүл | Боорукер,мекенчил,мээримдүү кайраттуу | Кайраттуулуукка,мекенчилдикке,боорукердикке |
| | Авалбек | Ак ниет, сезими тунук наристе, мекенчил, атасын күтөт, Атасы менен сыймыктанат,сагынат | Мекенди сүйүүгө, боорукердикке, согушту жек көрүүгө, наристенин сезимин баалоого |

Биз жогорудагы материалдарга таянуу менен үлгү сапаттарды окуучуларга жеткирүүдө төмөнкү маселелерге көңүл бурушубуз керек.

**Биринчиси:** Аңгеменин каарманы Жээнгүл жана анын үлгү сапаттары

биздин негизи идеябыз болмокчу. Биз эксперимент жүргүзгөн мезгилде 97 окуучунун 68 и түшүнгөн эмес же жөн гана согуш болгонун тушүнүшкөн 14 окуучу чала түшүнүшкөн 15 эле окуучу үлгү сапаттарды туура түшүнүшкөн.

Демек мугалимдин негизги милдети үлгү сапаттарды ачып берүү,туура түшүндүрүү.

Ал эми Авалбек согушта курман болгон жоокердин жалгыз баласы, тукум улантуучусу.Согуштун адам башына салган ааламатынан атасын көрүү насиби ага буюрбады. Согуштун кесепетинен “АТА” деген кандай болорун сезбей ата мээримин корбөй өмүр өткөрүүдө. Ошентсе да кинодогу актерду атам деп мактанып, сыймыктанып чуркап чыгышы анын чыйрактыгы,атанын уулу экендигинен кабар берет.Чыгармадагы негизги идея үлгү сапаттарды окуучуларга ар тараптан жеткирүү болгондуктан салтуу жана интерактивдүү усулдар аркылуу жемиштүү сабак өтүү зарыл болууда.

А.Муратовдун методикалык ыкмаларына ылайык төмөнкүдөй жолдор менен текст талданды.

А) Аңгемедеги каармандардын көрүнүшүн көркөм окуу.

Б) Авалбектин өз атасы жөнүндогү сыймыктануусун ( “ Мен Токтосундун баласымын” ) өзгөчө сыймыктануусун ,көрүп турган чындыкты далилдөөгө ьолгон аракетин өзгочө басым менен окутуу

В) Андан кийин Жээнгүлдүн ички дүйнөсундогү энелик мээримин .
.күйөөсүнө болгон ызаат сыйын. “ Жүр балам жүрөгой .Ошол сенин атаң” – деген сүйлөм аркылуу баланын ишеничи ,сагынычы ,кусасы дегеле бардык жан дүйнөсү эне менен толукталары байкалып турат.

Н. Ишекеевдин “Көркөм чыгармаларды окутуунун методикасы” деген эмгегинде каармандардын образын талдоого терең маани берген.

Ч. Айтматовдун окуу программасында сунушталган чыгармаларындагы каармандардын образдарына талдоо жүргүзүүдө алар боюнча терең изилдеген К. Асаналиевдин, А.Садыковдун, А.Акматалиевдин,К. Бобуловдун Л. Укубаеванын О. Ибраиммовдун, К. Ибраимовдун, ж.б. ошондой эле

аларды мектепте окутуунун ыкмаларын, усулдарын иштеп чыгышкан

К. Иманалиевдин, Б. Алымовдун, С. Байгазиевдин, Н. Ишекеевдин,

Н. Исамидиновдун, А. Муратовдун ж. б.лардын эмгектерин пайдаланууга толук негиз бар. Мектеп балдарына каармандардын образдарын окутууда алардын мүнөзүн ачуудагы негизги идея чыгарманын идеялык маанисин ачуу аркылуу келечек муундарды инсандык сапатка тарбиялоо болот.

Каармандардын мүнөзүн жана образын талдоо аркылуу биз

Ч. Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” романындагы негизги каарман болуп эсептелген.Эдигейдин образын окутуу үчүн кандай каражаттарды, ыкмаларды колдонгондугун, ал чыгарманын табиятын, компоненттерин үйрөнөбүз жана төмөнкүдөй идеяларды карап көрөбүз.

А.Муратовдун “Кыргыз адабиятын окутуу теориясы жана практикасы деген эмгегинде “Кылым карытар бир кун” романын уйронуу боюнча айрым методикалык жумуштар “деген темада романдагы каармандардын психологиялык озгочолукторуно конул бурулган .

Чыгармадагы негизги каарман катары манкуртка айланган Жоломан менен Сабитжандын образдарына салыштыруулар жургон ошол салыштыруулар аркылуу каармандардын кийинки калыптануусу мунoздук озгочолукторун ачып берсек деген ойдобуз.

| Жоломандын бала кези | Сабитжандын бала кези |
|---|---|

| | |
|---|---|
| “Атасынын кегин алышка уулу кеткен согушка”.<br>Андагы айыгышкан чон кармашта эки тарап аралаша чабышып жатканда уулу ат жалын кучактай жыгылганын коргондор бар экен.Анан уулу аттан кулайт,бирок бир буту узонгудон чыкпай саландап калат,”сырт турпаты алибеттуу,””кезинде жоро жолдошторунун тобунан чыккан акыл эстуу,созмор жигит болсо керек.азыр деле али жаш кер муруту жаныкылтыйып келатыптыр,кебетеси да келишимдуу..” | “Мотуракай бала эле ,атасынын суймончугу,темир жолчулардын мектеп интернатына алып барып,орноштурганын эстеди эки тоону салдырып алып баланы коруп келишер эле /Эдигей эскерип жатат/<br>Кышкы каникулду аяктагандачы тоочон жоноп,баланы тонго ороп,аяз болобу ,борошо болбу ,кун тунуно карабай... жеткирип турушар эле... |

Демек балалык кез –адамдын таза кези ,мында баары абийирдуу пакизи болот,жаман адам жок баары жакшы ,кийин ошолордон биз билген эки манкурт чыгат,бири улама кайып кептеги манкурт кул экинчиси романдагы замандашыбыз бугунку кундун областтык маанидеги кызматкери Сабитжан манкурт.

Ч.Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” романындагы негизги каарман болгон Эдигейдин образын мүнөздөөнүн планын төмөндөгүдөй түзүүгө болот:

- Эдигей - улуттук салтты кадырлаган адам
- Эдигейдин үмүт тилеги жана коомго көз карашы
- Эдигейдин Казангап менен иштеп жүргөн мезгили
- Эдигейдин маркумдун керезин аткаруу үчүн болгон аракети
- Эдигейдин образынын окуучуларга тийгизген таасири
- Эдигейдин Сабитжандын абстрактуулукту камтыган сөздөрүнө таасирленүүсү.

Мына ушул план белгиленгенден кийин мугалим Эдигейдин образына мүнөздөмө берет. Мугалим даярдап келген план окулат же доскага жазылат. Ошол план боюнча окуучулар жоопту романдан табышат, цитаталар алынат.

Окуучулар даярдануу  менен цитаталарга жооп беришет. Эдигейдин образын талдоо ишинде анын сырткы кебетесин көз алдыга келтирүү, акыйкатта, каармандын ички дүйнөсүн, социалдык психологиялык абалын ачуу милдетин аткарат.

“Каармандардын портретинен,-дейт А. А. Липаев.-биз ар кандай деталдарды жолуктурабыз. Алардын бири негизинен каармандарды жандуу түрдө көз алдыга келтирүүгө аракет кылса, портреттин экинчи бир деталы анын ички дүйнөсү менен байланыштуу болот. Үчүнчүсү каарман аракеттенип жаткан кырдаалды, социалдык абалды көрсөтөт! (Липаев А. А. Методика обьяснительного литературного чтения на русском языке, М: Просвещение, 1964. -с. 225)

Мугалимдин негизги милдети Эдигейдин образындагы татаал кубулуштарды, маркумдун ыйык парзын аткаруудагы психологиялык кыйналуусун, жан дүйнөсүндөгү бөксөрүүнү, маркумдун баласы Сабитжандын билимдүү болгон менен инсандык сапаты жок болуп чонойгонун көрүп, ички дүйнөсүнүн кыйналуусун, Зарипага жана анын балдарына болгон тунук мамилесин дегеле жүрөгүндөгү кайрыктарды окуучуларга ачуу менен жаш муундарды инсандык сапатка калыптандыруу. Эдигейдин,Зарипанын,Үкүбаланын,Абуталиптин үлгү сапаттарын, инсандык касиеттерин бөлүп, айырмалап салттуу жана интерактивдүү усулдар менен окутуу адамгерчилик менен куралдандыруунун  эң сонун каражаты деп эсептейбиз.

Ошол эле мезгилде аны менен чогуу жүргөн өмүр бою Разьезде иштеп ,эл үчүн жашаган Казангаптын дүйнөдөн өткөндөн кийин өзү каалаган, ыйык деп атаган Эне-Бейитке коюлбай калышы да романдагы дагы бир каармандын образын талдоону шарттайт. Ал эми Эне-Бейиттин да өзүнчө романда орду бар.

Чыгармадагы “манкурт экенсиң” - деген сөздүн өзү ошол тарыхый изилдөөдөн келип чыккан. Мында Найман эненин баласы  Дөнөнбайды

издеп чыгып жолугуп, аны менен сүйлөшүүсү, аны алып кетүүгө болгон аракетинен майнап чыкпай, эненин өлүмү менен бүтүшү, ошол мезгилдеги таш боордук доор өкүм сүргөнүн түшүндүрөт. Анын себеби туткунга түшкөн баланы Жаңжуңдар кармап алып, төөнүн терисин тескери кийгизип, баланын аң-сезимин уурдап, манкуртка айландырышы. Ал эми Эдигейдин Сабитжанга "манкурт экесиң" деп кайрылуусунан мурунку манкуртчулук менен азыркы манкуртчулукту салыштырып талдап, окуучуларга аң сезимдүүлүктүн негизинде жеткирүү мугалимдин милдети болуп эсептелет.

Ч. Айтматов бул романда жөнөкөй адамдын күнүмдүк жашоонун негизинде ошол мезгилдеги жүрөгүн көптөн бери өйүп келе жаткан маселени чагылдырууга аракеттенгени жеке адамдын тагдыры менен жалпы адамзаттык маселени козгойт.

Элинин тарыхы, тагдыры, бүгүнкү, эртенкиси, келечеги жөнүндө дайыма түйшөлүп келе жаткан жазуучу романында аны чагылдырууну максат кылып, дүйөнүн бир бурчундагы станциядагы жашаган аз гана адамдын тагдырын сүрөттөө менен көрсөтө алды, аны менен кошо Абуталип менен Зарипанын да тагдырлары кошулду.

«Жазуучу акырындап отуруп алдына койгон проблеманы ишке ашыруу үчүн метафораны колдонуп, ал аркылуу чыгармада өзүнүн айтайын деген оюн, тилегин, адамдарга кайрылуусун келечек жөнүндөгү көйгөйдү айта алды десек болот. Бул бөтөнчөлүктү К.Асаналиев мындай баяндайт: «Кылым карытар бир күн «романында метафора утурумдук көрүнүш эмес, ал идеялык проблеманы иш жүзүнө ашырган көркөмдүк системанын негизги борбордук түйүнү. Бардыгы ушул түйүнгө келип байланат, бардыгы ушул түйүндөн таркайт.» деп белгилеген чыгарма боюнча мектептерде семинар өтүлгөндө мектеп окуучулары өтө таасирдүүлүк менен кабыл алышары байкалган. Жалал-Абад шаарындагы №21-мектептин 11-классынынын окуучулары менен ангемелешип, романдагы каармандардын образдары боюнча окутуучу изилдөөбүздү жүргүзгөнүбүздө мектеп окуучулары дил

баян жазууда төмөнкүдөй ырларды жазгандарына күбө болдук..

Эдигей менен Казангап

Эмгектенген эриш-аркак.

Сары-өзөктүн станциясында

өмүрүн элге арнашкан.

Мезгил өтүп арадан.

Алар чогуу картайган.

Бул дүйнөдөн көзү өтүп.

Казангап кетти арадан.

Каранардын үстүндө кайкалаган

Казангапты бейитине алып барган .

Көр турмуштун кулу эмес ал адам.

Бир күндө эле бир кылымды картайткан.

А Казангап адамы эле адамдын .

Сабитжанды адам бол деп окуткан

Сабитжандын бүт жасалма кылыгы.

Туугандардын жүрөгүн ал ооруткан.

Төмөндө “Кылым карытар бир күн” романындагы инсандык үлгү сапаттарынын берилишин класстер түрүндө бердик:




“Кылым карытар бир күн” романындагы инсандык сапаттардын берилиши…

тарабынан кандайча мүнөздөмө берилет, текстен таап көзөнөкчөлөргө толтургула.

- **Казангап - Эдигей – окшоштуктары**

Казангаптын адамдык сапаты менен Эдигейдин адамдык сапатынын окшоштуктары адамгерчилиги, ыймандуулугу, эрктүлүүгү болуп эсептелет. Экөө тен эл үчүн иштеген өмүрүн элге арнаган адамдар. Бул түшүнүктөрдү

окуучулар үлгү сапаттарын аныкто**о** менен талдай билүүсү керек**.**

Потенциалы: көркөм текстти окуу менен бирге окуучулар элестөө аркылуу түшүнүү көндүмүнө ээ болушат.Мүнөздөрдүн карама-каршылыктары менен жалпылыктарын салыштырышат.Өз ойлорун далилдүү айтуу жөндөмүн калыптандыра алышат.

Көркөм чыгармалардагы каармандардын образын талдоо боюнча талдоонун методологиясынын моделин сунуштап көрөлү.

Сүрөт: 2.2

**Мектепте көркөм чыгармалардагы каармандардын образдарын талдоо**









Ушул шартта жалпы эле агартуу багытында учурдагы тез өзгөрүп бараткан мындай коомдук экономикалык шартка жараша гана эмес инсандык сапатты камтыган түбөлүктүү баалуулуктарды, адамдык сапаттын мыкты каражаттарын туу тутуп окутуу, тарбиялоого сиңирүү зарыл деген көз караштарды жогорулатуу зарылдыгы келип чыгууда. Мунун өзү элдик

педагогикалык окутуу, таалим-тарбия берүү салттарына, идеяларына негизделип, мектепте окуу-тарбия иштерин жүргүзүүгө багыт берери шексиз. Жогорудагы каармандардын образдары аркылуу адамгерчиликтин негизин камтыган оң каармандардын мыкты сапаттарын даңазалоо менен окуучуларды ыймандык маселесине багыттаган идеяларды көтөрсөк деген ойдобуз.

Романдагы каармандарды мектеп окуучуларына кенен түрдө окутуу системасына киргизүү үчүн окумуштуулар негиздеген принциптерге, методдорго, түрдүү каражаттарга таяндык жана төмөндөгүдөй максаттарды койдук.Изилдөөбүздүн жүрүшүндө С.Рысбаевдин, Б.Апышевдин, Н.Ишекеевдин,А.Муратовдун, С.Сакиева жана мектеп мугалимдеринин ж.б. окумуштуулардын изилдөөсүнө таянуу менен төмөнкүдөй чиймени бердик

2.




| | | | |
|---|---|---|---|
| Байкоо,аңгемелешүү | Тест,лабараториялык | интерактивдүү | салттуу |
| ТАРБИЯ МОДЕЛИ | | | |

| ТАРБИЯЛООНУН МЕТОДДОРУ | | |
|---|---|---|
| **Түшүндүрүү**<br>**Кеңеш айтуу**<br>**Үйрөтүү,**<br>**антка туруу** | **Аңгемелешүү**<br><br>**Өрнөк көрсөтүү**<br>**Ынандыруу,**<br>**убаданы аткартуу** | **Мекенчилдик, ыймандуулук, адамгерчиликке багыттоо** |

| **ТЕКШЕРҮҮ МЕТОДДОРУ** | **КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ МЕТОДДОР** |
|---|---|
| **Суранүү,эскертүү,тыюу**<br>**Буюруу,кубаттоо,сыйлоо,**<br>**Какшыктоо,коркутуу,бата берүү,эскертүү,уяткаруу,** | **Аңгемелешүү,көмөк көрсөтүү,үйрөтүү,**<br>**Түшүндүрүү,ынандыруу**<br>**Убаданы аткаруу сөзгө туруу** |
| **Улуттук каада салтты урматтоого үйрөтүү** | |
| **Адамгерчиликке үндөө,багыт берүү** | |
| **Салттуу усулдар менен интерактивдүү усулдарды айкалыштыруу менен окутуп ,тарбиялоо** | |

Жогорудагыларга таянуу менен окутуунун методдорунун моделин түшүндүрүүгө болот.

- “Кыямат” романында планетанын башына түшкөн ошол глобалдык мүшкүлдөрдү, өтө кыйын экологиялык кырдаалды, айрыкча адам ыйманынын экологиясын талдаган, азыркы адам менен табигый дүйнөнүн ортосундагы улам тереңдеп бараткан жараканы, карама каршылыктарды ачып көрсөткөн албан чыгарма болду, баса экология демекчи, бул термин баарынан мурда табигый чөйрөнүн өз закондоруна ылайык өнүгүшүн, жаратылыш менен коомдун өз ара тыгыз байланышын түшүндүрөт.

“Кыямат” романы көтөрүп чыккан маселелердин түйүнү жалаң эле бир өрөөндүн ичиндеги наша издеп келген баңгилер же Ысык-көл өрөөнүндөгү малчылардын жашоосунда эмес романдын көтөргөн жүгү алда-канч асалмактуу, психологиялык, педагогикалык, философиялык негизделиши кенен, бул чыгарма жалпы эле адамзат коомун көптөн күткөн орчундуу маселелер жөнүндө, алар: адамдардын ниетин, кыял пейилин, оң сапаттарын, этикалык тарбиялоочулук, аң сезимдүүлүк сапаттарын оңдоочу ишеним-императивдерди табуу маселеси. Ошондой эле табият жана адам темасы, жашоодогу жамандык менен жакшылыктын, ыймандуулук менен караниеттиктин ортосундагы карама-каршылыктарды камтып, роман үч бөлүктөн турат. Биринчи бөлүгүндө чөл бөрүлөрү Акбара менен Ташчайнардын жомогу уланып, Авдий Калистратовдун наша кечтер арасына кантип аралашканы, экинчи бөлүгүндө анын жанкечти болуп бараткан жаш балдарды адал жолго салам деп кыйналган аракети. Үчүнчү бөлүгүндө Акбара менен Ташчайнардын Ысык-Көл жакасына ооп келгендеги тагдыры Бостон чабандын тири укмуш трагедиясы сүрөттөлөт.

Бул романда негизинен окуучулар үчүн табияттык, адамзаттык проблемаларды көтөргөн роман болгондуктан, мектеп окуучулары менен окутуучу изилдөөбүздү жүргүзгөнүбүздө андагы негизги каарман болуп эсептелген адамдардын тагдыры менен байланышкан чөл карышкырларына

да талдоо жүргүзүлдү, алардында адам сыяктуу кайгырары, бала үчүн бардык нерсени унутта калтырып чуркары салыштыруу жолу менен берилип, аларды окутуу менен мектеп окуучуларын адамгерчилик сапат менен бирге экологияны, жан-жаныбарларды сүйүү маселеси да каралган.

Изилдөөбүздүн жүрүшүндө адабият сабагында көркөм чыгармалардагы каармандардын образдарын окутуу аркылуу окуучуларга инсандык сапатка калыптандыруу боюнча С.Батакановaнын “Көркөм чыгармаларды окутуунун методикасы”деген эмгегине таянуу менен окутуунун же сабактын төмөнкүдөй түрлөрүн сунуш кылабыз.

Сабактын темасы: Ч. Айтматовдун “Кыямат романындагы адам жана табийгат, адам-адам, адам -карышкыр проблемалары.

Сабактын максаты: Окуучуларга каармандардын образдарын талдоо боюнча түшүндүрүү жана үлгү катары кабыл алуучу каражаттарды, роман көтөргөн проблемаларды чечмелөөгө багыт берүү.

Колдонулган ыкма: “Акыл чабуулу “, изилдөөчүлүк, өз кез карашын жаратуу, тыным менен көркөм окуу, топ менен иштөө, жуп менен иштөө.

Окутуунун компоненттери: мейкиндик, ички, проблемалык, убакыттык

Каражаттары: түстүү флипчаттар, маркерлер, окуу китеби, проектор, компьютер

Иштин кадамдары:

1-кадам. Окуучулардын көңүлүн сабакка буруу үчүн чыгарманын кызыктуу эпизодунан көркөм окуп беребиз. Адам менен карышкырлардын алгачкы жолугушу. Бөлтүрүктөргө кызыккан адам Ташчайнар менен Акбаранын жакын келгенин байкабайт. Бөлтүрүктөрүн коргоо үчүн жардан секирген Ташчайнардын айбатынан адамдын эси чыгат.

2-кадам. Бул үзүндүдөн кийин суроо беребиз. Эми мындан ары кандай окуялар болот деп ойлойсунар?

3-кадам. Андан ары текстти тыным менен окуп, суроолор менен алга

жетелеп жүрүп отурабыз.

4-кадам. Авдий Калистратов деген ким? Эмне үчүн ал наркомандарга барууну ойлоду. Ушул суроолорго текстен жооп издейбиз.

5-кадам. Доскага наркомандар жана маңкуртчулук деп жазылган. Окуучуларды эки топко бөлөбүз да Венндин диаграммасын түзүүгө тапшырма беребиз.

- «Акбаранын көз жашы” тасмасынан үзүндү көрсөтөбүз.
- Базарбайдын бөлтүрүктөрдү алып жаткан кези.
- Базарбай менен Бостондун конфликти.
- Карышкырлардын короодогу койлорду кырган эпизоддорду көрөбүз
- Акбара менен Ташчайнардын бөлтүрүктөрүн жоктоп улушу
- Бостон менен Базарбайдын образын талдоого алабыз.

Бостон менен Базарбайдын мамилелеринин бузулушунун себеби кайсы?

Эмне үчүн адамдардын катачылыгынан Кенжеш каза тапты? Бул Бостонду жазалообу?

Бостон баласын аман алып калыш үчүн эмне кылышы керек эле?

Базарбайда адамдык  сапат канчалык деңгээлде бар.?

Бөстондун адамдык сапаты кандай?

- кадам. Классты төрт топко бөлөбуз да, окуучуларга чыгармачыл тапшырмаларды беребиз. Ватманга долбооруңарды жазгыла, пикириңерди аргументтер менен далилдегиле дейбиз.

1-топко: автор бул чыгарма менен эмнени айткысы келген?

2-топко: Бостон менен Базарбайдын адамдык сапат боюнча айырмачылыгы кайсы?

3-топко: Чыгармада эмне үчүн карышкырлардын жашоосун чагылдырды?

4-топко: автордун ордунда болсоңор чыгарманы кандай аяктар элеңер?

Бул тапшырмалар ар бир топко угузулбай, жашырын берилет. Ар бир топтун лидерлери чыгып сүйлөгөндөн кийин, кимде кандай пикир бар деп сурайбыз. 4-топко ким кандай сунуш киргизер эле. Окуучуларга оюн топтоп

айтууга эркиндик беребиз.

Потенциалы: Чыгармадагы талдоо менен бирге окуучулар эркин сүйлөө көндүмүн жаратууга, чечендик жана сынчыл көз карашты түптөөгө багыт беребиз. Каармандардын кулк мүнөзүн тексттеги далилдер менен сүрөттөөгө үйрөтүү.

Үй тапшырмасы: дептериңерге каармандар жөнүндо эң көркөм жазылган сүйлөмдөрдөн бешти таап жазып келүү.

Бул чыгарма боюнча 11-класстын окуучуларына дил маек жана эссе жаздырганда алардын көпчүлүгү бул чыгармага өтө сергектик менен мамиле жасашары жана каармандардын адамдык сапаттарына көңүл бурары белгилүү болду. Экологияга жан -жаныбарларга аяр мамиле жасоо жаратылышты сүйүү боюнча семинар сабак өткөндө көпчүлүк окуучулар Бостон менен Базарбайдын образдарына талдоо жүргүзүү менен кызуу талкуу жүргүзүштү Алардын ичинен кээ бир дил баян жазгандарга кайрылсак

Дүйнө кезип өз жашоосун улаган.

Сактап келген тукумдарын жок кылбай.

Жашоо үчүн үмүт кылып талпынып ,

Моюнкумдун чөлдөрүнө келишкен.

А адамдар кыянаттык кылышты,

Жер которуп Ысык -Көлгө келишти.

Тукум улап бөлтүрүктүү болушту.

Ал жерде да кол салышты аларга,

Тирүү туруп, бөлтүрүксүз калышты.

Ыймансыздык орноп алган дүйнөдө,

Бир заматта улуп-уңшуп калышты.

Бул ыр саптарынан биз окуучулардын баёо жан дүйнөсүндө адамгерчиликтин үрөнү бар экендигин ошол үрөндү биз жогорку муундар келечек муундарга өткөрүп берүүгө милдеттүүбүз деген ойдобуз.

Окуучулар менен чыгармадагы негизги түйүндүү сюжеттүү маселелерди талкуулап, чыгарманы теориялык жактан баяндоо жүргүзүлдү.

Бул чыгарма боюнча 11-класстарга төмөнкүдөй карточкаларды таркатып, жоопторду алдык.

“Кыямат” романын окуганда кандай сезимдерге ээ болдуң?

- Адамдык сапат канткенде жогору болот?
- Акбара менен Ташчайнардын адамдарга өчөшүп калышы эмне менен аяктады?
- Бостон Базарбайды эмне үчүн жазалады?
- Акбара эмне үчүн Кенжешти ала качып кетти?
- Чыгармадагы негизги идея эмнеде?
- Кайсы каармандын инсандык сапаты силерге жакты?
- Азыркы күндө ушундай көйгөлөр барбы?
- Эмне үчүн кээ бир адамдар  карышкырчалык баласын коргобойт?

Берилген карточкаларга Сузак районундагы Т. Темирбаев атындагы 11-класстын окуучулары төмөнкүдөй жоопторду беришти.

- Чыгарманы окуганда негизги каарман Бостонду жана адам сымал ыйлаган карышкырларга боор ачуу сезимине ээ болдум.
- Адамдык сапат адамгерчиликтүү болуп, жаратылышты сүйсө, боорукер болсо жогору болот.
- Карышкырлардын адамдарга болгон өчү жана балдарына болгон сагынычы Кенжеш менен Акбаранын  терс каарман Базарбайдын өлүмү менен аяктады.
- Чыгармадагы негизги идея адам менен жаратылыштын ортосундагы байланыш, адамдагы оң жана терс сапаттардын чагылдырылышы
- Бостондун адамдык сапаты жакты
- Азыркы күндө мындай көйгөйлөр коомдо бар жана ал көйгөйлөр негизги орунда турат.
- Бүгүнкү күндө күкүк ата-энелер көбөйүп кетишти аларда

карышкырчалык деле мээрим болбой жатат.

Берилген карточкаларга жоопту оозеки жана жазуунун негизинде алып андан кийин С. Рысбаевдин “Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы” деген эмгегинде берилген дил баяндын түрлөрүн айтып берүү менен дил баяндын түрлөрүн сунуш кылдык. (үй тапшырмага)

Мүнөздөмө дил баян (Каармандардын кылык жоруктары, мүнөздөрү, үлгү сапаттары башкалардан болгон айырмачылыгы)

Очерк - дил баян (айрым бир каармандын тагдырына ой жүгүртүү) Резенция дил баян (каарманга мүнөздөмө жана баа берилет) Публицистика - дил баян (эркин темада ой толгоо түрүндө жазылат)

Поэма - дил баян (ыр-дил баяны тема боюнча өз пикири, ички толгонуулары ыр менен берилет) Пьеса-дил баян (окуучунун фантазиясынын кеңдиги, сөзгө чебердиги берилет)

Репортаж- дил баян (учурдагы кыймыл-аракетти маанилүү бир окуяны чагылдырат.) Фантастика-дил баян (кыялдан ойлоп чыгарылган элестетип чагылдыруу). Жомок дил баян өз алдынча чыгармачылыгын өстүрүү). Улама дил баян (чыгармадагы окуянын андан ары уланышын чагылдырат).

Бул дил баяндардын жазуу көлөмү беш-алты бетке чейин жетишерлик болорун эгер андан ашык жазса артыкчылык катары эсептелерин эскертип өттүк.

Бул дил баяндарга ушул эле класстын окуучулары улама дил баян, фантастикалуу дил баян, повест дил баян, новелла дил баян, поэма дил баянды тандашарына күбө болдук.

Бул дил баяндардын кээ бирлер изилдөөбүзгө киргизилди.

Окутуучу изилдөө учурунда окуучулардын жекече кез караштарын, келечекке болгон умтулуусун, жаратылышка болгон аёо сезимин, инсандык сапатты чыгармалар аркылуу өздөштүрүүгө болгон умтулууларын байкадык.

Ошондуктан жаш муундардын көркөм чыгармаларды терең, талдоо менен үйрөнүшү үчүн окутууда мектеп партасында калыптандыруу керек экендигине күбө болдук.

Эми сабакта мектеп системасында Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы мыкты сапаттар аркылуу окутуп, тарбиялоону үйрөтүүгө, багыттоого көңүл буралы:

Албетте чыгармалардын көпчүлүгүнүн адеп-ахлак, эмгек, билим, өнөргө умтулуу, мекенди коргоо, адамгерчиликке үйрөнүү, табиятты сүйүү, жан-жаныбарларга аяр мамиле жасоо сыяктуу түбөлүктүү темалар окутуу процессине мүнөздүү деп ойлойбуз.

Мектептерде адабий чыгармаларды талдоо, анын идеялык маанисин, сюжетин, анын негизинде жаткан атуулдук тарбиялык таасирин талдоо төмөнкүдөй түрдө болуусу талапка ылайык келет:

- Чыгармалардагы мыкты сапаттарды инсандык сапат катары талдоо анын идеялык маанисин жогорку деңгээлде өздөштүрүү
- Инсандык үлгү сапаттарды окуучу өзүнүн жан дүйнөсү аркылуу кабыл алуусуна, ал боюнча ойлонуп түйшөлүүсүнө, ички талабын канаатандыруусуна жараша талдап, түшүнүүгө багыт берүү.
- чыгармалардагы улуттук рухий баалуулуктарды жалпы адамзаттык баалуулуктар менен айкалыштырып үйрөнүү.
- жогорудагы методдорду колдонуу менен окуучулардын жан дүйнөсүнө адамгерчиликтин уругун себүү аны өстүрүү.
- С.Байгазиевдин « Чынгызга карышкырдан кат « деген публицистикалык –философиялык эссесин алып карасак
- Бул чыгармада Акбара менен Ташчайнардын арманы эле эмес адам баласын жок болуп кетуу коркунучунан сактап калган Бугу эне айыпсыз бокондор ,Авдийдин адамгерчилиги,Базарбайдын кара курсак учун адамдык сапаттан чыгышы дегеле жан жаныбарларга зыян келтиргендер жонундо кайгылуу драммалар чагылдырылган.

Ошондой эле инсандык мыкты сапаттарды окуп-үйрөнүүнүн өзгөчөлүктөрүнө көңүл койдук ошондо да окуучулардын турмуштук көрүнүштөргө баа берүү, баалоо анын баланын инсан катары өсүүсүнө

тийгизген таасири, анын социалдык кырдаалдарга жараша калыптануусу, “турмуштук эреже нормалар”, инсандын мүнөз, темпераменти таануу процесстери окуучунун инсан катары калыптанышына тийгизген таасирлери практикада кандай экендигин иликтөөбүздө байкадык.

Чындыгында, мыкты сапаттарды окууда талдап изилдеп, баалоо өзүнчө эмоционалдык -психологиялык, нравалык этикалык, моралдык чен-өлчөмдөр менен бааланарын окумуштуулар өз изилдөөлөрүндө далилдеп келишкен.

Ал чен өлчөмдөр төмөнкүдөй түшүндүрүлөт.

“Эгер окуучунун тигил же бул каармандын кылык жоругуна, жүргөн турганына баа бергибиз келсе, анда, анын “үлгүлүү” же “тарбиясыз” деген баасы менен. Эгер окуучу каармандын ички толгонууларына, ой жүгүртүүлөрүнө баа бергиси келсе, анда “туура” же туура эмес деп баалайт.

Демек жаш муундардын адамгерчилик менен адепсиздиктин, жакшы менен жамандын эмне экендигин талдап түшүнүүсү, мыкты сапаттар менен терс сапаттарды айрып тааный билүүсү инсандык мыкты сапаттардын калыптанышына өбөлгө түзөрү белгилүү болот.

Мына ушул педагогикалык жагдайлар мектеп системасынан баштап орто окуу жайларында, университеттерде чыгармаларды кенен түрдө окутууну багыттайт жана чыгармадагы мыкты сапаттар аркылуу балдарга таалим тарбия берүүгө жемиштүү окутууга салым кошмокчу. Аны биз эксперимент жүргүзүү мезгилинде ынанганыбызды билдиргибиз келет.

Алардын ар бири адамдын ар кандай сапаттарын өнүктүрүү сыяктуу методикалык ыкмаларды туюндуруп турат.

Берилген моделде төрт компонент моделдин төрт канатын ээлеп турат, алар төмөнкүлөр.

1. Биринчиси окутуунун дидактикалык принциптери.

2. Экинчиси окутуунун методдору.

3. Үчүнчүсү аларды жүзөгө ашыруудагы теориялык негиздер.

4. Төртүнчүсү методикалык негиздер.

Мындагы теориялык негиздер катары биз: чыгармалардагы таалим тарбиянын теориясын каармандардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн, окутуунун максаттарын, жалпы эле концептуалдык багыттары тууралуу педагог окумуштуулардын ойлорун, пикирлерин, сунуштары менен көз караштарын эске алсак, анын методикалык негиздери катары-окуу китептери, методикалык көрсөтмөлөр, кошумча дидактикалык материалдар педагогикалык изилдөөлөрдү эсептедик.

## Экинчи глава боюнча корутунду

Изилдөөнүн бул бөлүмүндө жогорку класстарда Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын инсандык сапаттарын окутуу эволюциясы жана окутуунун методикасы камтылды.

Негизинен мыкты сапаттарды окутуу да чыгармалардын калыптануу этабы, инсандык өнүгүү мезгилдери, чыгармалардын кайсы доорду чагылдырышы жана аларды окутуу системасына кошумча программа аркылуу кеңейтүү жолдору каралды.

Аныктоочу экспериментибизде келечек муундарын ар тараптуу окутуу тарбиялоодо көрүнүктүү жазуучунун чыгармаларындагы мыкты сапатка ээ болгон каармандардын таасири чоң экендигин байкадык жана белгилүү окумуштуулардын сунуштарына, окутуудагы принциптерине, методдорго таяндык.

И.Бекбоевдин, С.Рысбаевдин, А.Муратовдун, Н.Ишекеевдин,

Б. Алымовдун, К.Иманалиевдин, С.Батакановaнын, С.Сакиеванын,

Э. Мамбетакуновдун жана жылдын мыкты мугалимдеринин (Абдухамидова. Б. жылдын мыкты мугалимдери Бишкек 2013). Мектеп мугалимдери менен бирдикте Ч.Айтматовдун чыгармалары боюнча тесттер жүргүзүлдү карточкалар таркатылып, сынчыл ойломдун бардык стратегиялары колдонулуп, интерактивдүү методдор боюнча сабактар өткөрүлүп, талдоого алынды.

Турмуштун даңгыр жолуна аттанып, кесип тандоого багыт алган жаш муундарды педагогиканын прогрессивдүү салттарынын жана адамгерчиликтин каражаттарынын негизинде тарбиялоо бүгүнкү күндүн орчундуу проблемаларынын бири болуп саналат.

Келечектин ээлери болууга умтулган жаштарды инсан катары тарбиялоодо Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү берүүчү сапаттарын оң таасир этүүчү жактарын мектеп программасында кеңири методикалык негизде колдонуу зарыл экендиги көңүлгө алынып, булар боюнча эксперименттик иштерибизде бир топ жумуштар аткарылды.

Изилдөөдө педагогикалык жана психологиялык методдор, педагогиканын каражаттары, принциптери, сынчыл ойлом стратегиялары темаларда жана сабак өтүүнүн багыттары менен бирге көрсөтүлдү.

## 3-глава

## Ч.Айтматовдун романдарындагы инсандык сапаттардын мисалында окутууну калыптандыруунун дидактикалык моделин жүзөгө ашыруу боюнча жүргүзүлгөн педагогикалык эксперимент

### 3.1. Экспериментти уюштуруу жана анын жүрүшү

Бул эксперименттик изилдөөнун алдына жалпысынан төмөнкүдөй максатты жана ага жетуу үчүн бир нече милдеттерди койгонбуз.

Атап айтсак: мектептерде окулуучу Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын инсандык үлгү сапаттары аркылуу жаш муундарды ыймандуулукка, адамгерчиликке калыптандыруунун инновациялык механизмдерин изилдөө.

-Мектептерде Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык сапатка калыптандыруучу каармандардын үлгү сапаттарынынын окутуу абалын

аныктоо.

-Инсандык үлгү сапаттарды интеграциялоо боюнча мугалимдердин компетенттүүлүгүн билүү.

-Инсандык үлгү сапаттарды окутуудагы оң жана терс таасирлерди өздөштүрүү.

-Ч Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттарын окутуудагы методдорду,классификацияларды,окутуунун методдорун аныктоо.

-Инсандык үлгү сапаттарды окутуунун натыйжаларын өздөштүрүү

….Эскерте кетчү нерсе: эксперименттик сурамжылоо Ч.Айтматовдун жомоктордогу, ангемелердеги, повесттердеги, романдардагы инсандык сапатты алып жүргөн каармандар ошондой эле инсан анын калыптанышы, адамдагы мыкты сапаттар ошолорду камтыган чыгармалар боюнча жүргүзүлдү). Жомоктордон: “Бугу эне” ангемелерден “Атадан калган туяк” повесттерден “Ак кеме” “Делбирим” “Биринчи мугалим” “Гулсарат” романдардан “Кылым карытар бир кун” “Кыямат” ж. б тандалган.

Изилдөө негизинен үч этап менен жүргүзүлдү

1-этап

Аныктоочу этапта окуучулардын инсандык сапат жөнүндөгү идеяларын жана Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын мыкты сапаттарын өздөштүрүү боюнча идеяларын, ошол маселелерди чечүү аркылуу мектеп балдарына окутуунун принциптерин, методдорун түшүнүү деңгээлин билүү, текшерүү боюнча атайын критерийлерди иштеп чыктык. Ал критерийлер төмөнкүлөр:

Окуучулардын инсан деген түшүнүктү чечмелей алышы:

- инсандык калыптанууга таасир берүүчү каражаттарды чечмелей алышы:

Мыкты сапаттагы каарман жөнүндө билиши

- оң каармандар менен терс каармандардын ортосундагы байланышты аныкташы

Инсандык сапаттар боюнча дил баян жазуунун өзгөчөлүгүн билиши.

- адамгерчилик, экология, жашоонун манызы жөнүндө түшүнүү.

Бул максатка ылайык, эксперименталдык материалдарында камтылган суроо тесттерди, анкеталарды таркатуудан мурда, окуучулардан инсан, инсандык сапат, мыкты сапаттагы каарман жана ага мүнөздөмө берүүсү боюнча аныктап алдык. Ал багытта окуучулар Ч.Айтматовдун чыгармаларын өздөштүргөнү менен андагы мыкты сапаттарды жана инсан түшүнүгүнө жакшы жооп бере алышкан жок.

Аныктоочу этапта окуучуларга инсан жөнүндө анын идеялары жөнүндө төмөнкүдөй сурамжылоону жүргүздүк

- Инсан түшүнүгү боюнча түзүлгөн суроолор.
- Инсан деп кандай түшүнүктү айтабыз?
- Инсан менен адам түшүнүгүнүн айырмасы кандай?
- Инсан болуу үчүн кандай болуу керек?
- Инсан жөнүндө кандай чыгармалар же учкул сөздөрдү билесиңер?
- Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы жомоктор жана аңгемелер боюнча түзүлгөн суроолор.
- “Бугу эне” жомогундагы кармандардын инсандык сапаттары кандай?
- Жомоктор аркылуу дагы кандай инсандык сапаттарды өздөштүрсө болот деп ойлойсунар?

“Атадан калган туяк” деген аңгемедеги каарман жөнүндө кандай кез **карашынар бар**

**6. Бул аңгемедеги каарман силерге эмнеси менен өзгөчөлөндү?**

- **Повесттер боюнча түзүлгөн суроолор.**
- **“Биринчи мугалим” повестиндеги негизги каармандарга баяндоо.**
- **“Биринчи мугалим” повестиндеги Дүйшөндө кандай инсандык сапат болгон?**

- **“Жамийла” повестиндеги он каармандардын өзгөчө сапаттары кайсылар?**
- **“Гулсарат” повестиндеги Танабайдын инсандык сапаты кандай?**
- **Чоронун адамдык сапаты кандай?**
- **Романдар боюнча түзүлгөн суроолор.**
- **“Кылым карытар бир күн” романындагы инсандык сапатка ээ болгон каармандар кимдер?**
- **Эдигей Казангап жана Сабитжандардын ички дүйнөсүндөгү айырмачылыктар кандай?**
- **“Кыямат” романынын** каармандары Бостон менен Базарбайдын инсандык сапат боюнча айырмачылыгы кандай?

Бул суроолор боюнча мектеп окуучуларынын берген жооптору төмөнкүдөй болду.

1. Инсан түшүнүгү боюнча түзүлгөн суроолорго жооптор

- Инсан адамгерчилиги жогору, турмуштук көз карашы бар, жоопкерчилиги бар, эркин чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон адам ал коомдон, чөйрөдөн, тарбиянын негизинде, окуу аркылуу калыптанат.
- Ал эми адам социалдык, биологиялык, коомдук талаптарга жооп берген жеке субьект.
- Адам инсан болуу үчүн адамгерчиликтин жогорку деңгээлин өздөштүрүп, окуп, билим алып, тарбиянын каражаттары менен куралданышы керек.

“Биринчи мугалим” повестиндеги негизги каармандар ошол мезгилдеги мугалим Дүйшөн жана жөнөкөй кыргыз кызы кийинки академик Алтынай.

Повестте Дүйшөндүн билиминен да анын адамгерчилиги жогору бааланат.

Ал эми Алтынай Биринчи мугалими болгон Дүйшөндүн аракети менен ошондой эле билимге болгон умтулуусунун негизинде академиктик даражага жетет.

- “Жамийла” повестиндеги Жамийланын образы аркылуу өз алдынча чечим чыгарып, сүйүүнү, адамдык сапатты баалаган кыргыз кызынын образын түшүнөбүз.

Ал эми Данияр согуштан жарадар болгон, кайраттуу, өз мекенин сүйгөн, сүйүүнү баалаган жөнөкөй бирок адамгерчиликтүү адам.

“Гүлсарат” повестиндеги Танабай чындыкты бетке айткан, кайраттуу, калыс, эч кимге көз каранды болушту каалабаган, партияны, мамлекетти баалаган өз душмандарына каршы тура билген чыныгы инсан.

Ал эми анын жан досу Чоро адамдык сапаты болгону менен жетелеме, терс каарман болуп эсептелген Алданов, Сегизбаевдерге кызмат кылган адам.

Бул эки каармандын негизинде инсандык тарбиялоонун чыныгы өзөгү түшүндүрүлөт.

- **Романдар боюнча түзүлгөнн суроолорго жооптор.**

**“Кылым карытар бир күн” романындагы негизги каармандар Эдигей, Казангап, Сабитжан ж. б.**

**Эдигейдин образы ак көңүл, өмүр бою эмгектенип, Сары-өзөндө кызмат кылган, түшүнүктүү инсандык сапаты бар каарман. Анын адамгерчилиги өзү менен өмүр бою чогуу эмгектенип, эл үчүн жашаган Казангаптын керээзин аткаруу үчүн маркумдун сөөгүн Эне-бейитке алып барып, көмө албастан кыйналганынан көрөбүз.**

**Ал эми Сабитжан Казангаптын уулу билимдүү, окуган, кызматкер бирок каада салтты адамдык сапаттарды баалай албаган адам.**

**Бул каармандардын образдарын айырмалап окуу менен бирге окуучуларда дүйнө таануу жогорулайт деген ишеним бар.**

**Ал эми “Кыямат” романындагы негизги каармандар Бостон менен Базарбайдын образдары ар башка болгону менен айырмаланат.**

**Бостон жөнөкөй, адамгерчиликтүү, туура сүйлөгөн, боорукер адам ошондуктан ал Базарбайдын чыккынчылыгын, кара ниеттигин көтөрө**

**албады, анын инсандык сапаты адамдардын таш боордугуна чыдай албады.**

**Ал эми буга карама-каршы каарман Базарбай өз кызыкчылыгы үчүн жашаган, акча арак менен күн көргөн адамгерчилиги жок каарман.**

**Бул эки каармандын инсандык сапаттарында өтө чоң айырмачылыктар бар.**

**Изилдөөлөр боюнча окуучулардын, мугалимдердин,студенттердин арасында аңгемелешүүлөрдү, семинарларды, конкурстарды өткөрдүк. Изилдөө көрсөткөндөй Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык сапаттар боюнча окуучулардын түшүнүктөрү жетишсиз экендиги байкалды. Ал төмөнкү себептерден экендигин аныкталды:**

**Ч.Айтматовдун** чыгармалары жогорку деңгээлде өтүлгөнү менен ошол чыгармаларды окутуудагы инсан сапаттары, адамгерчиликти басым менен өзгөчөлөнтүп окутуу көмүскөдө калгандыгы. Чыгарма, повест, романдардагы каармандардын инсандык сапаттарын окутууда таалим тарбия принциптери, методдору камтылбагандыгы, бул боюнча мугалимдер үчүн усулдук колдонмолордун жоктугу ж. б

2-этап.

Ушул айтылгандардын негизинде 2011-2012-окуу жылдарында изденүүчү эксперимент жүргүзүлдү. Жүргүзгөн экспериментибизде инсандык тарбиялоо боюнча окуучулардын билим деңгээлин жогорулатуу керек экендигин байкадык. Ошондуктан биздин максатыбыз мектеп окуучуларын инсандык тарбиялоонун негизинде кантип калыптандыруу керектигин, аны жол жоболорун иштеп чыгуу болду.

Эксперименттин бул этабы эки багытта жүргөнүн белгилей кетели, тактап айтканда, инсандык түшүнүктөрдү, алардын педагогикалык маани маңызын үйрөнүү боюнча жазылган адабияттарды окуп талдап үйрөнүү, андан сон окуучуларга көркөм адабияттардагы инсан темасы камтылган

Ч. Айтматовдун чыгармаларынын инсандык таалим тарбия идеяларын талдоо, ага керектүү окутуунун жана тарбиялоонун принциптери менен методдорун системага салып иликтее, ал аркылуу мектеп балдарына инсандык тарбия берүүдө, аларды кантип пайдалана билүүсүн аныктоо, атайын курстун программасын түзүү болду.

“Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык сапатты калыптандыруунун окутуудагы орду” деп аталыштагы программада биз төмөнкү багыттарды камтыдык.

- Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык сапаттар камтылган чыгармалардын негиздери.
- Ч. Айтматовдун повестериндеги инсандык сапатты камтыган каармандарды окуп үйрөнүүнүн негиздери.
- Ч.Айтматовдун романдарындагы адамгерчилик, ыйман маселелерин окуп үйрөнүүнүн негиздери.
- Инсандык сапатты калыптандыруучу чыгармаларды окуп үйрөнүүнүн методикалык өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүү.
- Инсандык сапатты калыптандыруу үчүн түзүлгөн тест ж.б. каражаттарды колдонуунун илимий негиздери.

Мектептерде окуучуларды Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык сапатка калыптандыруучу идеяларынын негизин методдор, принциптер менен байланыштыруу.

Инсандык калыптануунун каражаттарын камтып окутуу.

Каармандардын образдарын талдоо аркылуу таалим тарбия, адептүүлүккө багыттоо.

Жогорудагы проблемалар боюнча эксперименттик сурамжылоо жүргүзгөнүбүздө, аңгемелешкенибизде мектеп мугалимдери төмөнкүлөргө токтолушту.

Программада инсандык сапаттар боюнча атайын бөлүнгөн сааттын жоктугу.

Сабактарда чыгармалардын жалпы багытта жүргүзүлүшү.

Усулдук колдонмолордун жоктугу.

Аныктоочу жана изденүүчү этаптарда илимий методикалык теориялык адабияттарга таянуу менен мектептерге барып, окуучулар менен аңгемелешүү, конкурстарды өткөрүп Ч Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттары боюнча семинарлар өтүлдү.

инсандык үлгү сапаттарынын өздөштүрүлүшү боюнча билимдеринин көрсөткүчтөрүн аныктадык жана ошол багыт боюнча түрдүү иш чараларды жүргүздүк.

3-этап

- Окутуучу эксперименттин жыйынтыгына ылайык окуучулардын теориялык билимдерин жана практикалык компетенттүүлүгүн аныктоо үчүн анкеталык суроолорду түзүү.
- Окуучулар ээ болуучу компетенциялар катары төмөнкүлөрдү эсептедик.
- Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы камтылган инсандык сапаттарды өздөштүрүү, ыймандуулук, адептүүлүк, инсандык каражаттар болгон окутуу тарбиялоонун жол жоболорун таануу:
- ошол өздөштүргөн инсандык сапаттарды жана окуу тарбиялоодон алган теориялык билимдерин жашоодо колдоно билүүсү.

..Мектептерде окуучулар менен аңгемелешүү,семинар,диспуттарды, конкурстарды өткөрүү сыяктуу иш аракеттер жүргүзүлдү.

Ошондой эле окуучуларды инсандык калыптанууга үйрөтүүдө төмөнкүдөй иш чараларды жүргүздүк.

“Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандар”, “Менин адамдык сапатым”, “Гүлсарат повестиндеги Танабайдын көз карашы”,  Жамийла жаны коомдук көз караш менен” деген темалардын негизинде окуучулар менен тегерек стол өткөрүлдү.

Повесттер жана романдардагы каармандардын адамдык сапаттары боюнча диспуттар, конкурстар өткөрүлдү. Ошондой эле мугалимдер жана усулчулар менен бирдикте повестъ, романдар боюнча сабактардын иштелмесин сунуш кылдык.

Окуучулардын Ч. Айтматовдун чыгармаларын өздөштүрүүсү дил баян жаздыруу, рефераттарды жазуу чыгармачылык менен изденүүсү биздин эксперименттик ишибизди жүргүзүүбүздө оң натыйжа берди.

Интерактивдүү методдорду колдонуу менен окуучулардын көркөм чыгармалардагы каармандарды талдоо бир топ жемишин берди.

Мисалы: Сынчыл ойлом ыкмасы менен өтүгөн “Саманчынын жолу” повестиндеги негизги каарман Толгонайдын образын талдоодо Көгарт гимназия мектебинин 11-классынын окуучусу Таалай кызы Самара өз чыгармачылыгы менен “энеге таазим “деген темада ыр жазып сабакта окуп берди. Сабак кызыктуу  жана окуучулар башка каармандар боюнча да көз караштарын айтышып кызуу талкуу болду. Жогорку класстагы окуучулардын арасында “Инсандык тарбиялоонун каражаттары” деген темада конкурс өткөрүлдү.

Конкурс төмөнкүдөй суроолордон түзүлдү:

- Комуздун коштоосунда саламдашуу.
- Адеп-ахлакка, адамгерчиликке багытталган чыгармалар.
- Ч Айтматовдун чыгармаларындагы негизги каармандар.
- Монологду көркөм айтуу.
- Кызыктуу суроолор.
- Карточкаларга жооп берүү.

Жогорудагыдай иш чаралар окуучулардын билиминин жогорулашына жана алган билимдерин бышыктоого чоң жардам берерине күбө болдук.

Чыгармаларды окууда андагы каармандарды талдай билүү идеялык маанисин ачууда инновациялык мамиле кылуу окутуунун салттуу системасын, методдорун, формаларын жана каражаттарын танбайт жокко чыгарбайт. Аларга өзгөртүү киргизүү менен окуучунун билимин, билгичтиктерин, көнүмдөрүн калыптандырып, өркүндөтүүгө багытталышын талап кылат. Окуучуларды өзүнө ишенүүгө тарбиялайт, таануу процесстери калыптанат, сынчыл ойлоосу өнүгөт, жеке пикирин айтууну өздөштүрөт деп ойлойбуз.

Эксперименталдык иштердин жыйынтыктарында төмөнкүдө бүтүмдөргө ээ болдук:Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу инсандык сапатты калыптандыруу боюнча тажрыйбалык иштин аягында окутуучу экспериментке чейинки окуучулардын анкетага берилген жоопторун анализдөө менен калыптандыруучу эксперименттен кийинки жоопторду салыштыруу төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берди.

Ошондой эле Ч.Айтматовдун чыгармаларында камтылган инсандык сапаттар боюнча өз чыгармачылыктары менен жазган ырларын окуп беришти, алардын кээ бирлери тиркемеде киргизилди.

Ч.Айтматовдун повесттериндеги каармандар боюнча дил баян, эссе жазып, көпчүлүгү окуп беришти.

Эксперименталдык ишибиздин жыйынтыгында биз тажрыйба жүргүзгөн ишибиз боюнча ой-пикирлерди уктук, алар окуучулардын Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык сапаттарга болгон кызыгуулары жанданганын, дил баян, эсселерди жазууда алардын кеп жөндөмдүүлүгү байыганын, ар кандай диспуттарда, викториналык оюндарда окуучулардын активдүү катышканын белгиленди.

Жогоруда биз тараптан өткөрүлгөн эксперименттин жыйынтыгында окуучулардан анкеталар алынып, алардын билим деңгээлдери сандык жана сапаттык жактан анализденди.

Жаш муундарды инсандык сапаттарга калыптандыруу аркылуу

окуучуларга ыйман, адамгерчилик адамдык сапат, инсандык сапат аларды өздөштүрүүнүн жолдорун табуу маселеси каралды.

Ч.Айтматовдун чыгармаларынын негизинде инсаны калыптандыруу деңгээлинин жыйынтыктары талданды.

## 3.2. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары жана алынган натыйжалар

Биз тандаган тема – Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык сапатты калыптандыруу идеялары системалык түрдө улуттук педагогикада биринчи жолу иштелип жаткандыктан, айрым бөлүмдөр окуу программасына жаңы эле киргизилгендиктен, өз теориялык ой пикирибизди жана практикадагы иштерибизди атайын илимий эксперименталдык иликтөөдөн өткөрүүнү ылайык көрдүк.

Эмгекти жазуу 10 жылдай мезгилди камтыды жана бул аралыкта жалпы коом, анын ичинде билим берүү системасы олуттуу өзгөрүүгө учурады. Кыргыз адабиятын окутуу методикасы, мектеп практикасы да жаңылануага учурады, андыктан биз бул жылдардын ичинде мурдагы айрым пикирлерибизге кайра кайрылууну, өзгөртүүнү эп көрдүк. Билим берүү системасындагы реформалар, эл аралык стандарттардын кыргыз адабиятын окутуу илими менен интеграцияланышы биздин ишибизге айрым түзөтүүлөрдү киргизди.

Тема менен иштөө 2011-2015-жылдарда үч этапта жүргүзүлүп, эксперименталдык база катары Жалалабат областынын Сузак районундагы №7 Көгарт гимназия мектеби (мугалими Б.Тажибаева), №61 Т. Алыбаев атындагы орто мектеби (мугалими К. Кунанчиев), №70 Т. Темирбаев атындагы орто мектеби (мугалими Р.Досматова), , "Таштак" мектеп-гимназиясы (мугалими М.Авазова) алынып, алар илимий ишти апробациядан өткөрүүгө катыштыжана Жалал –Абад шаарындагы №3 жана №21 мектептер алынды.

**Изилдөөбүздүн окутуучу этабында** Жалалабат областынын Сузак районунун Көгарт гимназия мектебинде эксперименталдык багытта төмөнкүдөй ар түрдүү аракеттер жүргүзүлдү, атап айтканда:

-Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы үлгү сапаттарды окутуунун жалпы

абалы аныкталды;

-Ч Айтматовдун чыгармалары боюнча адабий-теориялык эмгектер, илимий изилдөөлөр, адабий сын макалалар мугалимдерге жана окуучуларга канчалык деңгээлде жетип жаткандыгы, алардын сабактын эффективдүүлүгүн көтөрүүдөгү мааниси канчалык экендиги үйрөнүлдү;

- райондогу жана областтын башка райондорундагы мугалимдердин сабактарына катышып, алардын жалпы картинасынын мониторинги жүргүзүлдү, натыйжада типтүү кемчилдиктер жана алардан арылуунун болжолдуу гипетозалары иштелип чыкты;

- Ч Айтматовдун чыгармаларындагы үлгү сапаттарды окутуу боюнча мугалимдердин тажрыйбалары жыйынтыкталды, ал мугалимдердин иш аракеттеринин оң-терс жактары илимий иште чагылдырылыи берилип турду;

- Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы үлгү сапаттарды окутуу боюнча эксперименталдык багытта конкреттүү тапшырмалар (анкета таратуу жана ага жооп алуу, мугалимдерге бул же тигил сабактын иштелмелерин берүү жана ошол сабактарды жыйынтыктоо ж.б.) берилди жана алар илимий жактан талдоодон өткөрүлдү;

- эксперименталдык класстар менен контролдук класстардын айырмачылыгы аныкталып, алардын жыйынтыктары улам чыгарылып турулду;

- эксперименталдык иштердин жыйынтыгы ЖАМУнун кафедрасындагы адистер жана илимий жетекчи менен бирге эксперттерден өткөрүлдү.Аныктоочу эксперименттин максаты-окуучулардын инсандык үлгү сапаттарын жана Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттарын окуп үйрөнүүнүн теориялык багытын изилдөө болду.

**Изилдөөнүн негизги этабында** теориялык ой корутундулардын ырастыгын тастыктоо үчүн алгачкы эксперименггин жыйынтыгын тактоодон өткөрдүк, эксперттердин жана адистердин пикирлерин коштук, эксперименттен өткөргөн мугалимдердин сунуштарын эске алуу менен дагы

бир жолу ишти кайра кароонун обьектисине алдык. Бул мезгилде илимий ишибизди макалалар түрүндө басма сөзгө жарыялап, жалпы республиканын мектептерине апробациялоого сунуш кылдык. ЖАМУда өзүбүз иштеген кафедрада студенттер менен айрым бөлүмдөрдү практика учурунда да талкуулоодон өткөрдүк, эксперименталдык класстарда теориялык маалыматтарды сыноого салдык, натыйжада биздин ой-корутундулар илимий-методикалык жактан натыйжалуу деп айтууга негиз берди.

Изденүүчү эксперименттин максаты- Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттарын окуучулардын өздөштүрүүсүнө багытталган каржаттарды түзүү, методдорду, окутуудагы эффективдүү жолдорду табуу жана практикага киргизүү болду.Изилдөөбүздүн жыйынтыктоочу этабы Жалалабат областынын негизинен ар түрдүү аймагын камтып, ага жалпысынын 9-11 класстардын 800дөн ашык окуучусу тартылды.Окутуучу эксперименттин максаты- окуучулардын инсандык үлгү сапаттарын калыптандыруу үчүн иштелип чыккан жыйынтыктарды аныктоо, методиканын натыйжалуулугун баалоо.

Сыноо алдында анын матеиалдары такталып, баалоо жолдору иштелип чыгып, критерийлер аныкталган. Ошол критерийлердин негизинде, окуучулардын билим-билгичтиктеринин натыйжасы бааланды. Эми анын айрым жыйынтыктарын таблица формасында карап көрөлү.

Анын айрым жыйынтыктарын таблица формасында карап көрөлү

**Таблица:3.2.Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы үлгү сапаттарды окугуң келеби?**

| Контролдук топ | | | | Эксперименталдык топ | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жалпы саны | Ооба | Жок | Билбейм | Жалпы саны | Ооба | Жок | Билбейм |
| 310 | 142 | 46 | 40 | 340 | 211 | 47 | 32 |
| | | | | | | | |

Бул таблицадан көрүнүп тургандай " Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы үлгү сапаттарды билесиңби?”- деген суроо берилген. Анын максаты окуучулардын окурмандык кызыкчылыгын аңдап билүү эле. Сурамжылоого катышкандар адабият боюнча биздин мурдагы эксперименттерге тартылып жүргөн окуучулар болчу. Аталган суроого жооп бергендер контролдук топто 210, эксперименталдык топто 240 окуучу болуп, контролдук топто 142, эксперипменталдык топто 211 окуучу "ооба" деп жооп берген. "Жок" деп жооп бергендер контролдук топто 46, эксперименталдык топто 57 окуучу болгон да, "билбейм" деп жооп бергендер контролдук топто 70 жана эксперименталдык топто 62 окуучуну түзгөн. Биз мындай суроону азыркы окуучулар бир убакта "модалуу" болгон теманы, советтик адабиятта эң көп окулган жана кошумча негизде иштелген теманы азыр кандайча кабыл алат экен деген кызыкчылыктан улам пайда болду. Мындай айтар жыйынтык азыркы окуучулар биринчиден, адамгерчиликти чагылдырган чыгармаларга көбүрөөк кызыгат, экинчиден, алардын кызыгуулары улама дил баян аркылуу чагылдуурусуна караганда улуттук өзгөчөлүктөрдүн негизинде жазылган чыгармаларга арбаныраак. Ошондуктан адабият программасын түзүүчүлөр, окуу китебин жазгандар, методисттер, мугалимдер чыгармалардагы каармандар аркылуу инсандык сапаттарды окутууга көбүрөөк көңүл бөлүп, каармандын образын, анын ой туйгуларын, көңүл жагдайларын ачып берүүгө өзгөчө басым жасаганы

Адабияттык окуу сабагында сунуш кылынган чыгармалардын кайсынысын канчалык деңгээлде кабыл алат деп окуучуларга суроо тараттык. Жооп берүүгө Жалалабат областынын Сузак, райондорунан, Жалалабат шаарынан, айылдык мектептерден 420 окуучу тартылды.

Жыйынтыгында окуучулардын кызыгуусу жана өздөштүрүүсү төмөнкүдөй болду:

" Жамийла повестиндеги каармандардын үлгү сапаттары- 87%,

" Кылым карытар бир күн - 85%,

" Бетме -бет" - 83%,

" Гулсарат" - 79%,

"Эрте келген турналар" - 76%,

"Кыямат" - 71%,

" Саманчынын жолу" - 68%,

"Биринчи мугалим" - 63%.

Мындан айтар жыйынтык - азыркы окуучулар биринчиден, адамгерчиликти чагылдырган чыгармаларга көбүрөөк кызыгат, экинчиден, алардын кызыгуулары улама дил баян аркылуу чагылдыруусуна караганда улуттук озгочөлүктөрдүн негизинде жазылган чыгармаларга арбынырaак. Ошондуктан адабият программасын түзүүчүлөр, окуу китебин жазгандар, методисттер, мугалимдер чыгармалардагы каармандар аркылуу инсандык сапаттарды окутууга көбүрөөк көңүл бөлүп, каармандын образын, анын ой туйгуларын, көңүл жагдайларын ачып берүүгө өзгөчө басым жасаганы жөндүү деп эсептейбиз.

Таблица:3.3. Ч .Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттарынын идеялык-эстетикалык салмагын окуучулардын кабыл алуу деңгээли.

| **Деңгээли** | **Өз алдынча анализ берүү деңгээли** | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 1 деңгээл | 2 деңгээл | 3 деңгээл | 4 деңгээл |

| Топтор | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Экспреметти текшерүү | -<br>28% | 26%<br>54% | 28%<br>16% | 46%<br>2% |
| Экспреметти текшерүү | 4%<br>26% | 26%<br>37% | 36%<br>28% | 34%<br>9% |
| Экспреметти текшерүү | 6%<br>23% | 31%<br>47% | 24%<br>21% | 39%<br>9% |
| Экспреметти текшерүү | 8%<br>25% | 33%<br>46% | 38%<br>25% | 21%<br>4% |
| Экспреметти текшерүү | -<br>21% | 27%<br>50% | 33%<br>30% | 40%<br>9% |

Бул мониторинг боюнча Сузак районунан “Көгарт жана Т .Темирбаев атындагы мектептен 240, Алымкулов мектебинен 120 Жалалабат шаарынан 250, окуучу менен иш жүргүзүлдү. Мында инсандык үлгү өз алдынча анализ берүү ишмердүүлүгүнө басым жасалып, негизги критерий катары окуучулардын чыгармадагы каармандардын образдарынын сюжетин (романдарда), идеясын, темасын канчалык түшүнгөндүгү, каармандарга талдоо бере алышы, каармандардын үлгү сапаттарын өздөштүрө алуусу, жалпы чыгарма боюнча жеке көз карашын билдириши, адабий-теориялык талдоо жүргүзүүсү эске алынды. Бул боюнча окуучулар жалпысынан төрт деңгээлге ажыратылды. Жыйынтыгында Сузак районунда контролдук топтордо I деңгээл боюнча көрсөткүч 59% барабар болсо, эксперименталдык топтордо бул көрсөткүч 78% түздү, II деңгээл боюнча 76% - 85%, III деңгээл боюнча 78%-16%, IV деңгээлде 80% болуп отурду. Ушуга жакын

көрсөткүчтөр башка региондордон да байкалды (таблицаны караңыз).

Жогорудагылардан өзгөчө белгилеп кете турган нерсе биз сунуш кылган методика менен окутуу сабактын эффективдүүлүгү орточо 78-80%га жогорулатууга мүмкүнчүлүк ачты. Демек, ыктуу табылган ыкмалар окуучулардын адабий-эстетикалык инсандык адамгерчилик түшүнүгүн жогорулатууда өзгөчө мааниге ээ. Ошол эле кезде чыгармаларды тереңирээк түшүнүү менен мектеп окуучулары андагы тарбиялык таасирди да өзүнө көбүрөөк сиңдирип аларын практиктер да, педагогиканын теориялык аспектилерин изилдөөчүлөр да белгилеп жүрөт. Демек, бул жагынан да өсүп келе жаткан жаш муун чоң утукка эгедер болду деп ойлойбуз.

Эксперименталдык жумуштарды аткаруу учурундагы бир байкалган нерсе: биринчиден, биздин ыкмалар экспериментатор мугалимдер тарабынан бир топ кызыгуу менен кабыл алынды, сабакка дярдык учурунда, сабак процессинде биздин методикалык сунуштарга, окуучулр үчүн даярдалган тапшырмаларга өзгөртүүлөр киргизилди.

Жыйынтыктап айтканда, биздин иштеп чыккан методикалык аппарат адабиятты окутууда эффективдүү жана орто класстарга ылайыктуу экендиги педагогикалык эксперименттер аркылуу айкындалды, гипетозабыз илимий түрдө аргументтүү тастыкталды жана ушулардан улам азыркы мектеп практикасында колдонууга жарамдуу жана оң натыйжа берет деген жыйынтыкка келдик.

Тажрыйбаны жүргүзүүдө окуп үйрөнүү мезгилиндегиге салыштырмалуу окуп үйрөнгөндөн кийинки мезгилде окутуунун натыйжалуулугу байкалды жана үйрөнүүнүн натыйжалуулугу байкалды. Эксперименттин жыйынтыгын чыгарууда негизинен окуучулардын оозеки жана жазуу иштери, программада көрсөтүлгөн темалар боюнча жалпы түшүнүктөрү, үлгү сапатка болгон кызыгуу, активдүүлүгү, өз алдынча изденүү, кошумча маалымат булактарынан пайдалана билүүсү сыяктуу окутуу формаларынын баалоо системасына ылайык диагностикалык, формативдүү жана суммативдүү баа

коюу эрежелери  менен ишке ашырылды

1. Диагностикалык
2. Формативдүү
3. Суммативдүү

**Үчүнчү глава боюнча корутунду**

Бул бөлүмдү негизинен Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы романдардагы каармандардын инсандык сапаттарын методдор, окутуунун каражаттары, сынчыл ойлом стратегиялары менен айкалыштырып окутуп, тарбиялоо менен мектеп окуучуларына инсандык тарбия берүү багыттары боюнча сөз болот.

Изилдөөбүздүн жүрүшүндө  Ч.Айтматовдун романдарындагы каармандардын инсандык сапаттарын изилдөө аркылуу ошол эле чыгармалардагы кааармандардын образдарын талдоону, аларга жекече психологиялык анализ берүүнүн жолдорун, каражаттарын, методдорун окутуунун технологияларын үйрөндүк жана жаны сунуштарды иштеп чыктык.

Чыгармалардагы каармандардык ыймандык, адамдык сапаттарын, образдык өзгөчөлүктөрүн окутууда аларда баланын жашоосунда улгу болуучу педагогикалык ойлор түздөн-түз айтылары, айрым сапаттарды болуп алып, алардын оң сапаттарын бөлүп алып, ылайыгы келгенде турмушта колдонуу, адамдын жашоосундагы карама-каршы сапаттар: он жана терс, жакшы жана жаман, адалдык жана боорукердик, актык жана каралык, адамгерчилик жана ташбоорлук, экология, жан-жаныбарларга болгон он жана терс мамиле негизинен адамдарды инсандык сапатка багыттоочу баалуулуктардын тиешелүү өзгөчөлүктөрү каралат. Ошондой эле мындай чыгармаларды окутуудагы мугалим менен окуучунун ишмердиги төмөнкүдөй багыттарга бурулат.

Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы сүрөттөлгөн ыйман маселелери, моралдык сапаттар, этикалык адептик түшүнүктөр, философиялык, эстетикалык, педагогикалык ойлордун айкалышы чагылдырылган.

- Романдардагы каармандардын образдарынын инсандык сапаттарын талдоодогу өзгөчөлүктөр ошол өзгөчөлүктөр аркылуу жаш муундарды ар тараптан инсандык сапаттарга тарбиялоо каражаттары изилденди.
- Романдардагы улуттук өзгөчөлүктөрдү, азыркы маданий булактар менен айланыштырып окутуунун методдорунун окутуу өзгөчөлүктөрү кошумчаланды.
- Азыркы күндөгү адамдык сапаттарды, ыйман маселелерин көркөм чыгармалардын негизинде сактап калуу, коомубузга синирүү маселелерин өзгөчөлөнтүп берүү.
- Жургузгөн эксперименттик ишибиздин негизги идеяларын сунуштоо маселелери берилди.
- Изилдөө ишибиздин каражаттарын методдор менен байытуу ж.б. өзгөчөлүктөр каралды.

Ушул главада романдарды окутуунун методдорун, компоненттерин, моделин иштеп чыктык.

Бул моделдерди методдорду ишке ашыруунун жолдору:

- **Адабият таануу багытында:**
- Романдардагы каармандардын образдык талдоолорун терең билүү.
- Романдарды сынчыл ойлом стратегиясынын негизинде сапаттуу окутуу менен ыймандык, инсандык сапаттарды үйрөтүү.
- Романдардагы каармандарды алардын адамдык сапаттарын айырмалай билүүнү окутуу (оң жана терс сапаттар).
- Романдарды окутуу менен адабият таануу багытындагы эмгектерди үйрөтүү.

**Методикалык багытта:**

- Методикалык ыкмалардын көп түрдүүлүгү жана байлыгы жана аларды сабакта туура колдонуу.
- Сабактардын ар түрдүү каражаттар менен жабдылышы.
- Салтуу усулдар менен интерактивдүү усулдардын байланышы.
- Илимий негиздөөлөрдүн интеграциялык негиздери.

**Педагогикалык- дидактикалык багытта:**

- Мугалимдин чыгармачылык изденүүсү.
- Романдарды каармандарды инсандык сапаттар аркылуу таанытуу
- Адабий материалдарды турмуш менен байланыштыруу.
- Окуучулардын кеп байлыктарын өстүрүү, жазма чыгармачылык изденүүсүн жогорулатуу (дил баян, эссе).

Мына ушул талаптарды колдонуу менен азыркы окутуу процессинде романдарды жана андагы каармандардын инсандык сапаттарын өздөштүрүүгө педагогикалык методикалык шарттарды жаратарын биздин изилдөөлөр тастыктады.

Бул главада педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана жыйынтыктары берилип, анда биздин сунуш кылган методика азыркы окутуу процессинде колдонууга жарамдуу экендигин, окуу тарбия процессинде көмөктөшүүгө жардам кыларын көрсөтүү.

## Жалпы корутунду жана илимий -методикалык сунуштар

Изилдөөнүн жыйынтыгында негизинен, белгиленген максатка жеттик деп эсептейбиз жана алдыга коюлган милдеттер толук аткарылгандыгын белгилейбиз.

**Биринчи милдет** боюнча Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы окутуу тарбиялоо маселелериндеги инсан жана аны инсандык сапатка калыптандыруу абалы иликтенди. Анда Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутуу жакшы негизде экендиги бирок ошол чыгармаларды окутуудагы инсан маселелери ыйман, адамгерчилик моралдык сапаттарды окутуу

каармандардын образдары аркылуу инсандык сапатты калыптандыруу көмүкөдө калганы, бул маселелер боюнча методикалык зарыл көрсөтмөлөр жетишерлик эместиги белгиленди.

Бул көрүнүш аныктоочу экспериментибизде атайын анкеталар, тексттер аркылуу далилденди.

Ошондуктан Ч.Айтматовдун чыгармаларын мектептерде талаптагыдай окутуу, алардын өзөгүндөгү инсандык таалим тарбия идеяларын иликтеген педагогикалык-методикалык адабияттар (А.Алимбеков, С.Рысбаев,

Э. Мамбетакунов, А.Муратов, С.Калиев, С.Сакиева, Н.Ишекеев,

С.Атаканова, К.Минбаев, И.Бекбоев, М.Мельников, Б. Апышев, Т.Сияев, Т. Жороев, ж. Б.) эмгектери окуп үйрөнүдү жана алардагы тыянактуу ой - пикирлер, атап айтканда, элдик педагогикалык таалим тарбия идеялары жалпыланып сунушталды.

**2-милдетте** Ч. Айтматовдун повесттериндеги каармандардын инсандык сапаттарын окутуу менен анын өзөгүндөгү балдарга инсандык таалим тарбия берүү идеяларынынын маани- маңызынын мүмкүнчүлүктөрүн ачуу, аларды системага салуу маселеси каралган. Буга ылайык, мектептерде окулуп келе жаткан кыргыз адабияты курсундагы Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутуп тарбиялоодогу таалим тарбия берүүнүн каражаттары менен методдору жогоруда аталган окумуштуулардын идеяларынын негизинде системага салынды, алардын ички байланыштары мисалдар менен далилденди. Изилдөөдө илимий педагогика менен элдик педагогиканын методдорун, принциптерин бири-бири менен байланыштырып, салыштырып анын натыйжасы илимий изилдөөдө таблица түрүндө сунуш жана жаш муундарды тарбиялоодо таянар жоболору бирдей экендиги белгиленди. Бүгүн глобалдашуу заманында мектеп окуучуларын инсандык сапатка калыптандыруу үчүн көркөм чыгармаларды алардагы каармандардын образдарын сүрөттөө менен оң сапаттарын окутуу тарбия берүүдө колдонуу жакшы натыйжага алып барары тастыкталды.

Диссертациядагы **3-милдетке** жараша төмөнкү иштер аткарылды. Окутуунун каражаттары менен принциптерин, методдорун пайдаланып, мектеп окуучуларын инсандык сапаттарга жараша тарбиялоонун комплекстүү жол жоболорун, инсандык тарбиялоонун багыттарын, түрлөрүн аныктадык, окутуунун жана тарбиялоонун максат милдеттерин тактадык, инсандык калыптандыруунун мисалында алардын мазмунун ырааттуулукка салдык, тарбиялоонун каражаттары менен принциптерин, методдорун ар бир чыгарманын каармандарынан издеп таптык, аларды сабактарда, семинарларда, диспут, конкурстарда, класстан тышкаркы иштерде мугалимдер жана окуучулар менен бирге иштеп чыктык. Мына ушулардын жыйынтыктарында Ч.Айтматовдун чыгармаларынын негизинде мектеп балдарына инсандык тарбия берүүнүн моделин түздүк, аны педагогикалык экспериментте сынап, жыйынтыктарды алдык.

3-милдет боюнча жогоруда аталган багыттарда эксперименттик тажрыйбалык иштерибизди уюштурдук, Анда Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын негизинде инсандык сапатты калыптандырууну мындан ары өркүндөтүү багыттары, эксперименттик материал катары сунушталып, аны окутуунун технологияларын жанылоо багыттары белгиленди. Учурдун талаптарына жараша сабактын активдуу формаларын сунуштоо, салттуу жана интерактивдуу саактардын мазмунун менен формаларын өркүндөтүүчү сабактардын үлгүлөрү иштелип чыкты жана мектеп мугалимдерине сунушталды. Алардын баары мектеп балдарына инсандык тарбиясын жогорулатууга пайдаланууга болору белгиленди жана алар текшерүү мезгилинде жакшы натыйжаларды берди.

Жүргүзгөн изилдөөбүздө Ч.Айтматовдун чыгармаларынын негизинде инсанды окутуу, калыптандыруу, тарбиялоо маселеси толугу менен чечилди дегенден алыспыз. Себеби коом өзгөргөн сайын улам жаны муун тарбиялоонун жаны талаптарын талап кылары белгилүү. Жаш муундарды инсандык баалуулуктар менен өнүктүрүү, тарбиялоо, калыптандыруу

маселелери мындан ары да иликтене берери шексиз.

**Жогорудагы айтылгандардан улам, төмөнкүдөй илимий методикалык сунуштар даярдалды.**

- Мектептерде Кыргыз адабияты курсуна кошумча окуу программасын өркүндөтүп кайра түзүү.
- Кыргыз адабиятына бөлүнгөн сааттардын көлөмүн көбөйтүү аны окутуунун мазмуну менен формаларын өнүктүрүү
- Ч.Айтматовдун чыгармаларын мазмундук сюжеттик негизде гана үйрөнбөй, инсандык тарбия берүүнүн негизинде идеялык нравалык, моралдык негизде да окуп үйрөнүү.
- Инсандык тарбия берүүчү окуп үйрөнүүнүн жаныча ыкмаларын сунуш кылган методикалык эмгектерди чыгаруу жана мектеп мугалимдерин илимий методикалык колдонмолор менен камсыз кылуу.
- Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык үлгү сапаттар боюнча инновациялык жана салттуу усулдарды айкалыштыруу.
- Ч.Айтматовдун повесттериндеги улгу сапаттарын айырмалап окутуунун каражаттарын иштеп чыгуу.
- Окуу процессинде тарбиялоо жана окутуу моделин иштеп чыгуу.
- Инсандык сапаттарды калыптандыруу үчүн кошумча сабактын тиркемелерин иштеп чыгуу.
- Мектептердеги Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын улгу сапаттарын окутуу багытында методикалык семинарларды уюштуруу менен интеграциялап окутуунун жол-жоболорун,анын моделдерин жайылтуу кажет.
- Окуу планындагы компоненттердин эсебинен кыргыз адабияты предметиндеги Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык сапатты калыптандыруучу үлгү сапаттар боюнча атайын курстарды киргизүү максатка ылайык.

## Пайдаланылган адабияттардын тизмеси


1. Акматалиев. А Каада-салт үрп адат адамдык оң терс сапат [Текст] Акматалиев-Бишкек Бишкек Бийиктик 2002-400б

2. Акматалиев. А .Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. [Текст] Акматалиев. —Бишкек Шам 2000. 348б

3. Алымбеков. А Кыргыз этнопедагогикасы [Текст] А. Алимбеков Бишкек 1995-62бет ]

4. Алымов. Б Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби. [Текст] Б. Алымов-Ф “Мектеп” 1981-219

5. Алымов. Б. Кыргыз адабиятын [1920-1990 ж. ж] мектепте окутуунун илимий методикалык негиздери [Текст] Б. Алымов Ф 1981. 219 б.

6. Апышев. Б. Тарбия жараяны, окуу куралы.[Текст] Б. Апышов Бишкек2008-126 б.

7. Айтматов Ч. Манас атанын ак кар көк музу [Текст] Ч. Айтматов Кыргызстан маданияты 1975 апр

8. Айтматов. Ч Менин мекеним. Китепте биз дүйнөнү өзгөртүрөбүз, Дүйнө бизди өгөртөт. [Текст] Ч. Айтматов Фрунзе 1988-4 б.

9. Айтматов. Ч Плач охотника над пропастью [Текст ] Ч. Айтматов. М. Шаханов Алматы 1996.c -8 .

10. Айтматова. Ч “Гүлсарат” Кыргызстан басмасы Фрунзе 1978

11. Алымов. Б. Муратов. А Кыргыз адабияты 7-класстар үчүн окуу китеби-Б “Мектеп” 1992 Кыргыз адабияты 11-кл үчүн окуу китеби Б 2000

12. Айтматов. Ч 3 томдон турган чыгармалар 2 том Фрунзе “Кыргызстан” 1982. 412-413-б.

13. Абдуллаев. Э Кыргыз фольклорунун тарыхынан. [Текст ] Э. Абдуллаев Фрунзе. Мектеп 1990. -22 б.

14. Абдыкаимова. Адептүүлүккө, маданияттуулукка тарбиялоодогу иш тажрыйбаларым [Текст ]У Абдыкаимова “Эл агартуу” № 5-6. 1994

15. Абдылдаева. Г Ата салтынын сабактары [ Текст ] Г. Абдылдаева.. “Заман Кыргызстан”, 1994.

16. Абдымомунова. Г. А “Манас” эпосунун негизинде жаштарды атуулдукка тарбиялоо [Текст ] автореферат дис. канд.. пед. наук.. 13 00

17. Г. Абдумомунова -Бишкек 2009. -11б.

18. Абдырасулова. Э. Ч. Айтматовдун чыгармаларын 5-7-класстарда окутуунун илимий -методикалык негиздери. [Текст]Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын авторефераты. 1300 02/ Э. Абдырасулова. -Бишкек2007-20-б.

19. Адабият теориясы [Текст] Ж. Шериев. А. Муратов-Бишкек 2004-178 б.

20. Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун айрым маселелери [Текст] Б. Алымов. -Фрунзе: Мектеп, 1976-28 б.

21. Алимбеков А Кыргыз эл педагогикасы. : изденүүлөр, табылгалар, [Текст] А Алимбеков. Бишкек 1998. -54 б.

22. Абдураимова З Мугалим, сабак сынчыл ойлом стратегиясы.

23.Акматов К. Окуучулардын адеп-ахлактык түшүнүктөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары. [Адеп жана кыргыз адабияты сабактарынын мисалында] [Текст] пед. Илим. канд: дисс: автореф. 1300 01. / К. Акматов. Бишкек, 2011. -22б.

24.Аманошвили Ш. А. Личностно-гуманная основа педагогического процесса [Текст] Ш. А. Амонашвили. -М:1990.

25. Анисимов С. Ф. Морал и поведение [Текст]/С Ф Анисимов С Ф -Мысль, 1979-142с.

26. Айдарова М Педагогикалык маданият. - Б 2012

27. Апышев. Б тарбия назарияты. Ош -1996

28. Асипова, Н. Билим фиософиясы жана тарыхы. : Окуу китеби. [Текст]. Асипова Бишкек, 2010. -240 б.

29. Абдухамидова Б. жылдын мыкты мугалимдери жана мыкты сабактар.

[кыргыз тили адабияты мугалимдери үчүн методикалык колдонмо. Бишкек 2013].

30. Артыкбаев К Талаптан артта калбайлы // Кыргызстан маданияты 1969

31. Артыкбаев К Алымов Б Адабиятты окутуунун кечиктирилгис маселелери / Кыргызстан маданияты 1979 15 04.

32. Артыкбаев К, Асаналиев К Баайгазиев С. 11-класстар үчүн окуу китеби. Бишкек. Билим. Компютер 2007. —336 бет. А Акматалиев улуу асыл идеялар
“ Манаста “ жана Айтматовдо. Б: Турар. 2010

33. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы -Б, 1996, 41 б.

34. Асаналиев К  көркөм нарк Фрунзе 1988 46 стр

35. Акматалиев А. Аалам адам жана Жаабарс Бишкек 2006ж

36. Асаналиев К., Айтматов Ч. Кыямат Фрунзе 1988

37. Асаналиев К., Айтматов Ч. Кечээ жана бүгүн. Бишкек 1995.

38. Айтматов Ч “Ранние журавли “ М “Молодая гвардия“ 1978

39. Айтматов Ч. Собрание сочинений, т-2 М “Молодая гвардия“, 1983 с сб- 114

40. Айтматов Ч. Плаха, роман, м. ”Молодая гвардия”1987.

41. Айтматов Ч. Тоолор кулаганда Ч. Айтматов котормо Б. Садыкова Ж. Жакыпова Б, 2011. 191б.

42. Айтматов Ч Жаабарс, /Тоолор кулаганда / роман. \Ч Айтматов которгон Б Пазылов-Б Турар. 2010, -233б

43. Айтматов Ч чыгарманын сегиз томдук жыйнагы түзгөн А Акматалиев басма. Б.2009 , 22стр. Том 5 :роман, ангеме 2009-5004б

44. Айтматов Ч чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы түзгөн,- А Акматалиев /-2-б Бишкек 2009.

45. Айтматов Ч чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы /Түзгөн А Акматалиев/Б Бийиктик, 2009 - 22стр. Т 3. Ангемелер, повесттер, 2009 48стр. Мазмуну Атадан калган туяк, Ак кеме, Эрте келген турналар.

46. Айтматов Ч. чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы / Ч айтматов Бийиктик 2008.. Том 1 А Акматалиев. Б Бийиктик 2008. 385стр. /руханият китепканасы /

47. Айтматов Ч сегиз томдук жыйнак / түзгөн А Акматалиев, Б Б 2008. Том

- Ангемелер, повесттер, драмалар. 2008-48стр.

